С кырг
М 22

ШАКЕН МАМБЕТАИПОВА

# Көл боюна жүз келем



Скыр
М22

Шакен МАМБЕТАИПОВА

М22

# КӨЛ БОЮНА ЖҮЗ КЕЛЕМ

*Тандалмалар*

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 477 700

Токтогул Сатылганов атындагы

«Бийиктик»
Бишкек – 2007

УДК 82/821
ББК 84 Ки 7-5
М 22

Мамбетаипова Шакен.
М 22 Көл боюна жүз келем. Тандалмалар. – Б.: Бийиктик, 2007. – 216 б.

ISBN 978-9967-13-254-2

Бул жыйнакка акындын мурда жарык көргөн жана элге билине элек тандалма ырлары кирди.

М 4702300200-07
ISBN 978-9967-13-254-2

УДК 82/821
ББК 84 Ки 7-5
© Мамбетаипова Ш., 2007





*__ШАКЕН МАМБЕТАИПОВА__ – Кыргыз Республикасынын Эл сүрөтчүсү жана акын, кыргыз аялдарынан чыккан алгачкы сүрөтчү-прикладник.1936-жылы Ысыккөл областынын Тоң районунун Тууратам айылында туулган.*

*Эмгек жолун 1960-жылы Кыргыз ССРинин Сүрөтчүлөр союзунун Көркөм фондунда саймачылык кызматта иштөөдөн баштаган. 1966-жылы С. А. Чуйков атындагы сүрөтчүлөр окуу жайына кабыл алынып, аны 1970-жылы аяктаган.*

*Ал 1968-жылдан бери Кыргыз ССРинин Жеңил өнөр жай министрлигинде иштеген жылдардан баштап дүйнөлүк жана Бүткүл союздук көргөзмөлөргө активдүү катышкандыгы үчүн 1971-жылы СССР Сүрөтчүлөр союзуна кабыл алынган. Ш. Мамбетаипованын 1968-жылы Болгарияда, 1973-жылы Польшада, 1976-жылы Германия Демократиялык Республикасында өткөн көргөзмөлөргө катышкандыгы үчүн 1975-жылы «Кыргыз ССРинин маданиятына эмгек сиңирген ишмер» деген ардактуу наам ыйгарылган. Андан соңку жылдары элибиздин жасалга-колдонмо өнөрүн сапаттык жаңы баскычка которгону үчүн 1992-жылы «Кыргыз Республикасынын Эл сүрөтчүсү» деген ардактуу наамга жеткен.*

*Анын иштери Бишкектеги, Москвадагы, Измирдеги, Монреалдагы, Санкт-Петербургдагы, Бельгиядагы, Париждеги, Львовдогу, Хельсинкидеги ж. б. көргөзмөлөргө коюлган.*

*Ш. Мамбетаипова сүрөтчүлүк өнөрү менен катар акындыкты да кошо ала жүргөндүктөн, «Кыргыз пейили», «Ырлар», «Байыркы жылдыздар», «Улуу тоолор», «Оюмдагы обондор» деген ыр жыйнактарын чыгарууга жетишкен. 1988-жылы Кыргызстан жазуучулар союзуна кабыл алынган. Сүрөтчү жана акын Шакен Мамбетаипова 1995-жылы 57 жашында кайтыш болгон.*





## КЫРГЫЗ КЫЗЫ

Сүйүү болсо сүрөтчүнүн дилинде
Сүйлөйт сүрөт бардык элдин тилинде.
... Талант болсо акындардын дилинде
Таңшыйт ыры бардык элдин тилинде.

*Ш. Мамбетаипова*

Ар бир адам – айтылып болгус сыр, ачылып бүтпөс табышмак. Акыры сыр-табышмагы өз башы менен кетээр. Эми ошол «акыркысына» чейин адам эмне болгон адам, неткен жашоо өтөдү, кандай из калтырды артына? Мунун жообу – эл ичинде, өмүр өтөлгөсүндө, калтырган мурасында. Адамдын өмүрүн, ишин баалоодо ар кандай чен-өлчөмдөрболоор, ошентсе да баарыга тиешелүү, уңгулуу бир талаптардын да бар экени чын. Ал – Эл жана Адам, Мезгил жана Тагдыр маселеси. Элдин сынынан, мезгилдин талабынан ар ким эле дадил өтө бербейт. Жеке дараметтен артылып жалпынын кудуретине өскөн жан – элдин тагдырына өзөктөшкөн жан. Мындай адамды, адатта, артына үлгү-сабак калтырган деп айтышат. Сыймык менен!

Шакен эже мына ошондой байымдуу жан болгон. Анткени ал жеке тагдыры менен жалпы элди, тагыраак айтканда кыргызды дагы бир аз, бир аз кыргызыраак... кыргызыраак кылып кеткен тунук кыздарынын бири эле. Кыргыз да, кыргызчыл да!

Кош канаты бирдей шилтенген акындык да, сүрөтчүлүк да өнөрүндө! Анын алтымышка чыкпай кеткен өмүрүнүн бир кезеңинде мен да ал киши менен азыноолак тааныш болдум. Чыгармачыл баарлашууларды баштан кечирдик. Демек, Эжей тууралуу бирин-экин сөз кылсак, бул, сырттай кишинин тоң байкоосу эмес, аралаш жүргөн адамдын ичтен сызылган байымы-баамы болмок.

80-жылдардын ортосунда кыргыз сыналгысында иштеп, элдик уз-усталар жана профессионал сүрөтчүлөрдүн чыгармачыл бейнесине арналган көрсөтүүлөрдү даярдап жүрдүм. Эже «Кыял» бирикмесинде жетектөөчү адис эле. Ошондо калк ичиндеги качантан берки салттуу узчулуктун учугун жоготпой, аяр карманып келатышкан акыркы могикандар менен бирге ал өнөрдү жаңы, «алтымышынчы» аталган замандын ыргагына шай жууруп өнүктүрүп кеткен Жеңилдик Аралбаева, Нурай Асановалар баш сабында турган сүрөтчү-уздардын бир мууну активдүү узданып жатышкан учур эле. Албетте, алардын көч башында болуп, ошол кыркаарды шандап да, шаанисин арттырып да турган көзгө басаар адис сүрөткер - Шакен Мамбетаипова болчу. Биринчи эле чыгармалары ошол 60-жылдардын ичинде эле кыргыздын «Төө жетелеген кызындай» дүйнө көргөзмөлөрүн кыдырып кеткен.

Сүрөтчү демекчи, кыргыз профессионал сүрөт өнөрүнүн башатында турган, кыргыз зилин, дилин торгой таңшыган эсил Чуйковдун керемет полотнолорунун бири – «Таң». Анда жайлоонун мөлтүр таңы, дене ичиркенткен кашка суу, суу кечкен чыт курсак жылаңач бала, жана Жаңы Күнгө колун серепчилей берген аял. Ооба, шаң-салтанаты келишкен, бүт тулкусунан кыргыздын касиети, мээри-куту төгүлгөн аял, эне!





Эгерде анын – Чуйковдун – «Кара Мадоннасын» бүткүл үмүткөр Индиянын, «Советтик Кыргызстандын кызын» жаңыга умтулган мүлдө кыргыз кызынын символундай түшүнсөк, ал эми «Таңдагы» иненин образы кыргыз аялынын тазалыгынын, бийиктигинин, сүйүүсүнүн, мээриминин жана энеликтин улуу элесиндей көрүнөт.

Кечээги 70-80-жылдары мурдагы зор державанын улут саясатына кыйла эле доо кетип, «жаңы совет адамынын тиби» деген ураан алдында саны аз улуттарды орусташтыруу саясаты тымызын, активдүү күч алып турган кездери жеке чыгармачылыгында улуттук өнөрдү сактоо, өстүрүү ишине башын сайып, өнтөлөй киришкен анын жеке борумунда калбаат жүрүш-турушу, коңур мүнөзү, саал бир жагына оой тарап, аркасына түйүлгөн дүйүм чачы, сулууча тору өңү, үстүндөгү жеңил белдемчи, жарашык саймалуу улуттук бешмантынан өйдө башкалардан бөлүнгөн шаң-сөөлөтү башкача эле, ошол мезгил агымына каршы ыргытылган улут жанынын бунт-каяшасындай эле. Мен андан, келечектен, өнө боюнан кут төгүлгөн балпайган кыргыз көөлгү байбичесинин элесин көрөр элем. Кыргыз Чоң Эненин нукуралыгын таанычр элем. Аттиң, ал ошол мен ойлогон курак-жашына, мен элестеткен умай образына жетпей калды. Алтымышка чыкпай арабыздан бөлүндү.

Менин колумда – эженин тандалмалары. Ободогу максатым – китептин маани-маңызы, кыргыз поэзиясындагы орду, автордун теги-жайы тууралуу дүң ишааратан окурман журтуна сунуштап коюу

эле. Ырасында чыгарма тууралуу, тѳтѳн, поэзия тууралуу ар бир окурмандын ѳз ою, кабылдоосу болот. Ага сен ѳз кѳз карашыңды чыгарма чыга электе эле маалымдап турушуң – кээ бирлерге ѳзүңдү кандайдыр таңуулап жаткандай да туюлушу мүмкүн. Анткени, биринчиден дегеле 50-жылдардын аягы, 60-жылдардын башында адабиятка бир мезгилде киришкен аялдардын поэзиясы бири-бирине салыштырмалуу алиге анык баасын ала элек. Системдүү иликтѳѳгѳ илине элек. Озунуп-теминип сыйлык алып кетишкендердин ысымы кѳп учурда ѳзүнѳн соңкулардын жолун бууп, кѳлѳкѳлѳп-кѳшѳгѳлѳп туруп алган жайы бар.

Экинчиден, ачык делбесе, айтылбаса да Ш. Мамбетаипова, Ж. Аралбаева сыяктуу аралаш кесипти аркалап кетишкен акын аялдардын поэзиясына кандайдыр ѳгѳйлѳѳ, жалаң адабият (муну таптаза же профессионал адабият деп түшүнүшѳт) менен алпурушпаган сырттагы адамдар сыяк мамиле сакталат.

Үчүнчүдѳн, жулунуп-булунуп жүрүшүп кѳзү тирүүлѳр алып-жулуп жатышкан сый-шыбагалардан кѳзү ѳтүп кеткендер куру калышат. Ал эми алардын мурасында айтаар, дээр, чындап сыйлаар ѳзгѳчѳлүктѳр, жетишкендиктер жок эмес, а кээсинде кыйла дагы. Ошонун бири – ушул «тандалмалар». Андыктан арбакты сыйлап, экинчи чети китепти колуна алган орто окурманга анын бу саам кандай сүрѳткер менен иши чыкканын кабардар кылып, алгы сѳздү саал кеңите айтмакчыбыз.

Бул китептеги бир катар ырлар мурда жарык кѳргѳн. Бирок негизи – жаңы, мурун жарыялана элек ырлар. «Жаңы» дегенди деле биерде шарттуу





түрдѳ түшүнүш керек. Анткени эже арада бир катар жылдар бою ыр жазганды таштап койгон. Уулу Жыргалбек колуна калем кармап чыккандан баштап. Бул да бир ѳзүнчѳ кыргызчылык элдик мүнѳз. Соңунда бирѳѳ, же инилери, же балдары атанын же эненин изин басып иш кылып чыкса, анын табышын кыраакы аңдышкан улуулар «кой, кичүүдѳн жол талашамбы» деп акырын четтеп артына жол ачып коет, астейдил. Бул – эл улуулугунун бир учкуну. Эже да кезинде ошентип калем кармабай койгон. Бирок, кийинче, ден соолуктан азып, оору жанын акырындап кыйнап баштагандан тарта кайрадан эрксиз калемин кармаган. Аппак кагаз менен ак дилинен сырдашып, муңдашып... Айтса, анын жан түйшѳлткѳн не бир күчтүү чыгармалары дал ошол кездери жазылыптыр.

Адатта, акынды ал кандайдыр күчтүү таасирди баштан кечиргенде тереңинен кайрадан «жарылат» деп коюшат. Чындыгы бар кеп. Акындын кыйла ырлары, тѳтѳн «Жалгыз терек» бѳлүмүндѳгү ырлары ошондой. Акын биерде ѳзгѳчѳ кырында терең ачылган. Жана биерде – дарт азабы гана эмес, жалпы эле жеке жазмышы, согуш кезиндеги балалык, соңку оош-кыйыш турмуш, түркүн-түркүн тагдырлар менен бетме-бет кагылыш, табылыш ж.б. ж.б. темалардагы жан толгоосу күч. Мындай ырларын кѳздѳн сыдырып отуруп акын жашоо үчүн жандалбас күрѳшүп жаткан кездеринде (сѳздүн түптүз ден соолук маанисинде) эле эмес, жалпы эле турмуштагы максаты үчүн, андагы ѳз ордун табыш үчүн, элге ак кызмат кылыш үчүн, аруу сүйүү үчүн тынымсыз күрѳшүп жашап келгенин туябыз. Башкача айтканда ал ар кыл темадагы ырларында да

өз-өзүнчө «жарылып» ачылган. Бул анын өз ырларын «жасабагандыгынын», турмушта дал ошол ой, сезим, үмүт, санаа, сүйүүлөрдө нак жашагандыгынын күбөсү, натыйжасы. Ушул өңүттө бүтүндөй бир бөлүмгө ат берген, атадан балага керээз келген Жалгыз терек тууралуу ыр символдуу.

... Самап келем, алыстан, самап келем,
Сагынычым таркабай карап келем.
Аталардын калтырган эстелиги
Балдары үчүн чоң медер, канат белем.

Мен өлсөм да күн бүтүп жаза тайып,
Сен өсө бер, терегим, бутак жайып.
Экөөбүз тең жок болсок бул дүйнөдө
Аты өчпөйбү атамдын Мамбетайып.

Акындын бүткүл өмүрү мына ушул шам жанган Терек-Символдун, башкача айтканда Жашоонун кадырына жетүү. Өлбөс-өчпөс, түбөлүктүү, миң кыл балбан турмуштун өзөгүнө өтүү. Анын бул аракети – жемиштүү.

Билебиз, 60-жылдардын баш ченинен тарта адамдын космоско суурулуп чыгышы менен жер кишенин тамам кыйратып кеткендей, бизде эле эмес, бир Союз алкагында адабияттын, искусствонун бир салаасы жаңырыктап, жаңылык таап жаткан бир ургаал учур келди. Чын да, жалган да новаторлор саат санап туулду, күн санап күчөп турду. Ошондой бул жаңычылдыктын бир радикал канаты дегеле «элдик», «салттуулук», «демейкилик» деген түшүнүктөрдү жетээр жерине чейин жеригенге да үлгүрдү. Ошол эле учурда өктөм жаңычылдыкка





өткөндүн сабагын жууруп, тарыхый, философиялык, эстетикалык планда эптүү кыйыштырып келечекке алып өтүү аракети да ийги жүрдү. Анын жемиши кинодо М. Убукеев менен Т. Океевдин «Тайгак кечүү», «Булар - жылкылар», «Биздин балалыктын асманы» фильмдери, профессионал сүрөт өнөрүндө - Б. Жумабаевдин, Ж. Үмөтовдун эпикалык чыгармалары, эпикалык композициялары, адабиятта – К. Жусуповдун, М. Гапаровдун жаңычылдыгы, улуттук колоритке карк аңгеме, повесттери, О. Султановдун, Ж. Мамытовдун, С. Тургунбаевдин жайдары ыр, поэмалары болду.

Адабият, искусство айдыңындагы жогорудагыдай күрдөөл өзгөрүштөрдүн күр-шарына анча тартылбай, ошол эле кезде мезгил деминен да артта калбай эзелки традициялуу эле нугунан агылып, бирок тереңинде жаңычыл оргуп жаңырып жаткан жаш поэзия да бар эле ошондо. Анын айкын үлгүсү, ириде, санжыргалуу ырдын сандыгын жаңырткан, саябалуу Турар Кожомбердиевдин поэзиясы эле. Шакен Мамбетаипова да ушул класстагы акындардан болчу (сүрөт өнөрүндөгү иши саал өзгөчөрөөк жолдо, ал тууралуу сөз кийин). Анын поэзиясында улуттук мүнөз, улуттук боек, улуттук картина, улуттук ой жүгүртүү ыңгайы (тип мышления), кыскасы, кыргыз табияты ушунча мөлт тунуп тураар эле, ыр боюнда карк сыяр эле. Ал табият сырттан танууланбаган, ырдын өзүнүн өзөгүнөн өзөлөнүп тебилип чыккан касиет эле. Андай ырлар жазылыш үчүн автордун тим эле «кыргыз болуп төрөлүп калышы» аз, ар клеткасында агылган миң-миллион жылдардын өз тереңиндеги жаңырган дүбүртүн «дирт!» туюш керек. Кыскасы, «жылаңач кыргыз акын»

болуп Табият-Энеден туулуш керек. Бир аз мисалдайын.

Сабаа тууралуу ыр:

Жайдары, күйөөсүнө көзүн кысып,
Жаш келин күрпүлдөтө сабаа бышып,
Жылаажын күлкү кошуп сунган кымыз
Жыргатат, жылкычынын дили кызып.

... Ак гүлдөй назик келин сөзү сылык,
Ал бышкан сабаасынан дүбүрт чыгып,
Жылкычы кыялында айдап барат
Жылкысы түрмөктөлүп таскак уруп.

*(«Сабаа»)*

Түнкү кыял:

Ай нурун бойго сиңирип,
Ак чөлмөк ойноп жүгүрүп,
Ширелип бассаң шиберден
Жөргөмүш шыр-шыр күбүлүп...

Болбосо, аруу бүткөн бака-шака алайлык кыргыз табиятын алдыңа мындайча тартат:

Аскадай үнү бийик,
Ар сөзү булут чийип,
Үйүндө сүйлөп атса,
Үркүптүр тоодо кийик.

Ушундай бир эпика! Улуу кыргыз чабыт. «Эпика» демекчи, бул да анык кыргыз табияты. Лирикасы эпикалуу ачылат, эпикасы лирикалуу жаңырат.





Кыя жолу сонун моймолжуп,
Кыргыз узу шырдак ойгонсуп,
Кызык жерден жолду салыптыр,
Кыз кулагын көзөп койгонсуп.

Бул, Төө Ашуу тууралуу ырдан жылт мисал. Кыргыз оюм-чийиминин түпкү теги – «Аркар мүйүз» оролмо жол. Табияттын кебелгис зор эпикалуу картинасына секелек назиктин уяң-морт образы ассоциатив лирикалуу кынала түшөт. Куп да, жуп да! Муну кыргыз гана көрөт! Минтип кыргыз гана айтат! Жана бул, тек, сырткы окшош картина, жаки кынай ачылган образ гана эмес, түбүндө - дүйнөкөрүм, дүйнөтаанымдык касиетке ээ. Айталы, башка кыйла элдердин, анын ичинде дүйнөлүк шедеврлерди жараткан элдердин үлгү дээрлик поэзиясында дүйнө негизинен бир тегизде көрүнөт, жалаңтык ачылат. Ал эми көчмөн дүйнө кабылдоосунда, эсеби, фолькор-ык аталган бөлүмүндө андай жалаңтык маани-мазмун жок. Анын тегизи шырдактын бетиндей – астын-үстүн деңгээл, кабат-катмарлуу, же тереңдел-мейкиндүү. Мында эки дүйнө Сырт менен Ич дамамат илинчек кетет, жанаша ырдалат. Эки Чет - Чек бир жуурулушуп турат. Ортосунан оргуп Чындык чыгат. Унгуюл! Кыргыз дүйнөтаанымы ушул уюлда уюган. Салт-санаасы, адеби, туугандык катышы, аруу буюм-тайымы, оюм-чийими, дагы ушул сыяктуулар. Кыргыз баласы, мейли, өзү ачык билсин-билбесин, мейли, өзү айкын ойлосун-ойлобосун, ал дамамат ушул тереңги Эстин эркинде (Батыш илими муну «бессознательное» деп өзүнө карай туура, бизге натуура түшүнүктө терминдеп салган, бул башка сөз). Тек, ал тереңдиктин бири-

бизде ачык, бирибизде күңүрт жаңырганы, башка кеп. Ушул ыңгайда эженин дагы бир ырын мисалдай кетсек эп. Ыр «Нарын таңы» деп аталат.

Өмүрлөргө да бир күндү энчилеп,
Өргөөлөрдөн түндүк жабуу серпилет.
Койчу келин күн чыгаарда уктаган
Коңур чачы таңкы желге желпинет.

Күнгө тосуп күндөй жарык кабагын,
Күлөт бөбөк, таштай коюп мамагын.
Шашылгансып күндү көрүп кызыл гүл
Шарт ачылат бажырайтып чанагын.

Күнү бою тыныктырбай сапарын,
Кечке тарткан кой баштоонун азабын,
Кара серке сунган бутун жыя албай
Кепшеп жатат силкилдетип сакалын.

Ыр ушинтип кыргызча гана ачылаар (объект), кыргыз гана тааныыр (субъект) керемет картинадай көз алдыңдан бирден убай-чубай берет, кайталангыс, таасын! Тирүүлүктүн миң бир түрлүү таңкы мээрбан түйшүгү, сулуулугу! Ошонун баарын бирден чубуртуп алган соң, акын соңунда:

Күмүш жүзү күн нуруна чагылып,
Күркүрөсө колот бүтүн жаңырып,
Күн-түнүнө бирдей карап Нарын суу
Күркүрөөдө бир калыпта агылып, –

деп ырга нокот коет. Биз бая өзүбүзгө билинип да, билинбей тереңибизде бир үңгүйүл чөккөн





деген сөзүбүзгө бир жандырмак ушерде. Ыр бир карасаң өтө жөнөкөй, жупуну, демейки деп айтаарлык. Метафора, образ, курч салыштыруу, адаттан тыш ассоциация ж. б. дегендеринден тыш. Бирок мында – Чексиздиктин фонунда чектелген (сыяк) турмуш, Түбөлүктүүлүктүн фонунда утурумдук (сыяк) мазмун бири-бирине куп-жуп айкалышта турат, тунат. Же, тескерисинче, биерде тынымсыз бир түрдөн экинчи түргө агылып жаткан жандуу турмуштун жанындагы бир калыптагы улуу Нарын дайранын өзү тынып, тымып, акпай токтоп калгандай көрүнөт. Мындайга даос даанышманы: мазмунда түрү, түрүндө мазмуну дээр эле. Бая «акындын табияты – кыргыздын табияты» дегенибиз ошо. Тек, тааныш керек аны!..

Кадыресе эле турмуштук көрүнүштөрдөн күтүүсүз жыйынтыктарга, лирикалык маанайдан философиялык чабытка өсүп кеткен мындай мүнөздөгү ырларга «Барскоон», «Чоң эне», «Троллейбус», «Ордендүү эне», «Ысып кеттим», «Сезим ыргагы» сыяк ж. б. ырларды кошууга болот.

Жыйнактагы басым орун алган ырлар – арзуу лирикасы. Бул темадагы ырларында да акын биринчи иретте улуттук акын катары ачылат. Аларда – табияттай таза, элкин, тунук, бирок албууту ичке баткан кыз аярлык, турмуштай токтоо, коңур, бирок өрт деми сыртка тепкен аял сабырлык касиет карк. Бул дагы кыргыз мүнөзү, кыргыз тарбиясы, кыргыз табияты. Кыргыз кыз заты гана ырдай алмак!

... Көңүл от дүрт этип,
Көшөгө бүлк этип,

Эшикке кыз чыгат,
Эргилчек кыйч этип.

... Кыз карап алыска,
Кулагы дабышта.
Кемпирин ойготот,
Чакча издеп абышка.

... Тулпардын туягы,
Жаңыртат кыяны.
Күңкүлдөйт Кумайык,
Дабышты туябы?

Каралап ишине
Кечиксе кичине
Чоектойт селки жан,
Чок түшүп ичине.

Ай нурун чайынып,
Алп кучак жайылып,
Шыбыштар башталат
Ширелүү жалынып.

Карагай – көлөкө,
Көрсөтпөй бөлөккө,
Бакытка малынган
Бал сүйүү, өрөпкөө...

*(«Түнкү жайлоо»)*

Эскен желдей гана бир шоокумдап ойноп өткөн бул ырга эч нерсе дей албайсың. Эч сөз кошо албайсың. Кыргыз турмушунун түбөлүктүү картинасы, кебелгис колорити! Анын бу жаштык саамын, тек,





окуш гана керек – жайлоодогу жаштыгыңдын асманына бир кайрылып барып. Жашаш керек аны, кайрадан! Түн жымжырттыгын бир гана кош аргымактын «күрт-күрт» жал чайнашканы бузган жылкычы шобуртка термеле:

Эки күлүк айкалыша байлашып,
Ээрип жалдан алым сабак аймашып,
Тоо койнунан серпип парча түндөрдү
Таңды тосуп, таң булбулун сайратып...

*(«Сен экөөбүз»)*

Чыныгы поэзия, дегеле жалганды, жасалмалуулукту көтөрө албасы маалым. Ал эми арзуу ырлары андан бетер. Ал бар, же жок. Арабөктүк жат ага. Кызытылбаган кылыч, жетээр жеринде кыйкыртып жоо чапмакпы да кыл моюнду кесмекпи? Тескерисинче, чыныгы ашыглык чыракка урунган парандадай. Ал сүйүүнүн жыргалын да канаты күйүп, жүрөгү түтөп болгончо ырдайт, азабын да санаты түтүп, тилеги бүтүп соолгончо муңдайт.

Ал, сүйүү – бар! Акын сүйүү ырларында – изги! Анда табышуунун балладасы да, айрылуунун реквиеми да бая айтылган Чет-Чектен жаңырат.

Тиктеп кал, кызыл гүлдөй ачылайын,
Терип кал, бермет болуп чачылайын.
Көрүп кал, бул жашоонун сулуулугун,
Керемет кең дүйнөдөй чачырайын.

*(«Кадырын билген болсоң»)*

Сен каухарсың, шакегиме буюрбас,
Сен шарапсың, чөйчөк сунсам куюлбас.

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
ИНВ № 1177700
2–71



Токтогул Сатылганов атындагы ... китепкана

Жан дилимде мукам күүсүң керемет,
Жалгыз менден башка жанга туюлбас.

*(«Сен»)*

Акындын сүйүү ырлары бир кылка, тегиз, чың, деңгээли бийик. Жогорто айтылган эки Чет-Чектен улаан жаңырат да утур зыргышат, Орто беттеп! «Орто» дегеним, бул да кыргыз табияты. Кыргыз сабырынан, кыргыз салмагынан танбай-жанбай ташталган саптар. Коңур. Турмуш сабагына карк. Акын арзуусун кай бирде каймана, ишаара кылып, билмексен, алдыртан, ал тургай көз көргөндүн баарына чачыла бергендей кайдыгер предметтүү жылдырып коет, бирок жанарын ичке жагып!

Эсеби, «Сезим ыргагы» деген ырын ал. Мында – Сезимдин жайлоосунан кыялый гүлдөр терген кыргыздын бир селки абалы. Бул толукшуган нур жайлоодо: көпөлөккө өбүлгөн көркөмү башка гүл, саратан сайран, капыстан Күн менен кучакташып аска учуна илине берген булут, эндиксиз албырган түркүн жайык, кайдандыр күрсүлдөгөн дөбөт үнүнө элейе калган ээндик, ак элечекчен тоолор, кыскасы баары, баары бар. Улуу Жымжырттыктын боюнда ушунча таасын тартылган улангайыр дүйнө туру. Ошонун баарын көз алдыга элестүү, предметтүү тарта келип ыр соңун автор мындайча бүтүрөт:

Шоокумдуу кулун үнү кишенеген
Шыңгырап музыканын изи менен
Баратат, наркы тоонун кыясында
Боз бээчен сапар тарткан киши менен.





Сөөлөттүү көркөмүнө канат болуп
Сулуулук, музыка экөө эгиз белем.

Аба тынч, чөптүн башы үлп этпеген,
Айлана көшүлүүдөн бүлк этпеген.
... Чоп этип сен бетимден өпкөн кезде
Чочуйм да мен өзүмө анан келем.
Баятан бакыт берген бал сезимдин
Баса дейм! Себепчиси өзүң белем!

Кандай кутуусуз жыйынтык! Билги коюлган нокот. Жетээр жерине жете иштелген лирикалык дүйнө-образ. Көрсө баятан бери көз алдыбыздан жылжып аккан жылаажын дүйнөнүн соңунан нурландырган-сырландырган сыйкыр ээси бир гана Сен экенсиң, Жарыгым! Сен! Жан-Жаратылышка дем бүткөн, тамырына кан таралган, Сен, ашыгым! Биз бая «Нарын таңы» ырын мисалдаганда улуулуктун фонундагы утурумдук, жаки, утурумдуктун өзү аягы-башы ийрилип улуулукка куярын учкай айткан элек. Биерде да ошондогу абал. Мындай ырлар акын каламына мүнөздүү. Ырды жумгактап, бүткүл ички маңызынан чыга жыйып жыйынтыктоонун, аны жаңы деңгээлге аргытып алып чыгуунун жайын жакшы билет автор. Арийне, ар кандай эле ыр жыйынтык зарылдабайт, тескерисинче, «жыйынтыксыз» жыйылбай калган, чылк манасталып агылып тураар да ыр табияты болот. Акылдын да, сезимдин ченемин кылдат карманган акындын мамилеси мындайда, ар бир учурга өзгөчөлүү.

Арзуу темасындагы ырларга баабызды аяктап жатып, бая-бая жаштыктагы жанга ынак байлоо-

лошкон кошаргымак эми бүлбүл закымга айлана баштагандай бир ырга саал тына өткүбүз бар.

Жашыл жайлоо. Күз келиши күтүлбөйт.
Жалама зоо. Шаркыратма күпүлдөйт.
Эки күлүк айкалыша жал кашып,
Эмнегедир сенден үмүт үзүлбөйт.

Өмүр өттү. Калды жарты-жарымы.
Өң өзгөрүп, гүлүн күбүп карыды.
Өзүң гана тутандырган бир кезде,
Өчөөр эмес жүрөгүмдүн жалыны.

Ал – махабат кыйгач басып өтпөгөн,
Алоолонтуп сезимимди өрттөгөн.
Кызыл жалын – Күнгө өптүргөн кызыл гүл,
Кыялымдан өмүр бою өчпөгөн.

*(«Элес»)*

Бул, сүйүүгө ыргакталган баллада, мактал! Жылкы жыт, кыргызчыл, кыргыздын сүйүүгө түбөлүктүү мамилеси ушунда бир аяр ачылган, өмүр өрлөп барган кездеги басмырт, коңур, а бирок жанары ичте буккан, кудум кызыл гүлдүн толтосунда орноп калган тегерек Күндөй! Бул акындын бир кез баштан кечирген бактылуу да, кейиштүү да сүйүүсүнө керт мамилеси аныкталган апофеоз! Ак саамай акын аялдын...

Китептеги бир катар мыкты ырлар «Адам сыры», «Табият табышмагы» жана айрыкча «Жалгыз терек» бөлүмдөрүндө жыш. Буларда автордун жеке тагдыры, турмуштук философиясы, өмүр, өлүм, ден соолук, адалдык, адамдык, керт пенде-





лик жана элдик, күнүмдүк жана түбөлүктүүлүк маселелери тике коюлган, түз жооп айтылган, жашырбай ачык ырдалган. Алыкулдун: «Турмушта миң мертебе калп айтсам да, ырыма бир мертебе калп айта албайм» деген ыйманы Шакен эженин да акындык жазмышына тиешелүү. Шакен эженин бул багыттагы ырларын сыдыра отуруп, секелектен турмуш сабагы ээктен сүйөп жетилдирген, соңунда акыл-сабырга тунган эне-адамдын салмактуу образын көрөсүң.

Ар кимдин иши эл менен,
Алсырайт ага көнбөгөн.
Өзү эле элге ширелет,
Өсүүчү адам дембе-дем.

Бул ыр жөнөкөй, ал турсун ылгый жөпжөнөкөй дээрлик! Бирок мында турмуштун көзү жатат. Бул чындык эл тагдырына кенедей кезинен эриштелген эжеге ошол ысык-суук турмуштун как өзүнөн келген, автобиографиялуу! «Автобиографиялуу» демекчи, дагы бир ыр:

Эл ишенсе – ишеничин актадым.
Эл сыйласа көтөрүлүп баспадым.
Жөнөкөйлүк мээримимден адашпай,
Жорголорчо жүрүшүмдөн жазбадым.

Көрө албастар сүйлөй берди билгенин.
Каяша айтып жаман жолго кирбедим.
Ичим күйүп тилим менен тилдебей,
Илгери өсүп, ишим менен тилдедим.

Эжени жакындан билген адамдар бул ырдан анын ички автопортретин жазбай таанийт.

Адам бирөөгө акыл айтаардан мурун өзү жетилиши керек. Орустун бир ойчулунун: «Мои мысли созрели. А я сам?» деп терең ойго түрткөн суроолуу сөзү бар. Адамдын акыл-ою, ар кандай идеясы жетилиши мүмкүн. А бирок ошонун баарын эле ал өзү күндөлүк тирлигинде тутунуп, жетекчиликке алып жашайбы? Бул – чоң суроо. Адам качан гана аны өзү тутунуп жашап калганында ошондо сөзүнө чындап салмак бүтөт, күчү артылып, кут уюйт. Анткени сөз – бул саам эми мурдагыдай эс, сезим, баштан, мейли жүрөк кошулсун, жаркылдап-жаңшап айтыла бербейт. Турмуштун сабагы менен байыган болот, ал демек, акылга-сабырга тунган. Бул сөз – таасирдүү, куттуу. Мындайда акындын тилинде эми нак турмуш сүйлөйт, көкүрөк көйүндө турмуш өзү күүлөйт. Бул сөз – Шакен эженин акындык тагдырына түз тиешелүү. Анын жашоо, турмуш, өмүр, өлүм өңүтүндөгү чыгармалары - ички, жекече, терең ой толгоолордун жемиши. Элдин тагдырына, мезгилдин демине, турмуштун өзөгүнө өскөн, турмуштай басмырт, жөнөкөй, бирок балбан, терең.

Сүйгөнүң сыр түйүнүн билип турса,
Сөзүнөн кыр чыгарбай кулуп турса,
Айттырбай акылында болгон ойду
Алдыртан көңүлүнө түйүп турса.

Үйүңө эң сүйүктүү досуң консо,
Берүүгө аш-тамагың белен болсо,





Тирүүдө андан артык жыргал барбы,
Түйүндүү сырды чечип көңүл толсо?

Күн кечке күлө багып ишиңди иштеп,
Киргилсиз ак сүйүүнүн жытын искеп,
Жүрөгүң жүрүп турса ден соолукта
Жүрбөгүн андан артык бакыт издеп.

Бир сабын, бир сөзүн да кыскартып берүү мүмкүн эмес бул ырда байыркы да, дайымкы да бакыт кандай жөнөкөй, кандай таасын ырдалган! Эч кандай шаң-салтанатсыз, бийик патетикасыз. Мындай ырлар жашоонун өзүнөн келет. Адам туна баштаганда. Төгүлгөн акын Жеңижок бир кезде ушул түбөлүктүү бакытты мындайча кыйкырып эргип койгону эске кылт жаңырат:

Кырктан өтүп барганың –
Аталап турса балдарың,
Кашыңда турса алганың –
Кудай алсын калганын!

Айтса, «калганында» да өзүнчө маани бар. Тагыраак айтканда «кала турган» эч нерсе жок. Баары – дүйнөнүн ичинде, калктын кашында, элдин элегинде. Мезгилдин жүгү, каалайбы, каалабайбы, ар бир муунга, ар бир адамга өзүнчө артылган, тек, аны ийниңде сезип-сезбегениң башка кеп. Ушул жүктү ким сезди, ким сезбеди, ким тартты да ким тартпады – адамдын адамдыгы, жакшы-жаманы мына ушул «калганында» ылганат, сындалат. Чын жакшылар: «жакшы атка ээ болсом экен деп жак-

шы жакты ээрчий берет тырмалап», ал эми эссиз ургандар «эмне кылсын, эл ичинде жүрүшөт, эптеп-септеп, калп-салп айтып бурмалап» (*Ш.М*).

Бирок калк көзү - кыраакы, эл эси – сынаакы.

Тагдырлар өйдө-төмөн,
Себеби сезилбеген
Тулпар бар, өмүр бою
Тушоосу чечилбеген.

Жашоого коюп талап,
Учсам деп көктү карап,
Жаралган арман үчүн,
Бүркүт бар сынык канат.

---

А бирок калыс көздөр
Көргөнүн айта берип,
Тулпарды тулпар дешет,
Турса да чидер керип.

Бүжүрөп сынык канат,
Бүктөлбөй катып, сенип,
Жатса да шумкар дешет,
Сөздөрү көктү челип.

Алтымышынчы жылдардын башында адабиятка топ кирген аялдар поэзиясында да «Шакен Мамбетаипова» деген ысымдын өз деңгээлинде таанылмагы, өз ордун калыс алмагы бар.

Биз бая Алыкулдун «Ырыма бир мертебе калп айта албайм» деген кредо сабын Шакен эженин да





акындык табиятына, турмуштук философиясына тээк кармадык эле. Алыкулдун тагдырындагы дагы бир жагдай эженин да тагдырында оошуп кайталанган жайын эстемекпиз. Ал – ден соолук. Ырас, оору кишини «сен акынсың», «сен жай адамсың» деп бөлбөйт. Жан сыздаткан дарт жашка да, карыга да бирдей, акынды да, акын эмести да бирдей аздырган. Тек, жай адамдан акындын айырмасы – ал жан азабын да ырга салып ийгенинде, акындык тагдырында да бир «жарылганында». Анан да, албетте, жазылган тагдырын ким кандай кабылдаганында, көнгөнүндө, көтөргөнүндө. Ушул жагынан ал сабырдуу Алыкулду эске салат.

... Жылы, айы эсимде жок, бир курдай Совет-Киев көчө кесилишиндеги аялдамада турсам жакын эле жерден басыңкы, анан муңайым үн чыкты:

– Чоюн, сен мени тааныбай турасыңбы?

Бурула берип мындай эле жерден эжени көрдүм. Капырай, чын эле катуу өзгөрүлүптүр. Баягы келберсиген кебетеси жок, кичирейиптир. Кызыл нурлуу өңү өчкөн, керсары, көздөрүнүн оту кайткан, кубатсыз. Тааныбай калгыдай эле болупмун. Капыс ыңгайсыздана түштүм.

– Оору ушинтип койбодубу, имне кылам? – деди ал дагы аста, муңайым, таанбай калган мен эмес, таанылбай калган өзү, дарт күнөөлүүдөй. Аркы-теркини ооз учунан сүйлөшкөн болуп турдук, ыңгайсыз. Анан күткөн машинелерибиз келгенде эки бөлүндүк. Ичим бир эңшерилди. Баягы мен келечектен элестетип жүргөн бакубат, балпайган, боюнан мээрим кут төгүлгөн, келберсиген турумунда азыраак кыргыз кербези бар сан-сөөлөттүү байби-

ченин элеси көз алдымда закымдай жайылды, тарады, эриди, көңүлүм бир азды...

Суудан сузуп, тоодон издеп томсоруп,
Сурап келем изиңди кууп, ден соолук.
Кул болоюн таазим кылып, табылсаң,
Кайра келчи өмүрүмө жаз болуп.

Унутпасмын анда ыйык атыңды,
Ушул күндө сага төккөн жашымды.
Калаар эсте жакшылыгың туу болуп,
Кара турпак жашырганча башымды.

Эгер келсең эмгегимди элейин,
Эл ишине алп күчүмдү берейин.
Тыныма жок таш көтөрүп турсам да
Талыктым да, чаалыктым да дебейин.

*(«Ден соолукка»)*

Бул ырлар ошондогу жан күйүтү экен, көрсө... Бул багыттагы ырларында адам соолугунун морттугуна, өмүрдүн кыска ченемине терең, терең өкүт чөккөн. Бирок чырмаган оору, дарт канчалык жанын жегени менен да андагы ырларынын соңунан, тээ тереңинен кандайдыр шоолаланган жарык нур да жылжыган. Бул, турмуштун түбөлүктүү баңдыгына, тунуктугуна, сулуулугуна, түпсүздүгүнө таң. Ушул бир келген өмүрдө артыңа аздыр-көптүр калтырып жаткан изиңе, ишиңе канымет. Ушул ой, сезим аны ичтен нурландырып жибергенсийт. Пенделик алсыздыгын жашырат, жеңет, суук көздөн кадырын сактайт, токтоо топукка келет. Нетесиң,





антпеске башка айлаң да, аргаң да болбогон соң - көрөсүң, көнөсүң. Тутаарың – бир гана сабыр, сабыр, сабыр. Акындын ошол соңку мезгилдеги ырларында көрүнбөс ички арман да, көрүнгөн сырткы дарман да ырмал-чырмал, биринен улам бири озгун. Түтпөс көңүлдүн миң далбасы...

Күрөш туусун колуңа алып кээ бирде
Туу чокуга сайдым, мына дээриңде,
Туура жактан ойго келбес да бир күч
Тосо берип кагып өтөт ээгиңе.

Ал кайгынын түпкүрүнө чөгөөрдө,
Күйүтүңдөн күн муруңтан өлөөрдө,
Талант гана так көтөрүп бийикке
Тартып кетет өлбөй турган өнөргө.

Дүйнө чиркин, түгөт экен оңбогон,
Дүйнө бөксө, жыртык экен толбогон.
Бул жашоого келип кеткен адамдын
Бир да бирөө бир армансыз болбогон.

*(«Дүйнө»)*

Ооба, бүтпөс жашоодон биротоло өтөөр түтпөс көңүлдүн миң далбасы, түгөт дүйнөнүн бир урчугуна тырмак канаткан жан аргасы... Өмүр – учкул, дүйнө - жалгыз, ченем – тутам, өлүм – ак. А демек, ырдаарың – бир гана Өмүр, Өмүр, Өмүр... Өмүрдөн башка эмне ыр болмок!?.

Жашоо-тагдыр, кыска белең бир учук?
Жазгым келип түрмөктөлгөн келебиң,

Жаңы гана жол тапканда, курутуп,
Жартысынан ашпай койду ченемиң.

*(«Арман»)*

Өмүр чиркин, кыска бир укум,
Өтөөр жолуң мынча тез белем.
Кечээки эле алтын курагың
Алмашылып бүгүн жез менен.

Тамылжыган жүзү жаштыктын
Таажысынан бирден кубулуп,
Желден мурун учуп жоголгон
Желбирөөчүн издейт үңүлүп.

*(«Өмүр»)*

Ушинтип акын дили дүйнөнүн табышмагын издейт. Кечээ эле кебелгис көрүнгөн алп дүйнө, анын түбөлүктүү ээси өңдөнгөн чексиз өмүр, эми, бир карасаң, желден да мурун желп кеткен бир желбирөөч гана сыяк белем! Акындын дүйнө, өмүр, жашоо, турмуш жайындагы ырлары – анын ичтен «жарылуусу». Көрүп, окуп, билип жүрөбүз – эчен бир акындар бир орто тагдырдын ичинде камалып кетет, бир теринин ичинде калып кетет. Б. а. чыгармачылыгын эмнеден баштаса, этегинде де айланып келип жалпы ошол алкакта кала берет. Арийне, турмуш агымына, мезгил жаңылыгына улай өз өлчөлүү жаңылыгы-жаңырыгы деле болот, болбой койбойт. Жакшыраак ырларын деле жазат. Бирок жалпы алганда сапаттык жагынан жарыла албай башкы нугунун өлчөмүндө чектелет.





Тескерисинче кээ бир акындар өзүн жаңылап келет, «жарылып» жазат, т.а. ал сырт менен ичтжыгылыш курчуйт, дарт кырчыйт, сүйүү өөрчүтөт, күрөш телчитет, кыскасы, турмуш «жарат». Бирөө жанарын сыртка чачып ачык жарылат, бирөө жарыгын ичке жагып, жабык аңырат. Ошентип акын Тагдырга ээ болот. Ошондо кечээ эле анча көзгө илинбеген ортозаар сыяк сезилген кээ бир акын деле элге деген-эткенинде өзүнүн бир ууч окурманын табат. Мезгилде калат. Анткени ал чыныгы тагдырдын ээси, ал эми ырларында тагдырдын тамгасы басылган. Демек, акын сөзү соңкуларга эскирбейт. Тагдыр менен тагдыр тарыхта үналышат. Калкка тарыхташ-тагдырлаш Шакен Мамбетаипова да ошондой ичтен тынымсыз жаңырган, соңунда сыгылып-сызылып «жарылган» акын. Кыз салтында, кыргыз калкында, ыйбаалуу, коңур, басмырт, шыңгыр, аял мүнөз! Ошон үчүн анын ырлары керт тагдырлык да мүнөзгө ээ, жеке жаңырыктуу, ошол эле учурда улуттун дүйнөсүнө киндиктешкен – ичи дагы (рухий), сырты дагы (тарыхый). Ырас, эгер ал ортожаш өмүрүн жалаң адабиятка бир тарап арнап кеткен болсо, анын адабий тагдыры балким саал башкачараак түшмөктүр. Эми аны болжоп болбойт. Айтыш да жарабайт. Анткени биз акын Шакенди эле эмес, кыргыздын узчулук өнөрүн заманга шайкеш жаңы даражага жеткирген сүрөткер Шакенди да билебиз. Ал эми кыргыз узчулугунун табияты дал ошол ыйбаалуу, коңур, басмырт, нарк көтөрүмдүү, шыңгыр, лироэпикалуу жикте уюган. Демек, уз-сүрөткер Шакен Мамбетаипованын акындык тагдырынын ачылышы, негизинен, биз нуска-

ган нукта гана жүрмөгү мыйзамченем эле. Ал башкача боло алмак эмес!

Шакен эженин адабий чыгармачылыгы тууралуу жалпы баамга ушул жерден чекит коюуга болор эле. Бирок нускалып кеткендей аны чыгармачыл портрети муну менен толук болбой калат. Анан калса анын экинчи – сүрөтчүлүк, узчулук өнөрү да такыр эле башка (материалдуу) тегизде жатпайт. Ал терең дүйнөтаанымдык мааниге ээ. Эсеби, кыргыз боз үйүнүн балким бир гана пайызы материалдуу учурга ээ (жыгач, кийиз, жип-шуу), ал эми калган токсон тогуз пайызы – чылк руханий маңыз, философияга карк. Шакен эженин да узчулугу акындыгына эм, акындыгы узчулугуна дем! Демек, сөз этегин анын сүрөткерлик, уздук тагдырында учкай жыйсак болот. Акыйкатта, анын бул өнөрү өзүнчө сөзгө арзыйт. Бирок биз биерде жана айтылгандай анын адамдык-акындык табиятын даңазалап өтүү максатында гана ага азыраак ыктайбыз.

Сөзүбүздүн башында Шакен эженин сүрөткердик өнөрү тээ 60-жылдардын башында эле байсалдуу арыш салганын айткан элек. Адабият, искусствонун ар салаасы жаңылыкка карк толгон ошол демдүү жылдары эженин сүрөткердик өнөрү да, тагдыр экен, мурдагылардыкынан кыйла жаңыча нукка түшүп, өзгөчөрөөк өнүгүүгө өттү. Бул жагынан ал биринчи пионерлерден эле. «Өзгөчө», «пионер» болгону - ал жылдары кыргыз узчулугу, жалпы эле жасалга-колдонмо өнөрү баштагы миң-миңдеген жылдар бою калыптанган салттуу жолунда эле жашап жаткан болучу. (Ырас, улуттук өнөргө мамлекет деңгээлинде мамиле жасалбай тозуп баратканы – башка маселе). Анан өнөрдүн бар салаасын алка-





гына алган жаңычыл алтымышынчы жылдардын духу дээринен сүрөткер, чыгармачыл Шакенди да өз күүсүнө алды. Ал салттуу узчулук өнөргө сүртүп, өзүнүн тамтүң алгачкы, жаңыча чыйырын салды. Бул чыйырдын маңызы мында эле: кыргыздын салттуу өнөрүндө оюм-чийимдерге аралаштырып конкрет сүрөт салуу мүнөздүү эмес. Анткени оюм-чийимдин өзү, түбүндө сүрөттөрдөн (петроглифтерден) калпынып отуруп, керемет скиф стиль баскычын басып, айрым символдорго өсө барып, соңунда бүкүлү, уюл, тереңге өткөн, улуу керемет дүйнөгө айланган. Тек, саймачылык өнөрдүн саал өзгөчөрөөк табиятынан улам гана сүйүү жүзаарчысына «жүрөк», «көгүчкөн», же туштук, туш кийиздерге кай бир учурлары «кайберен» учкай тепчиле кеткени болбосо, негизинен кыргыз оюм-чийими «евроорусчул» конкрет-так сүрөт көчүргөндөн сырт. А тургай саймага көчүрүлгөн ошол сүрөттөрдүн өзү деле белгилүү даражада стилдештирилген көчөт мүнөзгө ээ. Демек, оюм дүйнөсүнө нак-так сүрөт сүртүү, негизи, салттык өнөргө кайчы келет, бул аны «аралаш төкмөгө» айланткандай эле кеп. Бирок 60-жылдары оюм табиятынын бул тереңи, бул философиясы калк үчүн али туюк, белгисиз эле (айтса, эми деле мунун мынча тереңин элеген эл жокко эсе, андыктан соңку кездери рынок шарданында чалгайлардын бул багыттагы «өзүм билемдиги» оо, көбөйгөн!).

Бирок бул «белгисиздик» белгилүү болушу үчүн, «туюк» жол ачылышы үчүн ал басылышы керек – кимдир бирөөлөр тарабынан. Процесс өтүлүшү керек, кимдир-бирөөлөрдүн «пионер» тагдыры менен. Ал – улуттун өзүн өзү андоо процесси-

нин бир баскычы болуп калууга тийиш. Ошол үлүш, озуйпа, тагдыры экен, «алтымышынчыл» Шакен эжелердин муунуна туура келди. Кайрыет, озуйпалары олжолуу болду. «Муун» дегенде мен биерде биринчи иретте маркум уз Жеңилдик Аралбаева менен (бул да акын эле) Нурай Асанова эжелерди (бул да өзүнчө сүрөтчү эле) кошо эстеп жатам. Бул элдик, нукура элчил сүрөткерлердин колунан бүткөн ошол ар кандай «жаңычыл» композициялардын өзү да кантсе да калктын салттуу өнөрүнүн өнө боюнан жатыркабай, бөлүнбөй, ага жамаачы жамалбай, эптүү стилдештирүү, кептүү кыноо, чебер өңдөштүрүү, тегиздиктин тереңинде ачуу (шырдак философиясы) жолунда Мезгил менен теңжарыш кетти, калышпай! Буга аттары аталган уздардын атамекендик да, чет элдик да кыйла-кыйла көргөзмөлөрдү басып, сыйлыктарын алып кайткандары күбө. Алардын ичинен Шакен эженин композицияларына айрыкча орун таандык. Ушинтип, «улуттун өзүн кайталап таанышынын» бир тепкичи – сүрөткерлик туюму тунук, ыймансы ыйбаалуу, дили наарлуу, бармагы мөөрлүү, кыргыз табияттуу аял тагдырлары аркылуу өттү. Канымет! Соң тепкичтери келечектен келмек, күтүлмөк, дале күтүлүүдө.

Өйдөтө эженин уздук багыттагы сүрөтчүлүк иштери эчен чет өлкөлөрдүн көрүүчүлөрүн багынтып кайтты дедик. Эсеби, 60-70-жылдары ар кыл туштук-композициялары социалисттик Болгария, Польша, Германиядагы көргөзмөлөрдө коюлду. Мен билгенден эженин эң соңку четке барып келгени Жапан өлкөсү болду. Кайткандан кийин кыргыз ырасмысын кылып үйүнөн даам сыздырды. Ошондо эженин уздук-сүрөткердик туюмунда кандайдыр





мурда жок жаңы ишарат чукуранып калгандай сезилди мага. Жапан өнүгүшүн, маданиятын жетине албай айтып отурду. Жадегенде, басып жете электе эле өзү ачылып кете берген айнек эшиктери, ордуңдан бир козголбой, жаткан жериңден эле сыналгы кулактарын которо бере турган пульттары (эми булар бизде деле өрүп кетти го, жөпжөнөкөй) жайында жаш балача тамшанып, суктанып, эргип-эргип айтып жаткандары, анын - элүү ашкан аялдын – жан дүйнөсүндө канчалык бала баеолук, суктанткан султан жашчылык жашап жаткандыгынан айтылган кабардай эле. Сүрөткерге тан! Ал эми өзүнө өөк-боорлош өнөр жөнүндө кеп кеткенде, анын «элдик», «салттуулук» деген көндүм түшүнүктөргө мамилеси өзгөрүп, терендеп, байый баштаганын туйдум. Биз элдик өнөргө мамилени ушу жапандардан үйрөнүшүбүз зарыл экен деген кыязды айтып отурду. Ал эми жапон өнөрү – мейли чай үлпөтү, мейли сырлуу бакчасы, мейли самурай жаалы, мейли дзен поэзиясы, мейли салттуу графикасы, мейли каллиграфиясы, зор символго карк-каныкэкенин билебиз. Бүткүл ичи-тышы тегиз манасталган бизде да нак ушунун өзү! Улут философиясынын уюл биримдиги! Дээри акын эженин ошондогу дегендеринен, кыргыз узчулугун, жасалга-колдонмо өнөрүн бүгүнкү заман бийигинен аңдалган чыныгы табигый даражасына, нукура жаңылык-жаңырыгына алып чыгууну аңсаган бир эрк-демдин ишаратын эми-эми эстей, эстей отуруп, ачыктагандаймын... Эже өзү ага жетпей калды.

Булар эми Шакен эженин сүрөткер катары керт чыгармачылыгына тиешелүү жагдайлар дейли. Эженин эми, мынча болду, элге өткөн экинчи

бир асыл эмгегин айтпаска эч болбос. Ал элдик чеберлердин «Кыял» бирикмесин уюштурушкан, анда иштеген жылдары. Көөнөрүп бараткан көңкү өнөрдү жандантып, уздун учугун сүзүлтпөй-үзүлтпөй, устанын балкасын түшүрбөй, улама алып кетиште дал ушул эженин эмгеги айрыкча бараандуу, караандуу!

Бир эле Акматалиевдин бүтүндөй бир институт иштээр ишти жалгыз карабашы аткарып салгатут иштээр ишти жалгыз карабашы аткарып салганы эмнеге тең! Аал, Амантур аганы алгач «Кыял» бирикмесине алып барган, атайын «өнөр таануучу» ордун ачтырып орноштургандардын бир да ушул эже эле. Амантур агага элдик өнөрдүн эшигин кең ачып, анын түмөн түрлүү ички сырына маштап, чырга сүйрөтүп үндөк салгандын бири да ушул эже эле (Акматалиев ага дейре жалаң айыл темасындагы очерктерди жазуу менен алектенчү). «Туура, Шакен менин быяктагы биринчи устатым» деп башын чулгуп коер эле кийин том-том китептери жазылган кезде да. Экөө бирдей эл кезип, командировкалап – айрыкча мурда анча иликтенбей калган алыскы райондорду – көңүлдөн чыгып бараткан көчөт үлгүлөрдү изилдеп, унутулуп бараткан сырын чечип, сейректеген чеберлердин башын жыйып, жаш чыгып келаткандарын аларга ыктатып жүрүшкөн машакаттуу-сыймыктуу кездеринин чет-чеберине мен өзүм да күбө өтүп калдым. Ошонун олжосу – Акматалиевдин айтылган том-том китептери болду, эженин эми эл эсинде, көп көзүндө анча жок, а бирок кесиптештери жакшы билген, жанданган элдик өнөрдүн далдасында жашынып жаткан жанар тоо эмгеги болду. Анан да эл ичинде жүргөндө эрмелеп-термелеп таба келген эки ооз ыр сабы... Калк турмушуна канык!





Менде бар үзөңгүлөш эки кесип,
Мен үчүн ырахаттуу ырыс-кешик.
Утур бирин бапестейм тынымы жок,
Уул чоңойткон энедей эгиз бешик.

Өмүр тилейм аларга ойлор кезип,
Өмөчөктөп уктабай белим чечип.
«Тынымы жок кургур» дейт кээ бирөөлөр,
Түйшүк тартып жүдөгөн түрүм сезип...

*(«Эгиз кесип»)*

Ошол «тынымы жок кургур» түбөлүк тынч алаар күнүнө агып бараткан...

Элдик өнөр сөздүн дөөсү, бирок көзү тирүүсүндө анча бarкталбай калган жөөсү Амантур Акматалиевдин 60 жылдык маарекеси өтүп калды. Ошондо кыйладан бери көрүнө элек Шакен эжени көпчүлүк көрдү. Катуу ооруп жатканына карабай, келиптир. Сөз анча уларып кызый электе эле баш жагында кезек алды. Уулу Жыргалбек колтугунан сүйөп алган. Кайран киши, баягы илгерки калыбынан жазбай, сөөлөтүнөн жанбай, боюн түз кармап, жеңил, саймалуу, жарашыктуу кыргыз бешмантын далысына жаба салынган чачылуу ак бөртмө жоолугу төгүлө жаап, көлбөөрүп трибунага чыкты, жай. Зал дым турду. Көп сүйлөй алган жок. Тили да баштагыдай эмес, саал чалып калган. Юбилярга ийгилик каалап, ак калпак кийгизип, ак кементай жаап, белегин тапшырды. Уулу жан колтугунан жылган жок. Ошондогу эженин бийиктиги ай, тунуктугу ай, сан-салтанаты ай! Дагы айтам, сан-салтанат сөөлөтү ай, дартка, тагдырга (дагы эмнеге?) басынгысы, ба-

гынгысы келбеген шаңы ай, баягы кыргыз кербези бар, баягы Чуйков «Таңындагы» Эне-Аялдын төгүлгөн жылдызы бар; ичтен ийиккени ай – элге, залга, жашоого... Көрсө эже, ошондо, «бир буудайды тең бөлгөн, урмат кылып сыйлашып, уялаштар өндөнгөн» (Ш.М.) маараке ээсине эле эмес, маараке аркылуу өзү билген, тааныган, ысык жүргөн санаалаш эл менен да жолугушканы... жок, соңку ирет көрүшкөнү, коштошкону келген экен. Сүйлөп бол луп, баягысындай боюн түз кармап жай түштү да булуттай каалгып чыгып кетти.

Көп узабады. Көз жумганын уктук. Менин элесимде жашоого ушунчалык кумар-дилгир, көкүрөгү тунук, көлбөөрүгөн, эрктүү, сабырлуу, баатыр аял калды. Кыргыздын нарктуу, нукура байбичелеринин бири – Шакен...

Кубат берип көңүлгө,
Күн, дарысың өмүргө.
Кантип сени калтырып
Кетээр экем өлүмгө!?.

Акындын ушул саптарын окуп жатып, анын мендеги акыркы багынгыс элеси жадымда да бир жаңырды.

Акын, уз эженин тандалма китеби жайындагы кепти жыйып жатып эмнени айтууга болоор эле?

... Эшикте күз. 2006-жылдын күзү. XXI кылым. Бизге горизонттун тээтиги эле артында көрүнбөс жашынгандай сезилип келген бул кылымдын да башын жашап баштадык. Бу да эми көнүмүшкө айланды. Эженин көзү өткөндөн берки эле учурду алганда көп нерсе өзгөрдү. Билинбей-





билинбей отуруп Элге, Жерге, Атамекенге сүйүү, боордоштук, бир туугандык, кайрым, «жалпынын ишинен жан айлансын» сыяк кечээги эң бир ыйык жалын сезим түшүнүктөр кери чегинди... Онунчу, жузүнчү катарга сүрүлдү. Ордуна «эң жаңы» аталган өзгө дөөлөттөр (бул ырас эле дөөлөтпү?) шып суурулду, ныгырып кирди. Баарыдан кызыгы: мына ушул жеке басар «демократия» гана туурадай, мына ушундай гана болууга тийиштей жашоо-турмуштун чыныгы түбөлүк мыйзамы бир гана ушул сыяктанып, а биз буга дейре бир болбогон «теңчиликти» («уравниловка» атап) туу туткан, даңазалаган жалган иллюзиялар менен гана жашап келгенсип, өткөн жашообуздун маңызын өзүбүз кунсуздадык. Өзүбүзгө өзүбүз баш чайкап күлүп, өз тарыхыбызды өзүбүз көрүүнө чийдик. Бирар жылдардын арасында, бир түлөгөн тери ичинде кечээгибизди бүгүн батыл «турмушка жараксыз, жарамсыз» санап, эртеңкиге таяныч караштырып, эми бир «алтын түркүк» балдактарды өкүрөң-төкүрөң издейбиз. Батыштан-Чыгыштан, жөөттөн-жапандан... Биз – тирүүлөр, бүгүн улуттук башкы идеологиябызды таппай, коомдук, эстетикалык идеяларыбыз түбүнөн өзгөрүп, кечээги дөөлөттөрүбүз бүгүн көз көрүүнө жарабай таштандыга ыргытылып атса, анда кечээги көзү өткөндөр кантет? Алардын мурасы не болот? Не бир шыңгыр мээлер социализм асылдыгын түбүн түрө, жөө жүрө үйрөнүп (кыргыз Пешковдор), мүлдө өмүрүн курман чалып өтүштү эле го, «Нур замандьı» гимндеп? Эми ошонун баары жалган чыгабы, иллюзия ирээтинде гана жөө тумандай таралабы?

Бул, чакан Шакендин чыгармачылыгынан эле улам чыккан кеп эмес, эсеби, тоодой Токомбаев да

(бүт саясы лирикасы менен кошо!) кантет деген олуттуу, комуттуу суроо! Тоо Токомбаевди кое туралы, чакан Шакендердин чыгармачылыгына келсек да, алардын чыныгыларына карата: «Жок, эскирбес!» деген ишенимдүү жооп айтылат.

Анткени, биринчиден, алиги олут мааниге ээ «коомдук идеал» дегенибиз али өзү тактала элек. Биз эми «түбөлүк чындык ушул» деп Батыштан бир алып, Чыгыштан бир чалып жаткан идеал-идеологияларыбыз өзү чалгай, «турмушка ыкчыл» деген эң жаңы прагматик философияларыбыз али чынбышыгы күмөн. Ал тургай кыйласы кыңыр-кыйшык! Коомдук идеал деген, эстетикалык чен-өлчөм деген айланып келип жаттан эмес, өздөн табылат, өзөктөн жаңырат. Миң-миңдеген жылдардан бери талпынган, улаңгайыр мезгилден улам калпынган төл дөөлөттөн түзүлөт ал, анын ичинде кечээ жакында өткөн турмушунан, тарыхынан да! Анан калса кечээги, жакынкы «социализм» аталган заман дөөлөтүнүн баары эле текши илмекайып иллюзия эмес. Же, мисалы, алиги жерилген «уравниловка-теңчилик» менен ТЕҢчиликтин арасы асман менен жердей! Бир эл үчүн, айталы, орус, не жөөт, латыш үчүн «дөөлөт» делбеген идеал-идеологиялар экинчи бир эл үчүн, мисалы, кыргыз, жакут же дагы башкалар үчүн өткөрө идеалдуу болушу ыктымал. А демек, биз жараксыз санап ыргытып салган кечээги социализм заманынын ак-карасы да али алдыда дагы далай-далай ыргалат, ылганат...

Экинчиден: ошол Совет заманынын баласы, «алтымышынчылар» аталган кыргыздын Шакен сыяк кулунчактары өздөрүнө гана таандык, кайталангыс тарыхый озуйпасын так аткарып калыш-





кан. Алар өзүлөрүнө чейинки эсен келген эски, Могикан кыргыздан уланган улуттук нукуралыкка уламал турушкан, аны жан-дээрине сиңиришкен, соңкуга сунушкан. Башкача айтканда булар өзүлөрү бир кайталангыс нагыз жаш кыргыз көпүрө! «Совет адам жалпылыгы» урааны алдында улут ургаал унификациялана (аныгы орусташа) баштаган заманда булардан кийинки муундар кыйла кедерине тартып, түпкыргыз табигыйлыгынан тайып, гибрид килкилдек жаңычылдыгына чапты. Мындай шартта, эми, мурда жок, жаңы, «уңгутагдыр» («самоидентификация») проблемасы ачык чыкты. Эмики көп чалкеш проблеманын (коомдук-саясий, философиялык-эстетикалык ж. б. ж. б.) башы, чечилбеген кат-кат түйүн-жыйындысы – заман, коом алдындагы озуйпасын, мезгилдин ийинге илинген милдеттүү жүгүн көрбөгөн, сезбеген, билбеген дал ошол инфантил-маныроо бир муундун шал аракетинин, дал психологиясынын да мол «жемиши». Албетте, бул бир эле себеби, башкасы да бар, бирок ал да башка сөз. Көз таңган бул жөө тумандан чыгыш үчүн кыргыз алдыда нукуралыгына дагы далай-далай кайрылмагы бар. Ошондо аны арттан сүйөгөн, жо, алдыдан тоскондордун ичинде кулачы ышкынга бай ушул кыргыз кызы Шакен эже да болоор.

Дүйнөнү сулуулук гана сактабайт, улуулук сактайт. Улуулук – турмуш менен эриштелип калышта. Ак, адал жашап, адамыраак болуп кетиште. Өз замандаштарын адамыраак кыла өтүштө. Улутка алганда «кыргызыраак» дегеним. Шакен Мамбетаипова кыргызды – Бир Кыздын, Бир Аялдын, Бир Эненин, Бир Кыргыз Адамынын кудурет-мүмкүнчүлүгүндө кыргызыраак кылып кетти. Мен, жеке

башым, өзүм азыноолак билген ушул адамдын, дүйнөдөн өзү гана кыргызыраак болуп өтпөстөн, мени да кыргызыраак кылып кеткен сабагы үчүн дайыма жүрөгүм жылып эстеймин. Сага, мага, келечекке карата айтылган мынабул түбөлүк керээз-чакырыгы жадымда жаңырат:

Адамда өмүр кыска тутам жеткис.
А бирок максаттары өтө чексиз.
Ал үчүн миң жаш берип койсо деле,
Ал максат өсө берип шааң жеткис.

Андыктан арткы муунга кайрылаарым:
Аз калды мен да өмүрдөн айрылаарым.
Өкүнүп кыска жашап калганыма
Өтүнүп баарыңарга кайрыламын:

Милдетим, ата журтка өтөлбөгөн,
Максатым, али жүгүн көтөрбөгөн,
Сырларым, жумурткадай чегилбеген,
Сөздөрүм, ыр сабына эгилбеген,

Сапарым, мүмкүн болуп баралбаган,
Сагынчым, кусасынан жана албаган,
Гүлдөрүм, колум жетип үзө албаган,
Көп ишим, өзүм план түзө албаган,

Эмгегим, толук жазып бүтө албаган,
Эрдигим, алигиче күч албаган,
Сөздөрүм, тилим жетип айталбаган,
Сезимим, али өзүмө байкалбаган,





Үмүтүм, өчүп кайра жана албаган,
Үлпөтүм, ырахатын ала албаган,
Дарманым, эмгегиме берилбеген,
Душманым, көзүм барда жеңе албаган -

Аларды урпактарга парыз кылып,
Айтарым мойнуңарга карыз кылып –
Ар кимиң бүтпөгөндү уланткыла,
Арбагын улуулардын кубанткыла.

*(«Урпактарга»)*

***Чоюн Өмүраалы уулу,***
***10.12/X 2006-ж. Бишкек***

*Мекен мээрими*

## ТУУЛГАН ЖЕРГЕ КАЙРЫЛЫП

Көл боюна жүз келем,
Көп буйдалбай түз келем.
Өзгөрүү көп, өңүм карт.
Өмүрдө да күз белем?!

Кылаанда ойноп шаттана,
Кызыл кумуң жаздана,
Кызыл гүлдөй буралдым
Кыз кезимден наздана.

Толкунундай серпилдим.
Талант бердиң. Чертилдим.
Кымыз жыттуу абаңдан,
Кере жутуп желпиндим.

Миң боёк бар өңүңдө,
Мен түйө элек көңүлгө.
Анын жарымын үйрөнсөм,
Арман болбос өмүрдө.

Жашоо күзү жакындап,
Жаштык ойнойт жашынмак.
Күбүгөн соң гүлүмдү,
Кайра кайдан ачылмак?

Андыктан саа жүз келип,
Акыл сурайм түз келип.
Тойгуза көр талантка,
Толкунундай күч берип.





## ЖАЛГЫЗ ТЕРЕК

Алыс жактан көрүнгөн жалгыз терек,
Атакемден маа калган жалгыз белек.
Ар качандан-бир качан ат мамыдай,
Айланчыктап келүүмө өзүң себеп.

Самап келем алыстан, самап келем,
Сагынычым таркабай карап келем.
Аталардын калтырган эстелиги,
Балдары үчүн чоң медер канат белем.

Мен өлсөм да күн бүтүп жаза тайып,
Сен өсө бер, терегим, бутак жайып.
Экөөбүз тең жок болсок бул дүйнөдө,
Аты өчпөйбү атамдын Мамбетайып.

## ГҮЛДӨР ДҮЙНӨСҮ

Тегерек мөөр болуп жайлоого,
Тегерек бабамдын конушу.
Тегерек журтуна кол созсом,
Тегерек гүл өнгөн болучу.

Тигине ошол гүл ачылып,
Термелет таажысы чачылып,
Албырып баркыттай желбирөөч,
Ансайын бүктөөсү жазылып.

Боз үйгө тегерек конуштуу,
Боордошум, сен дагы келип кет.
Кыргыздын тоолорун аралап,
Кызыксаң гүлүнөн терип кет.

## БИРГЕМИН ДАЙЫМ ЭЛ МЕНЕН

Негедир жалгыз жүрсөм жабыркабайм,
Наалып же башкалардай сабыркабайм.
Себеби жүрөгүмдө дайым элим,
Сөздөрүн сөөлөт кылып багып карайм.

Сүйлөшөм, кичүүсүнө-улуусуна,
Сырдашып кыял менен черден чыга,
Жылынам ошолордун мага кылган,
Жылдыздуу мээриминин жылуусуна.

Бөлүшүп кубанычын, кайгыларын,
Бүтүндөй тагдырыма кайрыламын.
Күлүшсө кошо күлүп, кейип турса
Кайратым айтып көөнүн жай кыламын.

Ошентип ыр аркылуу сүйлөшөмүн,
Оюнда эмне болсо үндөшөмүн,
Аларга сырдаш болуп, курдаш болуп,
Аларды чыгармамда сүйлөтөмүн.

Андыктан жалгызчылык менден алыс,
Аныма жазып жаткан ырым калыс.
Дайыма өзүм менен элим бирге,
Дайыма алар үчүн тоодой намыс.

## КАМЧЫ

Уулум! Ме, бу камчы сен үчүн.
Учунда улуулук жолу бар.
Өрүмүн жакшылап карасаң
Өнөрдүн тарыхы жолугаар.





Манастын колунда ойногон
Мына эми, сага өттү кыйладан.
Жеңишке сүйүнүп баатырлар,
Жеңилсе таянып ыйлаган.

Арка кыл көңүлгө ар дайым,
Атаңдын арнаган жөлөгүн.
Сагынсаң сабырдуу карап кой,
Сага өткөн калкыңдын өнөрүн.

Илип кой төрүңө, кулунум.
Бабаңдын байыркы камчысын.
Ийилип душмандын зулуму
Бийиктеп зоболоң жаркысын.

## АТАЖУРТКА

Ойлонсом жазаарыма барак болуп,
Ысысам көлөкөлүү дарак болуп,
Кыялды учурасың бийиктикке,
Каржалтпас карчыгадай канат болуп.

Тайгылсам тагдырыма жөлөк болуп,
Ташысам талантыма өбөк болуп,
Адашсам жол көрсөтүп бийиктикте,
Акылга акыл кошуп көмөк болуп,

Чаңкасам ичээриме булак болуп,
Чаалыксам алга сүрөп, кубат болуп,
Тынчтыкта атпай журтум аман болсо,
Таалайым таңкы гүлдөй куунак болуп.

Толкусаң үйрүлөйүн чардак болуп.
Тоздуксаң айланаңда чарбак болуп,
Турмуштун таразасы тарткан болсо,
Турайын сен жагында салмак болуп.

Сылтысаң сыныгыңа балдак болуп,
Кемисең көп ишиңе тармак болуп,
Атажурт, ар ишиңе мен даярмын,
Алтын жан калмайынча арбак болуп.

## УЛУУ ТОО

Улуу тоо учтары айга тең
Уңгусу түгөнгүс бүтүн кен.
Кыргыздар байыртан жердешип
Киндиги тоолорго бириккен.

Тоо - калкан. Тоолуктар көөнү ток.
Тоо барда кыргызга кырсык жок.
Тоо менен кыргыздын жаны бир.
Тоолордун кыргызсыз күнү жок.

Кыргыздар уктабайт таптаза,
Кыраңдан күн чыгып-батпаса.
Ток болбойт көчмөндүн көңүлү
Тоолорду кучактап жатпаса.

Кыргызмын, зоболом айга тең,
Киндигим тоолорго бириккен.
Тоолорум – түгөнгүс байлыгым.
Таппасмын тиректи сага тең.





## КЫЯЛДАНУУ

Кадыр түн тосуп ыр жазам,
Калкыма түркүн сырдашам,
Жайлоого барып кой багып
Жайыттын жолун жүз басам.

Жылкычы менен жарышып,
Жез үзөңгү кагышып,
«Оодарыш, жаның болсо» деп,
Ойноктоп ага жабышып...

Селкинчек салып тебишип,
Селкиге намыс жеңишип,
Желдирип кетип баратып,
Жигитче тыйын эңишип,

Ай нурун бойго сиңирип,
Ак чөлмөк ойноп жүгүрүп,
Ширелип бассаң, шиберден
Жөргөмүш шыр-шыр күбүлүп,

Элирип элик бакырып,
Ээленет мерген ашыгып.
Таң атпай жөнөйт ал жакка,
Ийнине мылтык асылып.

Чыныда кымыз чертилип,
Чучук, карта кертилип,
Төгүлүп өткүн заматта
Түндүк жабуу серпилип,

«Дүр» этсе добул азыраак,
Дүркүрөп үркөт козу, улак.
Артынан булут сөгүлөт,
Арадан өтпөй аз убак.

Күмүштөн жабдык жаркырап,
Күлүккө кымыз артылат.
Эжигей, козу бөктөргөн,
Элестер көзгө тартылат.

Аңгыча мен да козголуп,
Ар ойдон башым кош болуп,
Дагы эле тосом кадыр түн
Дыйкандар менен дос болуп.

## УЛУУЛАРДЫН АКЫЛЫ

Угам дайым улуулардын акылын,
Улут бөлбөй, алысын да жакынын.
Алар - мени ырыскыга бөлөгөн,
Алдыда ашым, ага салчу кашыгым.

Ал акылдар - ырларыма көрөңгө,
Ал акыл сөз - өмүрүмө өбөлгө.
Анын баары - чын турмуштан алынган,
Адамдыктан кабар айткан жөрөлгө.

## ЖОЛУКТУМ

Ак пейилдин дилинен
Назик гүлдүн биринен,
Мени тоскон мээримдүү





Меймандостун үйүнөн,
Бул өмүрдө бир келген
Бир бактылуу күнүмөн,
Мен сүйүүгө жолуктум.

Бийик зоонун учунан,
Бир сүйүүнүн жытынан,
Ашыктыктын кушунан,
Ак тилектин кутунан,
Айтса дилиң ысыган,
Атамекен тузунан,

Ар бир сөздүн даамынан,
Аталардын баамынан,
Жарык оттун табынан
Жакшы ырлардын сабынан,
Талантыма жолуктум.

Эмгекчилдин колунан,
Эстүүлөрдүн оюнан,
Санаалардан коруган
Сабырдуунун тобунан,
Сапарымдын соңунан
Сая түшкөн жолуман,
Мен бакытка жолуктум.

Актап жүрүп бүтпөгөн
Апам берген сүт менен,
Талыкпастан иштеген
Таш бузгандай күч менен,
Максатыма жолуктум.

Менин алга сүрөөчүм!
Мекеним, зор тирөөчүм!
Мен кейисем, сен ыйлап,
Мен кубансам, күлөсүң.
Кайда болсо бир өзүң
Канат болуп жүрөсүң.

## КӨЛ КӨРКҮ

Көл өйүзү тоо күңгөй,
Көрүнөт бизге бүлбүлдөй.
Чубалжып барат ак булут
Чоң энем тыткан ак жүндөй.

Тиктешсе көлүм көк менен,
Көктөн да өңү көк белем?
Термелбей жатса тынчтыкта,
Көркөмүнө жок ченем.

## САБАА

Жайдары, күйөөсүнө көзүн кысып,
Жаш келин күрпүлдөтө сабаа бышып,
Жылаажын күлкү кошуп сунган кымыз
Жыргатат, жылкычынын дили кызып.

Жароокер мүнөзүнө көңүлү ысып,
Жалбырттайт көөдөнүнө жарын кысып.
Ортодо шыбырашып көбүк чертет
Ожого куйган кымыз келин бышып.

Жүрөгү андай кезде күлүк минип,
Жаштыгы гүл өмүрдүн балын шимип,





Алоолойт ал мезгилдин шам чырагы,
Артылып ал жалынга сезим билик.

Жайлоонун гүлүн кечип, күлкү күрөп,
Жаштыктын жаңы үйүнө бакыт түнөп,
Жетүүгө максатынын марасына
Жебедей сызып барат жанын үрөп.

Ак гүлдөй назик келин, сөзү сылык,
Ал бышкан сабаасынан дүбүрт чыгып,
Жылкычы кыялында айдап барат,
Жылкысы түрмөктөлүп таскак уруп.

## АЙДЫҢ КӨЛ

Сарычелек, Соңкөл, Чатыркөл,
Саратан жайлоо, салкын төр,
Алыста жүрсөм ойду ээлейт
Асманга түстөш Ысыккөл.

Арзышып келип алыстан,
Ак куулар моюн алышкан,
Айкалып ага махабат,
Ашыктын отун тамызган.

Айдың көл көзгө тартылат,
Аларга сугум артылат.
Сагыныч ээлеп жетмекке
Сабалайм жанды камчылап.

## НАРЫН ТАҢЫ

Нарын таңы байкаганга башкараак,
Күндүн нуру күмүш тоодон башталат.
Ак сүйүүсүн тартуулаган сулуудай,
Алгач ирет Алатоого назданат.

Анан барып жерге нурлар таралат,
Гүл ойгонуп таажыларын таранат.
Күндү тосуп күлкү чачып күрпүлдөп,
Нарын дайра андан бетер шар агат.

Өмүрлөргө да бир күндү энчилеп,
Өргөөлөрдөн түндүк жабуу серпилет.
Койчу келин күн чыгаарда уктаган,
Коңур чачы таңкы желге желпинет.

Күнгө тосуп күндөй жарык кабагын,
Күлөт бөбөк, таштай коюп мамагын.
Шашылгансып күндү көрүп кызыл гүл,
Шарт ачылат бажырайтып чанагын.

Тигил үйдөн түтүн чыкса кызуулап,
Тиги өргөөдөн сабаа күп-күп бышылат.
Кирпик какпай түн күзөткөн жылкычы,
Кементайын серпип салат ысуулап.

Бийик аска. Бүркүттөрдүн уясы.
Балапанын учурган го кыязы.
Каршы-терши каалгып жүргөн көлөкө,
Күн тийгенде чоң Нарындын кылаасы.

Күнү боюу тыныктырбай сапарын,
Кечке тарткан кой баштоонун азабын,





Кара серке сунган бутун жыйнабай,
Кепшеп жатат силкилдетип сакалын.

«Күн чыкты», деп так секирип ак улак,
Келе жатып бийчилигин так улап.
Бузуп кетти бейпилдигин короонун
Бир кезекте ал ойногон жар урап.

Короо күзөп уктабаган Кумайык,
Көшүп кеткен күн чыгаарда кылайып,
«Карышкырдан үрктүбү» деп уйкулуу,
Барс-барс үрөт дүрбөлөңгө ылайык.

Күмүш жүзү күн нуруна чагылып,
Күркүрөсө колот бүтүн жаңырып,
Күн-түнүңө бирдей карап Нарын суу,
Күркүрөөдө бир калыпта агылып.

## ФРУНЗЕ ЭЛЕСТЕРИ

Мага жагат Фрунзенин
Бубактанган бактары,
Мээрим төккөн жылдыз түндүү
Киргили жок асманы.

Дал ошондо элестелет
Өткөн мезгил баштагы.
Студенттер карды жууруп
Кубалашып басканы.

Мага жагат ошол түндө
Жаштар музду тепкени.

Миң толкутуп сүйүү күчүн
Жигит кызды өпкөнү.

Кызыккандай жымыңдашкан
Жылдыздары көктөгү.
Ай да карап алар жакка
Ачык нурун төккөнү.

Мага жагат Фрунзенин
Таң алдында элеси,
Шаар мемиреп уктагандай
Көп баланын энеси.

Чыйрыгууну унутушкан
Кыз-жигиттин денеси.
Чиеленет от тулкулуу
Троллейбус желеси.

Мына шаарым, мени өстүрүп
Адам кылып торолттуң.
Күнгө күйбөс, суукка тоңбос
Мээримиңе оролттуң.

Эми чындап сенин кызың
Кызматында болот тың.
Бизге окшогон жаштар менен
Бактылуу шаар болосуң.

## АЛАЙЛЫК КЫРГЫЗДАР

Алатоо жаңырганча
Алайлык ыр ырдаса,





«Артисттер келиптир», - деп
Агылат элдер шаша.

Сырлардын түйнүн ача,
Сүйлөшсө бака-шака,
«Ким экен, урушкан?»- деп
Кириптир «кызыл жака».

Аскадай үнү бийик,
Ар сөзү булут тилип,
Үйүндө сүйлөп жатса,
Үркүптүр тоодо кийик.

Ак сүйлөп көңүлдү ача,
Ак пейил, дили таза
Алайлык кыргыздарым,
Ар дайым күлүп жаша.

## БАРСКООН

Түркүн гүл өсүп жаз бойдон,
Турасың дайым жаш бойдон.
Далымды төшөп бооруңа,
Ташыңды жаздап баш койгом.

Тал чыбык минип ат кылып,
Таптаза күлүп каткырып,
Так секирип жүрчү элек,
Талааны, кышта жаз кылып.

Аралап тоону эликтей,
Аскаңа жаным шериктей.

Обонум созуп ырдадым,
Ал кезде эч бир эрикпей.

Шаркыратма түбүнө,
Шашылып жетип күнүгө,
Аптыга бойду тосчу элем,
Ашыктык отко сүйүнө.

Беш көкүл чачым өрүлгөн,
Балалык өттү өзүңдөн.
Кыдыртып ойлоп өткөндү,
Кылгырды жашым көзүмдөн.

Мен эми катып кабыргам,
Мезгилдин тонун жамынгам.
Кайрылып сени көрүүгө,
Канчадан эңсеп сагынгам.

Эскерип айтсам сөзүмдө,
Элесиң калды көзүмдө.
Карылык эсте жок эле,
Кадимки ошол кезимде.

Убайын көрүп, жыл жылып,
Убакыт менен тең жылып,
Улгаят тура кайран жаш,
Умтулуу менен күн жылып.

Көркөмүң дайым эсимде,
Күч-кубат берип сезимде.
Гүлгүн кез ошол элестүү,
Эми гүл болуп өссүн өзүңдө.





## УЧКАНДА

Көгөрүп Көлүм көлмөлөп,
Көшөгө тарткан өңдөнөт.
Так үстү менен биз учсак,
Тармалдуу толкун жөрмөлөп,

Төшөлүп булут алдыда,
Төмөндөп ылдый калды да,
Абада мотор айланып,
Аябай бийик барды да,

Көз жеткис бийик аска-зоо,
Көрүнбөй жапыс болду го.
Бир айлык жолду самолет
Бир гана аттап койду го.

## ТҮНКҮ ЖАЙЛОО

Түн бетин кайчылап,
Түндүктөн ай чыгат.
Үргүлөйт желге ооп,
Үлбүрөк май чырак.

Көңүл от дүрт этип,
Көшөгө бүлк этип,
Эшикке кыз чыгат,
Эргилчек кыйч этип.

Ай көктө жалдырап,
Алтын нур жандырат.
Баладай уйкуда,
Бардык жак магдырап.

Тынчтыкты сындырып,
Капыстан сыр кылып,
Койчу атат мылтыгын,
Карышкыр «чыр» кылып.

Кыз карап алыска,
Кулагы дабышта.
Кемпирин ойготот
Чакча издеп абышка.

Боз атты камчылап,
Бозой жан талпынат.
«Кечип көр» дегенсийт,
Кирген суу шаркырап.

Тулпардын туягы,
Жаңыртат кыяны.
Күңкүлдөйт кумайык,
Дабышты туябы?

Каралап ишине,
Кечиксе кичине,
Чоёктойт селки жан,
Чок түшүп ичине.

Ай нурун чайынып,
Алп кучак жайылып,
Шыбыштар башталат,
Ширелүү жалынып.

Карагай – көлөкө,
Көрсөтпөй бөлөккө,





Бакытка малынган,
Бал сүйүү, өрөпкөө.

## НАРЫН

Күркүрөп добуш угулбай,
Күүлөнүп ташка урунбай,
Аскалуу жарга бой таштап
Атылып алга жулунбай,
Жайма жай көөлгүп жатасың
Жан-жакка бекер бурулбай.

Акырын жылып иримдей
Агымың жанга билинбей,
Кыт болуп уюп жатасың
Кыймылың көзгө илинбей.

Мелмилдеп агып жай жагың
Мемиреп жатса аймагың,
Бир көргөн адам түшүнбөйт
Башы деп Нарын дайранын.

Ошенткен менен селдейсиң,
Он айлап кечүү бербейсиң.
Ойлонбой бутун малганды
Оп тартып дароо сермейсиң.

Атайын сөзгө алынбай
Анчейин көзгө табылбай,
Дайрадай ташкын болсо да
Дүңгүрөп дүйнө жаңырбай,

Дат баспас таза талант бар
Дабышсыз жаткан агымдай.
Күркүрөп кийин көрүнөт,
Күчү окшоп ушул Нарындай.

## СЫЙМЫКТАНАМ

Кыргызым бүркүт мүнөз Алатоолук,
Күн көргөн кылымдарга көчмөн болуп.
Жүрөгү сырдаш болуп асман жакка,
Кыялы көктөгү айга айыл конуп.

Ким болсо дасторконун кенен салып,
Кемибес пейли кенен, жоомарт анык.
Айылдап кетээр болсо айлык жолго,
Ал жүрбөйт баштык байлап, азык алып.

Жолоочу кимге болсо кудай конок,
Таанбайт, бирок таттуу мейман болот.
Аянбай колдо барын ага сунуп,
Ак пейлин дасторконго жайып коет.

Кыргызым, абалтадан пейли кенен,
Канткенде сыймыктанбайм сени менен?
Меймандос, мээримдүүлүк жактарыңды,
Миң безеп обон кошуп ырдай берем.

## АШУУ ЖОЛ

Аралатып аска баштарын,
Автобусчан Ошко каттадым.
Келечектин кенен жолунан,
Кенедей да айып таппадым.





Чимирилип жолдо дөңгөлөк,
Чарык жипти түргөн өңдөнөт.
Алда канча алыс жолдорду,
Артка таштап жатты өрмөлөп.

Кыя жолу сонун моймолжуп,
Кыргыз узу шырдак ойгонсуп,
Кызык жерден жолду салыптыр,
Кыз кулагын көзөп койгонсуп.

Суусамырдан өттүм суктанып.
Суусатты ал, кымыз жыттанып.
Баатыр атам Манас андыктан,
Байыр алган тура, ыкталып.

Тасма жолдуу түптүз талаасы,
Таза жыттуу атыр абасы,
Сыймыктандым жердеп калганга
Суусамырды кыргыз баласы.

Эмгекчи элдин жетип кайраты,
Элим үчүн тийген пайдасы,
Эгиз сындуу кошо баратат,
Ээрчип агып Нарын дайрасы.

Кымыздыгы кызыл салкын төр,
Кызыгасың сөзсүз, сонун жер.
Эл күчүнөн бүткөн бул жолду,
Эс алганда, курбум, барып көр.

## ГЕОЛОГДУН ЫРЫ

Тоолорго тойбойм карасам,
Тоолорум, сенде аласам.
Толтура койнуң алтын кен,
Томкоруш үчүн баратам.

Кыргызмын, тоонун кулуну,
Колумда турмуш рулу.
Атамдай көрүп Алатоом,
Андыктан сага бурулуу.

Кылдаттап ачып барагын,
Кызыгып окуп барамын.
Талыкпай ишке киришип
Таалайым сенден табамын.

Изилдеп илим тереңин,
Издеймин сенден керегин.
Өмүргө берчү карызды,
Өзүңдөн алып беремин.

## КЕЛ, КУРБУМ, ГҮЛДӨН ШУРУ ТАГЫНАЛЫ

Жайлоолор, ак карлуу тоо касабалуу,
Жоокердей эл коргогон, асабалуу,
Көңүлгө медер болуп бийик аска,
Ырахат, арасында жашап алуу.

Тоолорум сулуулугу жаймаланган
Таштарга эңилчек гүл саймаланган.





Тилкелер жашыл килем, кызыл килем,
Табият боёкторун пайдаланган.

Туу чоку карагайлуу жылгалардан
Түгөнбөс боёкторду ылгап алам.
Көркөмү көз тайгылткан элестерин,
Көңүлгө төтөк кылып жыргап алам.

Кел, курбум, гүлдөн шуру тагыналы.
Шибердин көлдөлөңүн салыналы.
Жылдызын кымкап сымал жылтылдатып,
Үстүгө көк асманын жамыналы.

Жашарып ыракатта өмүр жолу,
Жайлоонун булутуна ороnолу.
Сезимдер бийик учуп гүлгө конуп,
Сүйүүгө ай-чолпондой тогололу.

## БЕШ-ТАШ

Белгилүү «Беш-Таш» арашан,
Бет алып сага баратам.
Керемет сенин көркүңдү,
Көз менен ойго таратам.

Сүйдүрүп өзүң тарапты,
Сезимим тартып баратты.
Эргиткен сүрдүү аскаңдан,
Элестеп турам Манасты.

Кайың-тал өскөн ар уруу,
Кула аттын жибек жалыбы?

Каныкей тиккен ак олпок
Калыптыр сага жабылуу.

Аймагын көрктөп Таластын,
Алыстан мени караттың.
Жеңилбес кылган кыргызды,
Өзүңдөн
Жебесин көрдүм Манастын.

Көркүңө көңүл тойбоду,
Көкөлөп кыял ойноду.
Айкалып бардык тарабың,
Акылдан жасап койгону.

Сүймөнчүк Беш-Таш кооз жерим,
Сүйлөнүп бүтпөс сөздөрүм.
Жаныңдан өлсөм, суктанып
Жабылаар эмес көздөрүм.

## КЫРГЫЗ ПЕЙЛИ

*(Поэма)*

О, менин киноаппарат эки көзүм.
Турмуштун ар тарабын таанып өзүм,
Көргөндү көркөмдөтүп айта берсем,
Ырларым ага берээр, бүтпөй сөзүм.

Не калды кыйындыктан мен көнбөгөн,
Не калды оорчулуктан мен көрбөгөн?
Азаптын далайынан кутулчудай,
Асыл баш аман болуп тирүү өлбөгөн.





Капталып кан төгүлгөн жамандыкка,
Кезигип кендир кескен сараңдыкка,
Ырыскы түгөнбөсө өсөт экен
Бир гана ыраазымын амандыкка.

... Кан майдан алоолонуп, замана тар,
Калганга баш-көз болуп карыялар,
Оорчулук канча башка түшсө дагы
Ошончо кайрат кылды аянбай шар.

Ачкалык бүткүл элди майыштырып
Ар ишке ийлеп көрдү кайыш кылып.
Кээ бирөө өткөн күнүн айтпайт экен
Калп эле кыйынсынып намыс кылып.

Мен болсо жашыра албайм көргөнүмдү
Эл менен эмнелерди бөлгөнүмдү,
Кара кан жутуп турган кыйындыкта
Калк менен кайрат кылып көнгөнүмдү.

Элебей талкан кылып арпаканды,
Эл менен эптеп бактык кара жанды.
Айтуудан атын гана эшитпесек,
Ал кезде ким көрүптүр мындай нанды?

Эр бүлө бүт согушка кеткен анда
Калжайган чал болбосо анда-санда.
Күйүттүн шордуу жашын төгүп коюп,
Аялдар ээлик болгон, малга-жанга.

Бирок да менин элим пейли кенен,
Түшүнгөн адамдыкка ою терең.

Кабырган кабыргана батса дагы,
Кайраттуу жашай бердиң салтың менен.

Боорукер жоомарт элим пейли кенен,
Болбогон колдо барын аео деген.
Андагы бир мисалды айткым келет
Ага өзүң таразалап койчу ченем.

Кандайдыр бир тараптан келдик көчүп.
Ачкалык кара жандан барат өтүп.
Жаңы эле керегени жайган кезде,
Бир аял келе калды өлүп-өчүп.

«И жеңе, келдиңерби кагылайын,
Эми мен өрүлүккө камынайын».
Түндүктү көтөрүшүп, үзүктү жаап,
Амандык сурашышты, алы-жайын.

«Чоңойуп жатабы, - деп - бала-чака?»
Апам да суроо салат кызыгы арта,
«Кыбырап жүрүшөт», деп муңайынкы
Көңүлсүз жооп кайтарат санаа тарта.

Кайрадан эс-акылы жыйылгансып,
Кайгысы убактылуу тыйылгансып,
Чыйралып өз турмушун айтып кирди,
Оюна түшкөндөрүн кыйылгансып.

«Жөжүрөп бешөө бирдей өсүп жатат,
Убакыт убай-чубай өтүп жатат.
Өзгөртүп кайран гана жаштык кезди,
Өмүрлөр өз ордунан көчүп жатат.





Тамтуңдап кичинеси жаңы басты,
Түймөнү токуганга жарайт асты.
Кыйналып эптеп-септеп чоңойчудай
Кудайым берип салса жеңиш жакты.

Кантебиз, көп көргөндү көрөбүз да,
Калк менен кайрат кылып көнөбүз да.
Балдарды чоңойтсом деп кейип жүрүп,
Бир күнү суу бүткөндө өлөбүз да».

Апам да кайрат айтат: «Койчу нары,
Амандык бар болсо эле болот баары.
Эми эле айдай болуп келип калат,
Ажалдан тышта болсо аталары.

Турмушта эчен түркүн алмашуу бар,
Тайманбай кыйындыкта кармашуу бар.
Жылаанча уусун чачкан душмандарга
Жыгууга дал өзүндөй арбашуу бар.

Сен антип санааркабай кайрат кылгын.
Балдарды талпындырып алга жылгын.
Жүдөбөй күйөөң келсе кулпундуруп
Бапырап ата астын тосуп тургун».

Көзүнүн жашын төгөт: «Жеңекебай
Айтканың келер бекен, оозуңа май.
Киреси ушул күндүн чыгаар бекен
Жарк этип жеңиш болуп жараткан ай!».

Жүрөктү зыркыратып анын сөзү,
Булактай мөлт-мөлт этет эки көзү.

Калчылдап кошо ыйлады чыдай албай
Кайратын айтып аткан апам өзү.

Ачкабыз. Бирок ичээр тамак барбы?
Антсе да казан асып тулга салды.
Баягы арпакандуу кебек талкан
Катыксыз кара сууга уучтап чалды.

Жаңы эле казан кайнап чыкканында
Кадамы катуу шашып ыкчамында,
Жанагы келген аял кайра келди,
Калдайган дасторкону кучагында.

«Келегой, келгин мындай, өйдө өткүн».
«Коюңуз, келин кайдан төргө өтсүн?»
«Кой антпей, өтө бергин, кайнагаң жок,
Сыйыңа чоң ырахмат, өнүп-өскүн».

Пейлинен жайын айтып безеленип,
Бар сырын түшүндүрдү жыйып-терип.
«Ак нан да болуп калаар жеңекебай
Алтын баш тирүү турса тынчтык келип».

Эпилдеп дасторконун жайып салды.
Көзүмө чалдыктырдым көмөч нанды.
Угулду «нан» деген сөз майдай болуп
Көрүндү кара көмөч айдай болуп.

«Мына, – дейт байкуш аял айтып арман
- Менде эле ун тапкандай барбы дарман?
Бул көмөч картошканын крахмалы
Жазында аңыздардан казып алган».





Ал кезде эс тарта элек бала кезим
Тамакты гана билген талкан сезим.
Көрсө аным картошканын чириги экен,
Каяктан түшүнөйүн анын несин?

Анда апам боору ачыды жаны калбай:
«Кыйналып болбос салтты оюңа албай,
Азыр да өрүлүктү эстээр кезби
Ал көрөк балдарды эле багып албай».

«Жо, жеңе өрүлүксүз болмок беле,
Мени бир салт билбеген макоо дебе».
Жаркылдап жокчулукка шек бербеди,
Жайдары кызыл жүздүү чымыр дене.

Апам да жармасынан шаша куюп,
Колунда болбосо да, пейли тунук.
«Ал, ичсең, жарма-жалаң болсо деле,
Биз эмне аяштыкпы болуп туруп.

Эсен-соо келип берсе жаман чалың,
Эми эле унутасың мунун баарын».
«О кудай ошенткен күн болоор бекен
Жарадар болсо деле жарты-жарым.

Жеңеке-ай, андай болчу күндөр кана,
Адамга мээрим төгүп, тынчтык жана».
Жүйөөсүн баштаганда андай сөздүн
Жүрөгүн дагы өйүдү туюк жара.

Кайгынын түтүнүнө чыдай албай
Кайталап шык-шык этет кургак таңдай.

Термелип күйүт менен аял башы
Төгүлөт көздөн жашы күн жаагандай.

... Бул мени көргөнүмдүн бир мисалы.
Бузулбай ичте жатат миң мисалы.
Болгонун боорлошуп салтты күткөн
Мындай эл жоомарт эмей, ким мисалы?

Бозоргон жетимдикти унутпасмын,
Болгонун аз да болсо ырга жаздым.
Көзүмдө алигиче элеси бар
Андагы аккан далай кандуу жаштын.

Атам да эл катары курман болуп
Апама белек кылды кара жоолук.
Буркурап «түгөйүм» деп күйүт тартып
Наар албай жата берет капа болуп.

Антсе да пейли тунук менин элим
Апама кайрат берип «Койгун!» дедиң.
Кор кылбай багып алдың жетимиңди
Колунда эмне болсо кошо жедим.

Коңшу элек бирөө менен пейли жакшы.
Ал айтат: «Арпа болсо кержаак тартты.
Терип ал, кара кызым, аралап - дейт.
- Талканга жарай турган дандуу башты».

Жөжүрөп ал арпадан терип келем,
Кургатып үй үстүнө жайып берем.
Калганын апам өзү тейлештирет
Кыйын го жанды такыр кыйыш деген.





Сүйүнүп үйдө талкан болгонуна
Апамды таяп алып оң колума,
Таманым түгөнгөнчө бийлептирмин
Тамчылап тер акканча жондоруму.

Эчен бир асыл адам жанга шерик,
Эзилип келатса да машак терип,
Кан күйгөн аччылыкты эсине албай
Кайратын айтып өтөт кесбен берип.

Чоңойдум кыйналсам да апам менен,
Коштошуп кичинемден атам менен.
Өзүмчө жомок окуп жаткансыймын
Өткөндү ойлоп келсем абдан терең.

Кыргызым пейлиң сонун тээ замандан,
Келгенге дасторконун кенен салган.
Адамдык, меймандостук сонун салттар
Абалтан сөөктөрүнө сиңип калган.

## *Адам сыры*

### АПАМДЫ ТАМАШАЛАП

Кырс кыялдуу апам ай,
Кыйкым таппай капаң ай.
Көп кыздан тандап сизди алган,
Олдо,
Көөдөнү жок атам ай!

Тобокел менен баш кошкон,
Толугураак байкабай,

Толгон кыздан сизди алган,
Олдо,
Тозогуң соолгон адам ай!

Тамаша кылам апаке,
Таалайым сизсиз береке
Тилегиңиз ишке ашып
Эми,
Татысам экен керекке.

Талпын деп алга айдаган,
Тарбияңдан айланам.
«Таарынаар бекен, жокпу» деп,
Ушул,
Тамаша ырды арнагам.

## НААЛЫБА ЭМИ, ТУУГАНЫМ

Тура бербейт, мезгил жетти, карыдың.
Түштөн кийин адамдыкты жаныдың.
Тууган жерге пайдаң тийип койгонсуп,
«Туугандарым таанбайт» деп наалыдың.

Эрке болдуң, эки энеге тел болдуң,
Эл өңдөнүп эмнеңден кем болдуң?
Жашың жетпей жыйырманын кырына
Жакшынакай сулуу кызга эр болдуң.

Тандап миндиң жорголордон жоргону,
Тандап кийдиң торколордон торкону.
Таап жүрбөсөң андан ары жолуңду
Турмуш сенин жүрүшүңдөн коркобу?





Каалабадың турмуш койгон талапты,
Каалай бердиң ресторан тарапты.
Эс-учуңду билбей жаттың талаада,
Эсеби жок ичип алып аракты.

Жүрөгүң таш, «асия алган уулуң» деп
Жыгып алдың минген атын атаңдын.
Сүтсүз коюп, сатып ийдиң аракка
Саап олтурган жалгыз уюн апаңдын.

Ошондуктан турмуш сыры табышмак,
Ойлонбодуң, кете берди алыстап.
Эрте билсең жашоо сырын түшүнүп
Энчисинен бөлүп бермек табыштап.

«Туугандарым таанбайт» деп өкүнбө,
Турган күнөө толук бойдон өзүңдө.
Энең дагы сүймөк эмес ал тургай
Эгер али тирүү болсо бу күндө.

## ЖИГИТТИК

Жигит - элдин урматы.
Жигит - жашоо сымбаты.
Жигит - намыс сыймыгы.
Жигит - турмуш чындыгы.
Жигит - сөздүн салмагы.
Жигит - ырдын ардагы.
Жеңил эмес турмушта,
Жигит болуп алмагы.

Сөздүн көнүп ыгына
Карап көрбөй сынына

Өйдөнүсүнөт кээ эркек
Өзүн көрүп кыбыла.
«Жигитмин» деп мактанат,
Жалгыз кийген шымына.

Ачык суудан кана ичип,
Адам көөнүн иритип,
Сазда жатса, жамбашын,
Сары сууга чиритип,
Атажурттан айлансын,
Анын несин жигиттик?

Сүйлөгөн сөздө туралбай,
Сүйүүгө урмат кыла албай,
Алдындагы максаттын,
Аягына чыга албай
Күнүмдүгүн ойлосо
Көөдөндө намыс болбосо,
Ким жигитсиң деп айтсын,
Көңүлүнө толбосо?

Ак иштен эмгек таппаса,
Айтканы элге жакпаса,
Ак сүтүн актап эненин,
Ата, энесин бакпаса,
Кубанып тирүү жүргөнгө,
Курулай көчө таптаса,
Адамдыктан түңүлтүп,
Анын несин жигиттик?

Эркек, аял дебестен,
Эрдик кылуу - жигиттик.





Эл ишине калыстап
Теңдик кылуу - жигиттик.

Орду менен иш кылып,
Озуп чыгуу - жигиттик.
Турмуштагы толкунду,
Тозуп чыгуу - жигиттик.

Көңүлдөгү капаны,
Айдап туруу - жигиттик.
Көп кемтиктин жолун таап,
Жайлап туруу - жигиттик.

## ЧОҢ ЭНЕ ЭЛЕСИ

Мээримиңден кагылайын, чоң эне,
Мени сендей сүйгөн адам жок эле.
Тентектиктен тоодой ката кылсам да,
Сен турганда сезбей көөнүм ток эле.

Апам урса, түшө калып ортого,
Арачалап, сурап алып колкого
Канатыңа балапандай калкалап,
Кубанчусуң, кезиккендей олжого.

Ошол сайын ойноор элем эсирип,
Оромпой тээп, жүк үстүнөн секирип.
Тажабастан таттуу сүйүп ансайын,
Такыр баарын жууп-чайып кечирип.

Мектебимден келээримде шашмалап,
Мээрим менен тосоор элең акмалап.

Алып чыгып чөнтөгүндөн момпосуй
Берээр элең элден катып, асталап.

Студент кез. Барып калсам айылга,
Сүр чучуктар сүзүп коюп майында,
Бөз баштыкта момпосуйдун ар түрү
Мени күтүп дале турчу жайында.

Мен чоңоюп, анан болдум балалуу,
Сенин сүйүүң агып бүтпөйт чамалуу.
Бооруңа алып, ымыркайды имерип,
Менден дагы ысык сүйдүң баламды.

Эртели-кеч келет тура бир өлүм.
Элесиңе куса болуп жүрөмүн.
Катып берген момпосуюң эстесем
Качан болсо жылый түшөт жүрөгүм.

## УЛАЙ БЕР УШУЛ ЖОЛУНДУ

Жүрүшүң, балам, калыбет,
Жүрөгүм ага каниет.
Ошого болбой айтсам деп,
Ойлорду камдайм ариет.

Анткени эне жүрөгү -
Ар дайым мээрим түнөгү.
Маа келген кырсык балама,
Болбосо деген тилеги.

Жаштыктын жалын илеби -
Жашоонун башкы тиреги.





Өмүргө жаркып турса дейм,
Өзүмдөн өнгөн гүл өңү.

Салмактуу ар бир сүйлөмүң,
Сапырбай көргөн-билгениң.
Омоктуу болсо ар сөзүң
Ошону баалайт кимде-ким.

Негизги сенин деңгээлиң -
Эринбей кылган эмгегиң.
Ар иштин майын чыгарып,
Ак дилден иштеп бергениң.

Келбетиң элди каратып,
Келесиң өсүп жарашып,
Кынтыксыз москоол мүчөңдү
Кыздардын көзү талашып.

Эмдиги тилек ойдогу -
Эркектин жары - оң колу.
Азгырык чыгып жолуңдан
Адашпай өтсөң болгону.

Сыртынан сулуу кыйла адам,
Сырдашат аста сыйлаган.
Жез тапан далай кыздар бар
Жетсе эле сермейт буйладан.

Жүрүмүн жакшы жүрүшпөй,
Сүйлөшүп сырын билишпей,
Капыстан башын кошкондор
Ажырап кетет бирикпей.

Ачылып жолуң ак болуп,
Жакшыны алсаң бак конуп,
Жаманга калсаң жанашып,
Өмүрү өчпөйт так болуп.

Иштээрман болсоң калыбет,
Ичимден кылып каниет,
Оюмдун четин чыгардым
Ойлонуп өссүн дагы деп.

## ДОСТОРУМА

Кээде калса келди-кетти азайып
Капа болом маанайымдан пасайып.
Кадырлаштар кабар сурап турбаса,
Калемим да жылбай калат кашайып.

Жылдыз чачкан күлкүңөрдөн жашарып,
Жыргачу элем ден-соолугум тазарып.
Келгилечи! Достор, силер барында
Күүгө келем, гүлкайырдай жасанып.

Көрбөй калсам, көөнүм чөгүп салбырап,
Картаямын терим бошоп балбырап.
Келип силер күлкү чачып кеткенде,
Кыялымда кызыл жалын албырат.

Келгилечи, жалдыратып жалынтпай,
Кусалыктын күүгүмүнө малынтпай,
Келгилечи, кыйбастарым, досторум,
Курбуңарды жалгыздыкка багынтпай.





## ЖАКШЫНЫН АТЫ ЖӨНӨКӨЙ

Ар кимдин иши эл менен,
Алсырайт ага көнбөгөн.
Өзү эле элге ширелет
Өсүүчү киши дембе-дем.

Менсинген менен канчалык,
Мээрими болбой анчалык,
Тууруна жакшы коно албай,
Турмушка келер калчанып.

Өпкөсүн кагып көшөрүп,
Өзү эле боюн көтөрүп,
Тыңсынган далай немелер,
Талаада калат өзөрүп.

Жүрсө да айга чамалаш
Жүрөгү элге санаалаш,
Жакшынын аты жөнөкөй,
Жалпы журт менен аралаш.

## ЖАКЫНЫМ

Көп кишилер айтып көңүл сууганын,
«Орустан да жаман» дешет тууганын.
Жаман тууган жакшы орустан айлансын,
Теңеп болбойт ал экөөнүн ыйманын.

Жүрсө бактым араң-араң каз туруп,
Жөлөк болду орус шыдыр бастырып.
«Илгерилеп ишинди ондоп кет» деди,
Иштеримди көңүл буруп жактырып.

Түз жолума акыл айтып жетелеп,
Түшүнбөсөм түшүндүрүп төтөлөп,
«Өркүндөтүп өз жолуңду алгалап,
Өнөр менен өскүн, - деди, - көкөлөп».

«Оң болгун» деп ойлоп айтты акылын.
Орус - менин өз тууганым, жакыным.
Тилим буулуп, көз жумулуп кеткенче,
Теңеп ырдайм жакындардын жакынын.

## ТРОЛЛЕЙБУС

Күйүгүп, убакыттай алга шашып,
Келесиң адамдарды жыйып, чачып.
Ичиңде канча түрдүү тагдырлар бар -
Ичинен ой барагын окуп, жазып.

Бирөөлөр иш жөнүндө какса канат,
Бирөөлөр түш жөнүндө ойлоп барат.
Бирөөлөр чоң бакытка батып келсе,
Бирөөлөр ызасына жүрөк канап.

Кай бирөө ыр жаратса сөздү терип,
Кай бири ыңгыранат бойду керип.
Алоолоп дил отуна жанса бирөө,
А бирөө денеси үркөт аны жерип.

Өйдө-ылдый тагдыр экен, көрсөң карап,
Өзгөртпөй айтуу кыйын бирден санап.
Жуурулуп бардык тагдыр бирдей болсо,
Жупуну жашоо кызык болбой калмак.





Тагдырың буйлаланып эки зымга,
Ташынып шашыласың күндө, жылда.
Турмушта тагдырлардын түрлөрү көп
Тышынан жүргөн менен элдей жылма.

## ТҮРКҮН МҮНӨЗ

Бир жаралып асманың да, ааламың,
Бирок түркүн айбаның да, адамың.
Турмуш, сени ошонуңа таңгалып,
Түмөн мезгил ой жүгүртүп карадым.

Акыл-эси ар кандайча деңгээлдүү,
Ар башкача жаратыпсың пендеңди.
Бирөө чечен, бирок ишке эби жок,
Бирөө момун, бирок колу жөндөмдүү.

Бирөө пулсуз, бирок дайым шаттыкта,
Бирөө пулдуу, бирок көөнү пастыкта.
Бирөө жүрсө чоң оорусун билгизбей
Бирөө таза, бирок башы жаздыкта.

Бирөө сүйсө, мейкиндикти, асманды,
Бирөө каалайт жерден кенди казганды.
Бирөөлөрү жай жүрүүнү жактырса,
Бирөө сүйөт карбаластап шашканды.

Бирөө сүйүп түздөн эгин эккенди
А бирөөлөр кой кайтарып кеткенди,
Бир топтору көп сүйлөөгө көнүксө
Калгандары бир сөздүүнү эп көрдү.

Бирөө эңсесе алтын казык сүйүүнү,
Бирөө көксөйт убактылуу кулуүнү.
Бирөөлөрү жактырышса калааны,
Бирөө самайт тоодо кулук минүүнү.

Бирөө ойлосо дайым тынчтык болушту,
Бирөө көксөйт кыргын салган согушту.
Бирөөлөрү адилеттүү болушса
Бирөө самайт элдин канын сорушту.

Бир жаралып асманың да, ааламың,
Бирок түркүн айбаның да, адамың.
Көрсө турмуш кызыктыгың ошондо
Көргөндөрүм көрктөп жазып барамын.

## АК ХАЛАТТАН АЙЛАНСЫН

Булкуп салып ийнени,
Бузук экен жүргөнү.
Ачык айтсам жарашпайт,
Ак халатты кийгени.

Тырс-тырс басып туягы,
Тыңсынат го сыягы.
Кыйкым таппай кыйкырган,
Кызык экен кыялы.

Суроо берсек силкинип,
Суук сөз айтат бир тийип,
Ийибеген байталдай,
Имерилбей тиртийип.





Жаман көрсө кылыгын,
Жыйып-терип кайра алсын.
Же болбосо андайлар,
Ак халаттан айлансын.

## ЭРМЕГИМ

Эрмегим, кылыгыңдан кагыламын,
Эстесем көрбөсөм да жалынамын.
Жаракөр алдым тосуп бек кучактап,
Жупжумшак өпкөнүңдү сагынамын.

Мыдыңдап татынакай бийлегениң,
Маа жагат, кайгы, санаа билбегениң.
Көрсөтүп, түркүн сонун оюнуңду
Көзүңдү куудулдантып ирмегениң.

Калтырбай жан-жаныбар үнүн туурап,
Кайдагы тилиң келбес ырларды ырдап,
Келгенде үй ичине ырыс толуп,
Каламын кылыгыңа жыргап-куунап.

Басканың мамалактай балбалактап,
Мен десең жаның калбай жалпалактап,
Эскерип, көрбөсөм да ойлой берем,
Энелик мээримимди сага сактап.

## ОРДЕНДҮҮ ЭНЕ

Балкайган, кең далылуу эткээлирээк,
Байбиче көк көйнөкчөн, тубар жибек,

Кадалган топчу ордуна ордендери
Каратар көргөндөрдү миң бир ирээт.

Көйкөлүп кең көчөдө келе жатты,
Көөнүндө өткөндү ойлоп жыла басты.
Эненин кыроо баскан саамайларын
Эркин жел желпилдетип ары шашты.

Аңгыча небереси чуркап жетти,
Колунда кармаганын жулуп кетти.
«Алып кел алдагыны, сындырасың,
Ай-уйду уксаң боло», демиш этти.

«Ай-уйду» кайдан уксун, ары кетти,
Алы жок кары киши кайдан жетти?
«Билгизбей карылыгың жеңиптир» деп,
Бир кезде балбандыгын эми сезди.

«Тулпардай күлүк элем, кайран жаным,
Туйгундай алгыр элем, көргөн баарын.
Сөзүмдү кадимкидей айткан менен
Сөлөкөт болупмун го жарты-жарым.

Чуркасаң көздөгөнгө жете албасаң,
Эл теңдүү бир чоң ишке бет албасаң
Кылайган каруусу жок карылык ай!
Же нары жанды кыйып кете албасаң...»

Элестеп бир кездеги жаштык курак,
Кинодой көз алдынан өттү чубап.
Күч берип жигиттердин жигитиндей
Кызылча сугарганы кулак-кулак.





Тулпардай жаш кезинде баскан кезин,
Турпандан бир кезде жөө качкан кезин,
Түбөлүк таң атканда адам үчүн
Дайрадай толкуп күчү ашкан кезин.

Шалдайып өкүнгөндөн бошоп зээни,
Шиберге бүгөөрүндө кош тизени,
Карыга каруу болуп эгиз жылдыз
Тийишип бир-бирине «шыңгыр» деди.

## ЫНСАПСЫЗГА

Жасалма тиштүү «жаш жигит»,
Жан-алың калбайт жүткүнүп.
Жаман сөз айтсам бул жерден
Жалындап күйбө, үшкүрүп.

Көрүнөт өңүң чалдардай,
Көз кысып бозой балдардай,
Кыздарга колуң сунасың
Кызарбай дагы, ардандай.

Он үчтө кызды чал алган,
Оолактап бизден ал калган.
Ошондо туулбай калыпсың
Ойлонуп кылба, эми арман.

Кырк-элүү окшойт катарың,
Кыздардан алыс сапарың.
Кыйыткан сөздү билбесең
Кыркылып калсын сакалың.

## ИЧИ ТАРГА

Эмгектен келди ийгилик,
Элиме мени сүйдүрүп.
Иштебей жүрүп кээ бирөө,
Ич тардык кылат күйдүрүп.

Тапканын тартып алгандай,
Таңгалып сүйлөйт ар кандай,
Изине сары чөп салып
Ичине таруу айланбай.

«Оңолду кайсы жактан?» деп,
«Олжону кантип тапкан?» деп,
Уктабай чыгат кээ түнү
Убайга түшүп санаа жеп.

Арамдын пейли арамда,
Андайдын ою жаманда.
Кемитип алчу немедей,
Кээ бирде келбейт саламга.

Олжону эмгек жаратат,
Оңолуп ишим баратат,
Эстүүлөр сүйүп өзүмдү,
Эссиздер кыйгач карашат.

## ЖАРАБАЙТ ӨТӨ ЭЛЕ ЧАБАЛДЫК

Жалганда ырахат күн көрүп,
Жашасаң болбойбу көлбөөрүп.
Баары эле сен үчүн жагымсыз,
Оорулуу ашказан өңдөнүп.





Бошогон азуудай зыркырап,
Болбогон, майда ишке чыркырап,
Орунсуз нерсеге кейийсиң,
Ошондон, болбогон чыр чыгат.

Адамда көп болот жаңылмак.
Аны сен күчөтүп кабылдап,
Өткөрүп койбостон андайды
Өткөндү козгойсуң, жаңылап.

Турмушта, жакшылык, жамандык,
Туруктуу күтүүгө жаралдык.
Жаманын жашыра басып кой,
Жарабас өтө эле чабалдык.

## АЛМА

Аралап жүрдүм алманы,
Аппагын үзүп алганы.
Бийикте турат сонуну,
Жеткендин болбос арманы.

Тырмышып ага чыкпадым,
Түбүндө бир аз уктадым.
Аңкыган алма жытынан,
Аябай кере жыттадым.

Шоодурай түшсө жалбырык,
Шоокуму ойду жандырат.
«Топ» деген жерди карасам,
Томпойгон алма албырат.

Колума алсам алманы,
Коздугу мени алдады.
Көңүлүм буруп карасам,
Курт экен чирик ар жагы.

Адамдык жагын аңдабай,
Ак жүзүн сүйсөң тандабай,
Далайдан чыгат былыктык,
Дал ошол кызыл алмадай.

## БӨБӨКТӨРГӨ ТИЛЕК

Томпойгон кагылайын бөбөктөрүм,
Толтурган келечекти жөлөктөрүм,
Картайсак кадырлашып сый көрсөтөр
Калкыма кубат болгон өбөктөрүм.

Ээ болуп келечекти жетектээрим,
Элимдин ордун басып кезектээрим.
Кам көрүп силер үчүн ата-энелер
Канчалык сүйкүм менен төгөт мээрим.

Энеге бала кымбат, жүрөгүбүз
Эркиндик, тынчтык биздин тилегибиз.
Кыйналбай, кайгы тартпай чоңойсоңор
Кызыл гүл үрөн-бутак тирегибиз.

## СТУДЕНТ УУЛУМА КАТ

Жаздым жоопту катыңа.
Жардам сурап жашыба.
Көзүң менен көрөсүң,
Көп иш келет башыңа.





Студенттик турмушуң –
Өмүрдөгү жылдызың.
Кемисең да кийимден,
Кийин кийчү кырмызың.

Турмушуңдун ар жолу,
Таразадай кадакчан.
Салмак берип жакшыга
Салыштырат жараткан,
Жамандыкты көрсөтүп,
Жакшылыкты баалаткан.

Ачкачылык болбосо,
Аш кадырын ким билмек?
Жашай берсе картайбай,
Жаш кадырын ким билмек?

Жадатпаса кыш чилде,
Жаз кадырын ким билмек?
Жаман кыял болбосо,
Наз кадырын ким билмек?

Өлүм чиркин болбосо
Өмүр баркын ким билмек?
Көксөп бирөөн сүйбөсө,
Көңүл баркын ким билмек?

Суук жүздүүлөр болбосо,
Сулуу баркын ким билмек?
Суусатпаса кургактык,
Суунун баркын ким билмек?

Көрдөй сокур болбосо,
Көз кадырын ким билмек?
Кээ бир дөдөй болбосо,
Сөз кадырын ким билмек?
Өчөшкөн жоо болбосо,
Өз кадырын ким билмек?

Баары таттуу жаралса,
Бал кадырын ким билмек?
Жашай берсе суу менен,
Нан кадырын ким билмек?

Ошондуктан, тентегим,
Ойлоп турмуш бөлчөгүн,
Одонолук кетирбей,
Орду менен өлчөгүн.
Адамдыкка толтургун,
Акылыңдын көөрчөгүн.

Тоскоолдукту жеңе бил,
Теңсиздикти көрө бил.
Колуңдагы наныңды,
Кембагалга бөлө бил.

Дөөлөт күтсөң көппөгүн,
Дардалактап өспөгүн.
Дилиң бирөөн жек көрсө,
Тилиң менен сөкпөгүн.
Кечиримдүү жан болсоң
Келечекте өскөнүң.

Азыткыдан четтегин,
Арамдыкка көчпөгүн.





Күнүмдүгүн ойлонуп,
Колду шилтеп өспөгүн.

Адам көзү ач келет,
Аны дагы унутпа.
Оңой талкан оң кылбайт,
Суктук кылып курутпа.

Чыда, бакыт табылат,
Бутактанып шак улап.
Адам болсоң негизи,
Азап жолу жабылат.

## ЖАКШЫ ЖАНА ЖАМАН

Жакшы адамдар жакшы болбойт бир замат.
Жакшылардын жашоосунан үлгү алат.
«Жакшы деген атак алсам экен» деп,
Жакшы жакты ээрчий берет тырмалап.

Эссиз адам эчендерден кур калат.
Ээрчий албайт эл өңдөнүп тырмалап.
Эмне кылсын, эл ичинде жүрүшөт,
Эптеп-септеп, калп-салп айтып бурмалап.

## АПАКЕБАЙ, ДАГЫ КҮТ

Өзү көзү менен көргөн соң,
Өзгөргөн ушул дүйнөнү,
Карыган апам кубанып,
Капасы жоктой сүйлөдү:

«Караңгы болдук бир кезде,
Кайгы-муң менен күн көргөн.
Калк үчүн мындай жыргалды,
Өң эмес түштөн ким көргөн?

Техника дегенди,
Дегеле эч ким билбеген.
Темирди минип айга учкан,
Турмушту көрдүм гүлдөгөн.

Баатыр жаштар бу күндө
Барбаган жери калган жок.
Эң жакшы заман келиптир,
Эми өлсөм такыр арман жок».

Деп апакем бул кезди,
Көргөнүнө ыраазы.
Анда мен да кеп салдым,
Ал сөзүнө наараазы:

«Сиз көргөн ушул гүл турмуш,
Өзгөрүп өсөт он эсе.
Жоготот врач ажалды,
Жашаңыз көпкө бир нече.

Бул - чекеси гүлдөштүн,
Алдыда биздин чоң үмүт.
Карымын дебей апаке,
Келечекти дагы күт».

## ЭНЕЛЕРДИ СЫЙЛАЙЛЫ

Күн көрүнбөй, туман карарып,
Көңүлдөргө коркуу жаралып,





Кайгы менен өттү көз ачпай,
Кайран биздин сонун балалык.

Жалбыраксыз кышкы дарактай,
Жыртык кийим турчу жарашпай.
Кейиш салып тамак айласы,
Кеч кирбей да кайра таң атпай.

Анда биздин баатыр энелер,
Ак эмгеги айга теңелээр.
Кайраттарын айтса сөз жеткис,
Кандай айтсам толук ченелээр?

Кечке тынбай жасап жумушту,
Кечте бизге көңүл бурушчу.
Таң атканча түймө токушуп,
Таң сүргөндө ишке турушчу.

Өстүк эми өлбөй сабалап,
Өмүр гүлүн бир топ аралап.
Энелерди эми сыйлайлы,
Эркелешсин бийик абалап.

## ЫСЫП КЕТТИМ

Айлана сары, кызыл жалбырактуу
«А» десең ооздон чыгып көгүлтүр буу,
Тумшукту кызыл боеп чыкыроон жел
Токтобойт мөлт-мөлт этип мурундан суу.

Келатсам мен да ошонун бири болуп,
Көгөрүп беш колумдун башы тоңуп,

Төш таяп тоо суусуна эки жигит,
Турсийчен энесинен туума болуп,

Булчуну таштай болгон чымыр дене
Булкунуп сезип койбойт суукту деле.
Кайкалап чабак уруп ойноп жүрөт
Кадимки сууда сүзгөн балык беле?

Өзүмө-өзүм айтып анда жеме,
Өзгөрүп аба тартып кере-кере
Кызыгып ал экөөндөй болгум келип
Кызарып ысып кетти муздак дене.

## КӨЙРӨҢ КЫЗДЫН КӨҢҮЛҮ

«Таш күзгүгө жүзүм каратсам,
Таңкы гүлдөй жайнап жарашкан,
Жүзүмдөгү жаркын сулуулук,
Жигиттерди улам караткан.

Кош чолпондой көздөр чачырап,
Күн нурундай кирпик бажырап,
Кийингеним бойго жарашып,
Көп жигиттер мага ашыгат».

## КОЛДОН КЕЛСЕ

«Селки» дебе, улгайдым, балдарым бар.
Сен өңдүү эмес, туруктуу алганым бар.
«Сени сүйдүм жүрөктөн аябай» деп,
Себеп кылып колумдан кармагың бар.





«Жашсың» дебе, жаш өттү, балдарым бар.
Жайдар мүнөз, жакшына алганым бар.
Жайың менен шагыңды сындырбасам,
Жанталашып колумдан кармагың бар.

Көрсөң боло абайлап эки жакты,
Көңүл бузуп ким эмне пайда тапты?
Колдон келсе бүт аял кодуласа,
Коомго жат сен өңдүү сандыракты.

## КАЙРАН АРАК

Ар бир конок өздөрүн жибек санап,
Алдыртадан билгизбей кыя карап,
Ар кимиси кебелбей токтоосунат.
Азырынча келе элек айтылуу арак.

Ак самоордон буу чыгып шарак-шарак,
Ал чай менен аралаш сунулуу арак.
Макул болду «ал–алга» «атказ» бербей,
Менменсинген меймандар турбай карап.

Алды үчтөн, аркасы экини ичти.
Атаганат төр тарап дуулдай түштү.
Орто жерде бир жигит чеченсинет,
Опурулса оозунун жели күчтүү.

Чечен жигит үй ээсин «келгин» деди.
«Чениң менен көпкүнүң эргул» деди.
«Аялыңа ашыкмын кыз кезинен,
Алып кетем ээрчитип, бергин» деди.

Конок сөзүн кечирип жигит күлдү,
Кол бошобой укпамыш болуп жүрдү.
Ал конокко кошумча бирөө чыкты,
Айткан сөзү жиндидей түрлүү-түрлүү.

«Анык ашык болгон мен, көзүңдү ачкын,
Алсам аны мен алам, сөзүң тарткын.
Чебеленип ыгы жок көз артпастан,
Чегиң менен суктанып көзүңдү арткын».

Мурундары муштумдан кан жалады,
Мулуңдашкан чыр менен эл тарады.
Кыз жибектей жигиттер койгулашып,
Кызык ишке «жинди суу» бир жарады.

Сууга айланып эртеси ичкен тамак,
Сүйлөшө албайт эртеси жерди карап.
Кылыксынган эченге кыргый болгон,
Комедия кинодой кайран арак!

## АЙЛАНАЙЫН, АЛ АРЫ

Ичпесең да ичкилик
Ич-ич менен ичилип
Кээде, кээде болсо да
Кетет баштан кишилик.

Айланайын, ал ары!
Ал азыткы тамагы.
Адамдыктан чыгарат
Анын берген сабагы.

Бетти-башты айрыткан
Беймазанын тамагы.





Бекер акча коротуп
Бербе мага, ал ары.

Беш сомуңа эт алып
Беш бармактан сал ары.
Тойгончо жеп ал эттен
Тып-тынч уктап калалы.

## АРАКЕЧ МОЛДОГО

Арабдын жаттап ырларын,
А бирок билбей сырларын,
«Куран» деп коюп сүзүлүп,
Кыраатын чоюп ырдадың.

Келмени кенен камдадың,
Бисмилла сөздөн танбадың.
А бирок күнөө болсо да,
Аракты таштай албадың.

Шарият сөздөн чубуртуп,
Шашпайсың сүйлөп кубултуп.
Тозокко отту жактырып,
Бейишке жыргал курултуп.

А эгерде аның чын болсо,
Айтканың туура сын болсо,
Аракты ичкен молдону,
Куйкалаар тозок бар болсо.

## ЧЫНДЫК УРААНЫ

Ырбатып ызы-чууну,
Ылайлап далай сууну,
Кыйлага кара туман
Каптады, жайып тууну.

Ач көздүк араан ачып,
Арамдык канат жазып,
Жүрнардын доору жүрүп
Калыстык кетти качып.

Каргалар булбул болуп,
Булбулдар кургур болуп,
Кара өзгөй бийлик алып
Караны ак деп жоруп,

Жел жүрбөй көпкө басып
Бир өрөөн жатты сасып.
Тыңсынган далай өпкө
Тарыхка атын жазып.

Айдарым аба жүрүп,
Туманды четке түрүп,
Адалдын назик гүлү
Ачылды кайра күлүп.

Суроолор чечилбеген,
Сом бойдон кесилбеген,
Сыртынан сүрдүүсүнгөн
Сүйлөмдөр жетилбеген,

Учурдун изи менен,
Укуктун мизи менен,





Таанылды отоо чөптөй
Тартиптин иши менен.

Өрөөндө гүлдөр жайнап,
Өңүнө келип аймак,
Бапырап иши оңолуп
Багында булбул сайрап,

Ойлордун түйнүн чечип
Оордуктун мойнун кесип,
Ураалап чындык жүрөт,
Уйпалап жалганды эзип.

Жаңыруу - жалпы жарыш,
Жаңылуу - артта калыш.
Адымдоо акыл менен -
Адамдык бийик парыз.

Жаз болуп жаңыланып,
Жакшы ырга шаң уланып,
Дүңгүрөп тынчтык, эмгек
Дүйнөгө жаңыралык.

## ЧОБУР

Жан багып оттоп жүрсө кашаң чобур,
Жанынан үндөр чыгат кобур-собур.
«Карасаң, капталы жоор байкуш экен,
Каяктан келген шордуу болду мобул?»

Аңгыча чаң уютуп күлүк тобу,
Алыстан көзгө урунат тасма жолу.

Ормоюп кашаң кара карап турса,
Ошондо ээсинин айткан жообу:

«Чу, кеттик, топуранда, кашаң кара.
Чылбыр бой жакын турат даңктуу мара.
Чукулдан чыга калып кошулалы,
Чабымыш болуп бир аз ишке жара».

Теминип капталы жоор кашаңына,
Теңелиш үчүн күлүк катарына,
Капыстан бир коңулдан чыга калды,
Караансыз күлүк мара ашаарында.

Жебесин секундунун басаарында,
Жээрде деп калыс жаңы жазаарында
Жаңылыш көргөн көзүн ушалады,
Жеткенде кара чобур катарына.

Ишенди чобур күлүк экенине,
Ийги айтып тулпар болуп кетээрине.
Күлүккө күлөт чобур мыйыгынан,
Күрдөөлдүү чын марага жетээринде.

Ошентип бир мараны тартып алып,
Ооруктуу ал ийгиге жаркып алып,
Күнүмдүк «күлүк» деген атка конуп,
Күүлдөдү бирөөлөрдүн даңкын алып.

Келатты андан бери «күлүк» делип,
Анысын билгизбеске жапа чегип.
Чунандап күлүк көрсө жолотподу,
«Чобур» деп өз ысымын ага берип.





Бирок да мезгил өтүп сөөмөй кезеп,
Быйыл да чаба турган келди кезек.
Баягы арсыз чобур ээси экөө,
«Буйтачу жолду кайдан тапсак?» дешет.

Жарышты жаркын чындык колуна алып,
Кашаңдар караандабай артта калып,
Жортокто жолу болбой калышкан дейт,
Жоболоң «Чобур» атын өзүнө алып.

## БИРӨӨНҮ СҮРӨТТӨП

Акылы бийик бою пас,
Ар бир сөзү каухар таш,
Тулку бою бүт алтын,
Тууган айдай кара каш.

Тунук суудай мөлмөл көз,
Түшүнүктүү кыска сөз.
Адам көөнүн калтырбас,
Ар мүнөзү жумшак бөз.

Аппак тиши асыл таш,
Ашык болор далай жаш.
Баш кошсо эми болгону,
Баркын билген карындаш.

## УУЛУМА

Каалаганга каймактай калпынып кой,
Кара ниетке өзүңдөй тартынып кой.
Орду менен айтылган акыл сөздү,
Олжо толгон куржундай артынып кой.

Кекенгенге мылтыктай атылып кой,
Кең пейилге берметтей чачылып кой.
Кутман ойлуу, акылман адамдарга,
Кулпусу жок эшиктей ачылып кой.

Кашандыкты капталга теминип кой,
Бошоңдукту болоттой жемирип кой.
Калыстыктын саа тийген токмогуна,
Кур намыска чиренбей жеңилип кой.

## АДАТ КАЛБАЙТ

Жаман кыял жанда бар,
Жалпыда эмес, чанда бар.
Капыс ага жолуксаң,
Кайран өмүр сандалаар.

Кимдин сырын ким билсин,
Күлмүңдөсө дилгирсиң.
Көңүл отун тапканды,
Ким жактырбай тим жүрсүн?

Баштап жорго салышын,
Байкап аттап арышын,
Мемиретип колдонот,
Мүмкүндүктүн баарысын.

Баратканы баратат,
Балкып кумар таратат.
Көкөлөтүп көңүлдү
Көп нерсени саматат.





Тамашаны төгүлтүп,
Ыракатка чөмүлтүп,
Кыйкымы жок көрүнөт,
Кимди болсо берилтип.

Ойлоп таптым сонунду.
Көп ойлонуу сонунбу?
Калтырбаска көңүлүн
Карматасың колуңду.

Экчебей да калчабай,
Жорго жүрүш жайкамай.
Эч жамандык ойдо жок,
Баратасың жайма-жай.

Бирок ошол заматта,
Булт деп тетир тарапка
Көтөрөт да бир урат,
Көзүң чыгып чанактан.

«Кудай мени урду» деп,
Кайра келет жалынып,
Антын айтып антпеске,
Думанадай ак уруп.

Не кыларың биле албай
Түктүйөсүң, турасың.
Өзү ойлогон оюнан
Өзү үрккөнүн угасың.

Ойлоносуң «койду» деп,
«Бир кокустук болду» деп.

«Жаңылышкан турбайбы,
Жалдыраган шордуу» деп.

Кайра чаңын кубүнүп,
Тазаланып сүрүнүп,
Жол жүрүштү улайсың.
Тигил болсо чимирик.

Бирок адет калчубу?
Узак жорго салчубу?
Баягысы баягы
Баштай берет балааны.

Ойлоносуң, таппайсың,
Ойт берүүнүн себебин.
Жаман нерсе турбайбы,
Жаман кыял дегениң.

## АРАМ ПЕЙИЛГЕ

Бирөөнү бирөөлөргө кайрап коюп,
Билмексен сырт жагынан жайлап коюп,
Жүзөгө ал иштериң ашып калса,
Жүрөсүң кубанычта «хайлап» коюп.

Эгерде ал талабың болбой калса,
Эзиле салам айтып алда канча,
Ийилип ийгиликти куттуктайсың,
Ичинде киргили жок адал жанча.

Изинди жашырасың сымап болуп,
Иштерди тетириче бурап коюп,





Жалааны жалган жерден жаба салып,
Жарылбай ал күнөөңө чыдап коюп.

## БАЛАГА

Кың десең адат ойгонуу,
Уктабай токсон толгонуу.
Таттуу уйкум кетти дайынсыз,
Сага мен эне болгону.

Мыйтыйган колу-бутуңдан,
Балалык жыпар жытыңдан!
Жыргалым деп сеземин,
Жыттаган сайын ууртуңдан.

Торгойдой шаттуу тилиңден,
Сүйкүмдүү чыккан үнүңдөн!
Өлгөнчө канбайт окшоймун,
Балама болгон сүйүүмдөн.

Суусатып күлүп койгонуң,
Суктанып эч бир тойбодум.
Карысам уулум сен дагы,
Мен өңдүү сүйсөң болгону.

## СОГУШ ТАГЫ

Бомба түштү күтүлбөгөн учурдан
Быркыратып быт-чыт кылып жутунган.
Күкүм болуп бүт имарат, бүт калаа,
Киши жоктой мындан качып кутулган.

Элдин баары эч жазыксыз кырылган,
Эне-бала үстөмөндөп жыгылган.
Коюнуна корголотуп кулунун
Кудайына доошу жете чыңырган.

Асыл буюм, алтын-күмүш чачылып,
Адам өлүп, абийири ачылып,
Каны-жини жуурулушуп акканда
Караганга дитиң барбай батынып.

Бирөөлөрү бүтүн тамга басылып,
Бирөөлөрү башы чыгып бакырып,
Башкалары эки буту үзүлүп
Боору менен жылып барат шашылып.

Эгиз бала ойноп турган куландай,
Эми жаткан төшөгүнөн тура албай
Бирин-бири көтөрүшөт кыя албай,
Бөлөк жаткан ичегисин жыя албай.

Өчпөй күйдү жердин шары өрт болуп,
Өчүрө албай аалам көзү төрт болуп,
Бул дүйнөдө бала сүйүү, жар сүйүү,
Башаламан күйүп жатты мерт болуп.

Күйүп жатты жомокто жок калаалар,
Күйүп жатты жашыл килем талаалар.
Күлгө айланып канча адамдын өмүрү,
Күн асмандан тиктеп турду санаадар.

Бүт алаамат түбөлүккө элестүү,
Бүт дүйнөлүк тарых менен теңешти.





Бүттү согуш өз энчисин алган соң,
Бүтпөй турган эч нерсе жок эмеспи.

Кайра баштан урандылар куралып,
Кайра баштан таланттуулар сыналып,
Кайра баштан бүчүр байлап өмүрлөр,
Калк өсүүдө күчкө толуп чыңалып.

Ошентсе да согуш тагы кете элек,
Ошентсе да калыбына жете элек,
Кырк мүнөттө талкаланган калаанын,
Кырк жыл бою кышын кынап бүтө элек.
Кырк жыл бою жарын күтүп жубайлар,
Жүрөгүнөн ак сүйүүсү өчө элек.

## КАЛЫС КӨЗДӨР

Тагдырлар өйдө-төмөн,
Себеби сезилбеген,
Тулпар бар өмүр бою
Тушоосу чечилбеген.

Жашоого коюп талап,
Учсам деп көктү карап,
Жаралган арман үчүн
Бүркүт бар сынык канат.

Көрүүгө бийиктигин
Көзүнөн жалын жанат.
Аргасыз алсыратат,
Айыкпай ошол жарат.

Кээсине ырыс, кешик,
Өзү эле ачат эшик.
Бакытка белчесинен,
Малынып жүрөт кечип.

Ал үчүн кызык да эмес,
Ат салып алга жүрүш.
Аркырап бийик учуп,
Асмандын сырын билиш.

А бирок калыс көздөр,
Көргөнүн айта берип,
Тулпарды тулпар дешет
Турса да чидер керип.

Бужүрөп сынык канат,
Буктөлбөй катып, сенип,
Жатса да шумкар дешет
Сөздөрү көктү челип.

## ЖАМАН ПЕЙИЛ ЖАКЫНЫМА

Көңүлүмдүн ириңдеген жарасын
Көрүп туруп тырмагыңды маласың.
Өчүң болсо матыра түш манжаңды,
Тагдыр ошол! Канашынча канасын.

Жаратылыш жазып койсо не чара?
Жарты канат жаралсам мен бечара.
Жанч жүрөктү, жанчыш үчүн жаралсаң,
Жаны чыгып кетсе гана тез ара.





## КАЙРАТ

Муңкүрөп кайгырбачы, тагдыр ошол.
Сен эмес, кайрат качып, мууну бошоор.
Адамдын укум толбос өмүрүндө
Ар жерден кыйды кырсык бутун тосоор.

Аларды жеңген гана жеңип өтөөр.
Алдырбай кадимкиңдей башың көтөр.
Андайда алптар гана тике туруп
Алсызы бир үйлөмдөн үлп деп өчөөр.

Кайгынын кан чеңгели мыжып улам
Күйүткө күйгөнүңдү сезип турам.
Өткөндү өксүй берип тапкан барбы?
Бир гана кайрат жеңет белин бууган.

Бизди да күтөт сапар. Кеттик, жердеш!
Ойлонуп олтурууга мөөнөт бербес.
Бар болгон айырмасы – алыс, жакын.
Болбосо... баарысы эле барса келбес.

Бой бербей, тоскоолдукту аттап ары,
Парызын тирүүлүктүн аткаралы!
Түбүнө бул жолдун да жетебиз го,
Түбөлүк үйүбүзгө ак баралы.

*Жалгыз терек*

## ЖОЛ ЖОМОГУ

Турмушта мен баскан жол жалгыз аяк
Баратат черди аралап, өргө таяп.
Тагдырым маңдайыма жазса керек,
Бирөө жок багыт берээр жөлөп-таяп.

Максатым - тээ чокуда, жеткис ченем.
Төбөсү үн алышат жылдыз менен.
Бир жердин ити-кушу жолум тозсо,
Бир жерден булбул сайрап, гүлдөр терем.

Кыскасы мен жүргөн жол - сырдуу жомок,
Кээ бирде ажыдаары алдым тороп,
Кармашта калыстыктын канжарынан
Кайыштай тилинет да, күм-жам болот.

Таманды таштар тилип, бутта чарык,
Тайгылам, жалама зоо ылдый калып.
Шалдайган бойду жыйнап кайра жөнөйм,
Шагылга бут жылмышып төмөн барып.

Кантсе да басканыма узак болду.
Кайтууга мөөнөт бербес убак болду.
Кылчайып алыс калган издериме
Кайрадан сапар чегем, улап жолду.

## ЖАКШЫНЫН БААРЫ ЖАКЫНЫМ

«Алдымда сүрөөр агам жок,
Артымда болбой бир бөбөк,





Атасыз жетим мендейге,
«Алга» деп болот ким жөлөк?

Жетелээр же бир эжем жок,
Же сиңдим болбой бир бөбөк,
Жерге-жээксиз мендейге,
«Жетил» деп болот ким жөлөк?»

Ошентип бала кезимде,
Ойлонуп ыйлай берчү экем.
Оюмдун жетпей түбүнө,
Оюндун чуусу жеңчү экен.

Карасам ошол кезегим,
Калп эле ойчул экенмин.
«Кайгырдым эмне мынча?» деп,
Катамды эми сеземин.

Жардамга кошкон акылын,
Жакшынын баары жакыным.
Жамандан Кудай жат кылсын,
Жашырбай айтсам ачыгын.

## АР НЕРСЕНИН ЧЕГИ БАР

Ойду термеп океаны санаанын,
Оодарылбай аз-аз жерден каламын.
Алыска айдап үмүтүмдүн кемесин,
Ага болбой максат көздөп барамын.

Кээде тагдыр таалай жолун тар кылып,
Күтүүсүздөн тоодой толкун жарга уруп,

Ак кемедей ак сүйүүмдөн ажырап,
Алсыратат, сыңар канат жан кылып.

Жаратын жаап жүрөгүмдүн сыйрыктуу,
Жашайм күлүп, ырым менен сыймыктуу.
Мен сүйүүдөн кур алакан калсам да,
Мээрим төгүп талант берди сыйлыкты.

Кай бирөөнүн көксөп сүйгөн теңи бар.
Кай бирөөнүн көкөй кескен кеми бар.
Баарын мага кайдан берсин Жараткан?
Бул дүйнөдө ар нерсенин чеги бар.

## ТУРМУШТУ МЕН ДА ТҮШҮНӨМ

Жоошсунуп, аста кылгырып,
Жооп күтө суроо жылдырып,
Койду да эчки дедиртип
Койгуң бар сөзгө сындырып.

«Чиренген сулуу неменин,
Чамасы канча» дебегин.
Түшүнөм, агай, түшүнөм,
Турмушту менден ченегин.

Түйшүктүн тосуп аптабын,
Турмуштун даамын таткамын.
Ар иштин билип жөн-жайын,
Андан соң ырды жазгамын.

Согуштун көнүп каатына,
Соконун минип атына,





Тирүүлөй тартып тозокту,
Турмушка жүрдүк басына.

Коктусун санап асканын,
Кой жайып нечен баскамын.
Шиберин кечип гүл терип,
Ширесин далай таткамын.

Жат билип жолун бөксөнүн,
Жылан бут басып өткөмүн.
Элик тон, жаргак шым кийип,
Эркекче сака өкчөдүм.

Уйкуну бөлүп экиге,
Үйүрдү жайып секиге,
Жылдызын санап асмандын,
Жүргөмүн жылкы четинде.

Куйруктан алып тим эле
Кулунга күчүм теңеле,
Кулагы менен тең ойноп
Куп келчү, чыкта, желеге.

Кой саашып, козу кайтарып,
Коктуга чейин алпарып,
Амалдап жанды бакканбыз,
Ачтыктын мизин майтарып.

Тентекти далай салчубуз,
Текеге минип алчубуз.
Алаксып койлор жамырап,
Тил угуп далай калчубуз.

Түн катып орок оргонбуз.
Талаага далай конгонбуз.
Күрөктөп жүрүп жер айдап,
Колу-бут жооруп болгонбуз.

Кеп дебей жүрүп кейишти
Келгенбиз алып жеңишти.
Келди өзү дейт го дебегин
Кең дүйнө, жыргал жемишти.

Түйшүктүн тосуп аптабын
Турмуштун балын таткамын.
Ар иштин жайын түшүнүп,
Андан соң ырды жазгамын.

## МҮНӨЗҮМ

Мүнөзүм бар сары майдай эриген,
Кыялым бар кыянатты жериген.
Кебелбестен жүрө бермей жайым бар
Кекээрденген, кеп уксам да кээ бирден.

Келе бердим түз жолумдан адашпай,
Кай бирөөнүн ич тардыгын жаратпай.
Билгичтенип башка бирөө өңдөнүп,
Бийлик издеп кара өзгөйгө жанашпай.

Эл ишенсе - ишеничин актадым.
Эл сыйласа - көтөрүлүп баспадым.
Жөнөкөйлүк мээримимден адашпай
Жорголорчо жүрүшүмдөн жазбадым.





Көрө албастар сүйлөй берди билгенин.
Каяша айтып жаман жолго кирбедим.
Ичим күйүп тилим менен тилдебей,
Илгери өсүп, ишим менен тилдедим.

## ТАГДЫРДАН ЧЫККАН ТАМАША

«Жыйып келдим аары сымал,
Жечү чөптүн баарысы бар.
«Тирүү жүрөр бекен» деген
Тилегимдин даамы чыгаар.
Ичип көрсөң, энекебай,
Улукмандын дарысындай
Ушул тамак айыктыраар», -

Деп какшаса балам жашып,
Денем сергип, күчүм ташып,
Туйгун болуп туйлайт жүрөк,
Туруп жүрөм минтип басып.
Балам турса минтип зарлап,
Баса бердим, ажалды алдап.
Барат элем кайда шашып?!

## ҮМҮТ

Түйшүктөрдүн далайына жешилип,
Түтпөй барат ден соолугум кетилип,
Жаңы гана бир жыртыгын жамасам,
Жан жагынан дагы бир жер тешилип.

Боордун тушу сүзүлгөндөн кылайып,
Боз жамачы бастыргынмын муңайып.

«Бүттү го» деп копшоп көрсөм өзүмдү,
Бөйрөк тушум дырт дей түштү булайып.

Издеп жүрүп ден-соолукка жамаачы,
Иргелбестен өттү мезгил арасы.
Жаңы гана көктөп-сактап козголсом,
Көрүнүүдө ашказандын арасы.

Ак халаттан жардам сурап, жалынып,
Аны дагы бүтөп койсом, жаңырып
Жүрөк барат жалкоо тартып иштебей,
Жүрүп-жүрбөй, ирети жок кагылып.

Күлгүн кездин күнү батып кеч кирип,
Гүл өмүрүм картаюуда эскирип.
Төркүлөтчү түрү бар го бул жалган
Түбөлүккө жер энеме жеткирип.

Жашайм, жашайм, көтөрөмүн баарысын,
Жан курусун, издеп жакшы дарысын.
Өлбөс үчүн дары жасайт деп уктум,
Аз чыдайын, сатып калаар анысын...

## ӨМҮР ЖОЛУ

Жиптей болуп жоон-ичке чатышкан,
Жолдор келет чыгыштан да, батыштан.
Арам-адал, ак-карасы аралаш
Ар кимиси ар кандай жол басышкан.

Төрөлгөндөн ар бир перзент энеден,
Жолдор күтөт өмүрүнө ченеген.





Адамдар көп ак эмгектен бийиктеп,
Аз өмүрүн алыстыкка теңеген.

Ак көңүл бар, көкүрөгү ачылган,
Дүйнө түгөл, төгүлүп да чачылган.
Эгер бирөө бир нерсесин сураса
Эки эселеп өлчөмүнөн ашырган.

Кээ бирөө бар уу жыландай сойлогон,
Кошоматта бийге түшүп ойногон,
Өз башынын кызыгы үчүн күнүмдүк,
Күнөөсүздүн канын ичип тойлогон.

Ошол жолдор чоңду дагы, баланы,
Келише албас акты жана караны,
Чубатууда баарын бирдей нугунан
Жакындатып чыгыш-батыш араны.

## ТИРҮҮЛҮКТӨ

Сүйгөнүң сыр түйүнүн билип турса,
Сөзүнөн кыр чыгарбай күлүп турса,
Айттырбай акылында болгон ойду
Алдыртан көңүлүнө түйүп турса,

Үйүңө эң сүйүктүү досуң консо,
Берүүгө аш-тамагың белен болсо,
Тирүүдө андан ашкан жыргал барбы,
Түйүндүү сырды чечип көңүл толсо?

Күн кечке күлө багып ишиңди иштеп,
Киргилсиз ак сүйүүнүн жытын искеп,

Жүрөгүң жүрүп турса ден-соолукта
Жүрбөгүн андан артык бакыт издеп.

## МЕН

Мен сулуу жан эмесмин башкалардай,
Бетиме упа, бетмай чаптай албай.
Бирок да эмгегимден элге жагып,
Болсом дейм жүзүм жарык көктөгү айдай.

Мен чечен жан эмесмин башкалардай,
Кээ адам сүйлөйт сөзүн жаттагандай,
Дилим да, тилегим да бардык оюм,
Болсом дейм эл эмгегин актагандай.

Мен шайыр жан эмесмин башкалардай,
Бир көргөн жигиттерге каш кага албай,
Бирок да жазган ырым окуганды
Болсо дейм мээримине кактагандай.

## ЖАЛГЫЗДЫК

Кыдырып бозоргон талааны,
Баратат санаанын карааны,
Ышкырып, артына итерет
Ыркырап ээндиктин шамалы.

Оюңду айтасың өзүңө.
Жооп жок суроолуу сөзүңө,
Күүгүмгө шам жагаар киши жок,
Күч келет тунарып көзүңө.





Боз талаа. Айланаң кубарып,
Көп чекит. Калганы тунарып,
Түгөнбөйт санаалар салбырап,
Чөлдөгү кербендей чубалап.

Кылы жок комуздай томсоруп,
Кайгынын бороону октолуп,
Үрөйдү учуруп сүрүнөн,
Үмүттүн чынарын омкоруп,

Сагыныч күүлөрү жаңырып,
Муңканган музыка агылып,
Мөлт этип жазыксыз жаш кулап,
Санаага түтөгөн каңырык.

Кыдырып бозоргон талааны,
Баратат санаанын карааны.
Ышкырып, артына итерет
Ыркырап ээндиктин шамалы.

## МЕНИН ОЮМ

Жигит дебейм, сөзүнө турбаганды.
Адам дебейм, ак эмгек кылбаганды.
Сулуу дебейм, акылсыз кашын боёп,
Көлөкөдө ак жүзүн сырдаганды.

Тааныш дебейм, сырымды билбегенди.
Тууган дебейм, жаныма күйбөгөндү.
Досум дебейм, кейисем кошо кейип,
Тозогумду бөлүшүп жүрбөгөндү.

Күлкү дебейм, сүйүнүп күлбөгөндү.
Сүйүү дебейм, экөө тең сүйбөгөндү.
Акын дебейм, айтканы насаат болуп,
Арткы муундар эскерип жүрбөгөндү.

## ДЕН СООЛУККА

Илдет чиркин өмүр кескен шор белем?
Ишке тоскоол, максатыма тор белем?
Туйгун канат үмүтүмдү өчүрүп,
Тууганга жүк, душманыма кор белем?

Суудан сүзүп, тоодон издеп томсоруп,
Сурап жүрөм изиңди кууп, ден соолук.
Кул болоюн, таазим кылып табылсаң,
Кайра келчи өмүрүмө жаз болуп.

Мүрөк суусу - мен издеген арашан.
Миң канаттуу үмүт менен баратам.
Даба болуп дартым сенден айыгып,
Дагы далай эл ишине жарасам.

Унутпасмын анда ыйык атыңды,
Ушул күндө сага төккөн жашымды.
Калаар эсте жакшылыгың туу болуп,
Кара турпак жашырганча башымды.

Гүл өндүрүп күлүп турса ден соолук,
Кимге жаксын салбыраган жалкоолук?
Куугумдөбөй күч алайын өзүңдөн,
Келчи кайра канат болуп, ден соолук.





Эгер келсең эмгегимди элейин,
Эл ишине алп күчүмдү берейин.
Тынымы жок таш көтөрүп турсам да,
Талыктым да, чаалыктым да дебейин.

## ЖЕТТИМ КАЙРА

Ойлоп көрсөм тагдырымды шашылбай,
Оошуп турат таразанын ташындай.
Бирде мени чөгөлөтүп кордосо,
Бирде мени күнгө теңеп баш урмай.

Өлдү десем көңүлдөгү дилимди,
Өчтү десем сезимдеги күнүмдү,
Жашоо, бүгүн кайра баштан баш ийип,
Жадырайсың сунуп өмүр гүлүмдү.

Кечээ гана көңүл чөксө кейишке,
Күлүп бүгүн чыккансыймын бейишке.
Жүрөктү эзген бактысыздык жоголуп,
Жеттим кайра түшкө кирбес жеңишке.

## КАТТАР КЕЛЕТ

Ак кептердей жабылып каттар келет.
Ак гүлдөрү колунда, достор демек.
Мээриминен чубуртуп сөз тизмегин,
Мындан аркы жашоомо кубат берет.

Катчы кыздын колунан аларды алам,
Катарлаган достордон дубай салам.
Жазуудагы жалындай жылуулукту,
Жагоо кылып жүрөккө байлап алам.

Күчкө толуп алардын деми менен,
Күүгүмү жок күн болом кемибеген.
Ал досумду дилимден өбө берем,
Ал жашаган шаарды бүт эли менен.

Достук деген көңүлгө тирек белем,
Дайым аман болушун тилеп келем.
Күлкү чачкан кабарды албаганда,
Куунак болуп мен минтип күлөт белем?

Оо жараткан, аларды колдосо экен,
Оттон-суудан бир кырсык болбосо экен.
Кулак укпай алардын жамандыгын,
Кубанычтар көңүлдө ойносо экен.

## АПА БОЛУУ

Мен эми балдарыма апа болуп,
Бири жоош, бири тентек «чата» болуп,
Кээ күндө кейитип да, күлдүрүп да,
Келатам кубанып да, капа болуп.

Бири өөп, бири күлүп, бири ооруп,
Бирөөсү «беш» алганга, көңүл тоюп,
Баарысын жоруп коюп жакшылыкка,
Баш катат болбогонго жүрөк ооруп.

Көңүлүм он балага ондой согуп,
Жүрөмүн чарк айланып маяк болуп,
Көңүлгө өлүм келет. Кантет балдар,
Кокустан келип калса ажал тооруп?





«Каралдым, мен көз жумсам ыйлабагын.
Кантет деп азыртадан кыйналамын.
Кайрылып келбеген соң кайрат кыл да,
Кайгыга кыска өмүрдү кыйнабагын».

«Улуусу нанын табаар бойго жетти.
Ортончум ойноогунан жүдөп кетти.
Баарыдан, кичүүлөрү кантээр экен?»
... Боору ачып, ажал албай чыгып кетти.

## УРПАКТАРГА

Адамда өмүр кыска тутам жеткис.
А бирок максаттары өтө чексиз.
Ал үчүн миң жаш берип койсо деле,
Ал максат өсө берип шааң жеткис.

Андыктан арткы муунга кайрылаарым:
Аз калды мен да өмүрдөн айрылаарым.
Өкүнүп кыска жашап калганыма
Өтүнүп баарыңарга кайрыламын:

Милдетим, ата журтка өтөлбөгөн,
Максатым, али жүгүн көтөрбөгөн,
Сырларым, жумурткадай чегилбеген,
Сөздөрүм, ыр сабына эгилбеген,

Сапарым, мүмкүн болуп баралбаган,
Сагынчым, кусасынан жана албаган,
Гүлдөрүм, колум жетип үзө албаган,
Көп ишим, өзүм план түзө албаган,

Эмгегим, толук жазып бүтө албаган,
Эрдигим, алигиче күч албаган,
Сөздөрүм, тилим жетип айталбаган,
Сезимим, али өзүмө байкалбаган,

Үмүтүм, өчүп кайра жана албаган,
Үлпөтүм, ырахатын ала албаган,
Дарманым, эмгегиме берилбеген,
Душманым, көзүм барда жеңе албаган -

Аларды урпактарга парыз кылып,
Айтарым мойнуңарга карыз кылып –
Ар кимиң бүтпөгөндү уланткыла,
Арбагын улуулардын кубанткыла.

## ДҮЙНӨ

Өктөм дүйнө, өжөр экен оңбогон,
Өкчөй берип өз жайыңа койбогон,
Тартып көрүп, тайгалантып жолуңдан,
Тагдырыңдын күчү менен ойногон.

Сүзүп мына, сүйүү деген агымга,
Сезим күйүп айланаарда жалынга,
Кыйды кырсык кылыч шилтеп өткөндө,
Күйүтүнө кыйрап түшөт кабырга.

Күрөш туусун колуңа алып кээ бирде,
Туу чокуга сайдым, мына, дээринде,
Туура жактан ойго келбес да бир күч
Тосо берип кагып өтөт ээгиңе.





Ал кайгынын түпкүрүнө чөгөөрдө,
Күйгөнүңдөн, күн мурунтан өлөөрдө,
Талант гана так көтөрүп бийикке,
Тартып кетет өлбөй турган өнөргө.

Дүйнө чиркин арман экен оңбогон.
Дүйнө бөксө, жыртык экен толбогон.
Бул жашоого келип кеткен адамдын
Бир да бирөө өкүнүчсүз болбогон.

## КӨЙРӨҢДҮК ЭКЕН АНДАГЫМ

Саймалуу жоолук салындым,
Самсытып бермет тагындым.
«Көңүлүн бурат көргөн» деп
Көркөмдүү жибек жамындым.

Гүлү бар жоолук салындым,
Күбөктү түрдөп тагындым.
«Жактыраар, ак кол болсом» деп,
Жалкоолукка багындым.

Саймалуу жоолук экен деп,
Сагаалап эч ким калган жок.
Көркөмдүү киет экен деп,
Көөнүнө бирөө алган жок.

Нечендердин атагын,
Эмгектен угуп жатамын.
Гүлү бар жоолук алганым,
Көйрөңдүк экен андагым...

## 40 ЖАШЫМА

Кырк биринчи кабатка жаңы жетип
Батаар күндү карадым. Ачык эшик.
Кызыл көзүн жаш чайып кырдан ашты,
Көөдөнүмдү, окшоштук күйүтү эзип.

Кетти кайран күндөрүм, сезим чулгап,
Келалбасын белгилеп, колун булгап.
Көз алдымдан элеси өчпөй тураар
Гүлүн кечип жаштыктын жүргөн жыргап.

Башым төмөн салбырап, ийним түшүп,
Бакытымды карылык уурдап үзүп,
Батып турдум кайгынын саздарына,
Баткан күндөй жаштыкка аза күтүп.

## КУБАТ БЕРСИН ӨМҮРГӨ

Ден соолугуң төп келбесе көңүлгө,
Дароо наалып бул опасыз өмүргө,
Даярданып жаздыгыңа баш коюп,
Дегинкисин бир келүүчү өлүмгө,

Оюн-күлкү, ырахатты унутуп,
Оюң жалгыз ден соолукту бел тутуп,
Көз алдыңан кетире албай өлүмдү
Көңүл чөгүп, күнүң өлүп, ай тутуп,

Эскере албай энеңди, да balaңды,
Элестетип муздак көрдү караңгы,
«Жарк деп кайдан келе калаар экен?» деп,
Жалгыз гана ден соолугуң каралды.





Андай болсо ай тутултпай көңүлгө,
Алп ден соолук бизге берсин демилге.
Кел туугандар, ошон үчүн ичели,
Кубат берсин кичинекей өмүргө.

## БИЙИКТИК

Жөө туман басып самсыган,
Өйүзгү тиги карщыдан,
Бүркүттүн үнү угулат
Бийикте жүрүп шаңшыган.

Оор санаа басып денеми,
Ойлонуп барам мен эми,
Түгөйсүз калган мага окшоп
Тиги да мендей немеби?

Чарчанып денең шалдырап,
Жалгыздык, санаа жарга урат.
Кыйналып көөдөн кысылып,
Кыйрагым келет салбырап.

Жамандык ойду эңшерип,
Жыгыла жаздап теңселип,
Жашоодон кечип турганда
Жанагы бүркүт дем берип,

Жебедей көккө атылып,
Булутка боюн жашырып
Кайрылып төмөн октолуп
Калтарды барат качырып.

Унутуп баарын мен эми,
Тагдырдын чийген ченеми,
Бийикке максат атылып
Бүркүткө оюм тең эми.

Калемим барда ак болот,
Кайгы-муң менден жат болот.
Кеңдирди кескен жалгыздык
Келе албай катып таш болот.

## ЧЫЛЫМ ЖӨНҮНДӨ

Адаштырбай ачык айтсам чынымды,
Адатта мен жактырбаймын чылымды.
Андан бирок алыс деле кетпедим,
Ал жөнүндө бөлүшөйүн сырымды.

Санаам сандап сапырылып асманга,
Ызалыктын уусун жутуп жатканда,
Уйку качып, умачтай көз ачылып,
Убайымдын саздагына батканда,

Арман күчөп, ичтен кайрып муңумду,
Айтаар киши таппаганда сырымды,
Ой туманын арылта албай башымдан,
Ошол кезде бир чегемин чылымды.

Түйшүк тартып түн уйкумду үч бөлүп,
Түрүн издеп акыл ойго күч келип,
Сүйүүсүнө татыса деп элимдин,
Сезимдеги билгенимди бүт берип,





Айлап-жылдап ой толготуп изденип,
Аксай түшсө эрдим кесе тиштенип,
Ал мезгилде ак аралап чачымды,
Ал ишимди араң-араң бүткөрүп,

Жайып алып ошол жазган ырымды,
Жабык эшик, өзүм коюп сынымды,
Ой толкутуп жакшы чыкса чыгармам,
Ошол кезде бир тартамын чылымды.

Арзыган дил ак жагынан жарылып,
Ал сезимдин кылы болуп тагылып,
Айланабыз андай дилден гүл ачып,
Ашыктыктын коңур күүсү жаңырып,

Комуз ойноп, кайрык кылдат терилип,
Күүгө жүрөк күлүк аттай элирип,
Көңүлүмдү көкөлөткөн ал күчкө
Коргошундай көлкүгөндө берилип,

Обон коштоп оюмдагы ырымды,
Обододой жайып таштап сырымды,
Ак дилимден ак жаан болуп төгүлүп,
Андай кезде бир чегемин чылымды.

А демейде мен чылымды тартпаймын,
Андай иштин күбөсү үчүн барктаймын,
Ар ким аны ар башкача түшүнөт,
А мен аны ал, булсуң деп айтпаймын.

## 50 ЖАШ

Текчеде кызыл алма,
Жаңы эле үзүп алган.
Жалбырак желпип турчу,
Жашыл жаз артта калган.

Күз аны сермеп түшкөн,
Кой дешке барбы дарман?
Ага да макул эле,
Алды кыш - бүтпөс арман.

Аз күндө аяз келет,
Ак карды кычыратып.
Алмага тиш матырат
Ал көркүн бычыратып.

Болбосо кургайт эми,
Беттерин бырыш басып.
Көндү ал жазмышына,
Кетмекчи кайда качып?

Баягы гүлдөгөн жаз
Ал үчүн эми болбойт.
Канатын саймалаткан,
Калдыркан кайра конбойт.

Бүттү ага дүйнө чеги,
Бөксөсү эки болбойт.
Жазмыштын мыйзамы ошол,
Ал жолду арткы жолдойт.





## БҮТПӨС КҮРӨШ

Өмүрүң кыскараарда шылтоо кылып,
Өзөндүн бир кулачын кетет жырып.
Соолугуң мурункудай күркүрөбөй,
Соолуунун коркунучу келет жылып.

Сен анын себептерин издеп чыгып
Сел албас темир бетон канал куруп,
Бүтөөрдө кыска өмүрдүн күнү батат,
Келгиче ал өзөндү кайра буруп.

Тагдырдын сыры татаал, мыйзамы улук.
Антсе да изденебиз билип туруп.
Болбосо Улукмандар кур дегенде
Өздөрүн жаратмак да өлбөс кылып.

## ТИРҮҮЛҮК

Мына эми дагы бир кыш келет,
Өмүрлөр өйүзгө секирип.
Тирүүлөр тырмышып өтөрбүз,
Канчасы калышты кечигип?

Күн барат жүрүштөн эс албай,
Канчалар калышты жете албай,
Өмүрдүн өзөнүн кече албай,
Өйүздө максатка жете албай?

Мына эми дагы бир кыш келет,
Тонолуп кайың, тал, жаш терек.
Өзөнүн бул кыштын кече алсак
Өмүргө кайрадан жаз келет.

## МЕЗГИЛ

Боюма кийим жарашкан
Борумум элди караткан,
Бойтойгон кызыл кыз элем
Эми
Боз кемпир болуп баратам.

Кынама белге кымпыйган
Кайыңдай бою шыңкыйган
Куурчактай келин мен элем,
Азыр
Кучакка батпай бултуйгам.

Көздөрдүн жоосун короткон
Көргөнсүп сулуу жомоктон
Келишкен мүчө менде эле,
Анда
Куйгансып тулкум болоттон.

Олоң чач бойго жарашкан
Ойлонтуп көптү караткан,
Жалтырап турса далымда
Анда
Жалдырап баары карашкан.

Кетирип оору амалым
Кетирип өңдөн жамалым,
Керсары болуп көз шишип,
Азыр
Кемпирдей болуп барамын.

Ар бирин өлчөйм мүнөттү.
Аягын, ажал, жүрөктү.





Адамдар көрсүн, кое тур,
Эми,
Акын кыз тарткан сүрөттү.

Жандаба, ажал, анчалык.
Жарайын бир аз керекке.
Жаштыгым калбай калса да
Жазганым калсын белекке.
Сулуулук калбай калса да
Эми
Сүрөтүм калсын белекке.

## ТУЮК ОЙЛОР

Максаттын чекеси кетилбей
Ойлордун түйүнү чечилбей
Тилектер тирелген боюнча
Калабы мөмөсү жетилбей?

Тагдырың үмүткө данакер,
Тандасаң бир жолду тобокел.
А балким күтөбү алдыңдан
Адамзат өтө алгыс токой-чер?

Чыйыр жол аралап талааны,
Эрбеңдейт үмүттүн караанын.
Бет алды түбөлүк табышмак,
Белгисиз кай жакка бараары.

## АРМАН

Жашоо-тагдыр, кыска белең бир учук?
Жазгым келип түрмөктөлгөн келебиң,

Жаңы гана жол тапканда курутуп
Жартысынан ашпай койду ченемиң.
Ар күнүңө чер жазылбай умсунуп
Аздыгыңа капа болуп келемин.

## ӨМҮР

Өмүр чиркин кыска бир укум,
Өтөөр жолу мынча тез белем.
Кечээки эле алтын курагың
Алмашылып бүгүн жез менен.

Тамылжыган гүлү жаштыктын
Таажысынан бирден күбүлүп,
Желден мурун учуп жоголгон
Желбирөөчүн издейт үңүлүп.

Үзүлбөстөн жайып тамырын,
Үмүт болсо дале түгөнбөйт.
Капталынан бутак бүчүрлөп,
Кайра баштан өмүр үрөндөйт.

Бул - жашоонун улуу өкүмү,
Буйругунан кантип танабыз?
Биз өзүбүз гүлсүз калсак да
Бүчүрлөрдөн кубат алабыз.





# *Табият табышмагы*

## ЖАРАТЫЛЫШ ЖӨНҮНДӨ

Оо, дүнүйө, кылгырган,
Ойлондуруп ыр кылган,
Улуу түндөр, улуу айлар,
Убакытты жылдырган.

Ойлоп көрсөң калыстап,
Дүйнө сыры табышмак.
Оюң кетет билүүгө
Алыс-алыс алыстап.

Аркан, жипсиз байланып,
Жердин шары айланып,
Көмкөрүлүп төгүлбөй
Көл мелтиреп жайланып,
Ошондуктан көңүлдү
Көп ой ээлейт таңданып.

Жердин шары эң мурун
Кандай болуп жылды экен?
Же болбосо анда аны,
Кандай уста курду экен?
Ал узанып атканда,
Кайда басып турду экен?
Ошол уста анда абал,
Кайдан жүрүп туулду экен?

Ойлой-ойлой beresiң,
Жаратылыш элесин.
Илим күчү болбосо,

Ким болжолдоп ченесин?
Акыры жер жөнүндө,
Жыйынтыкка келесиң.

Кургактан да, суудан да,
Таттуудан да, уудан да,
Катарланган муз менен,
Кайнап турган буудан да,
Түркүн-түркүн заттардан,
Ширелишип капталган
Айланууга ылайык,
Шар сыяктуу чапталган.

Анда ойлонтуп адамды,
Аалам кандай жаралды?
Бирде туруп жапжарык,
Бирде туруп караңгы?

Асман жакты көп карайм,
Албай колум серелеп.
Ай, жылдызды түнкүсүн,
Ким койду экен чегелеп?
Ай ар башка сымбаты,
Ааламга нур себелеп.
Бир карасаң ипичке,
Бир карасаң тегерек.

Жылындырып табына,
Мээрим төгүп жагына.
Күндү кимдер жаратты,
Адамзаттын багына?





Ойлой-ойлой бересиң,
Ойду кайдан жеңесиң?
Туура баалап илимди,
Анан, жыйынтыкка келесиң.

Аалам үчүн түзүлгөн,
Ал атомдор үзүлгөн.
Түндүн көркүн ачууга,
Түн күзөтүп күтүнгөн.

Жалгыз гана мен эмес,
Жалпы адамзат ойлонгон.
Биле алышпай болжолдоп,
Философтор толгонгон.

Бирок ачык табалбай,
Болжол менен карандай,
«Алла берди» деп койгон,
Аалам сырын чалалбай,
Азыркыдай билим жок,
Айга жакын баралбай,
Жаратылыш себебин,
Жакшы изилдеп табалбай.

Пайдаланып ошондон,
Митайымдар, сыр кылган.
Далилдешкен, Кудай деп,
Баарылыгын курдурган,
Алмаштырып ааламды,
Айландырып жылдырган.

«Шарыяттан кетпе» деп,
«Шайтан жолдон четте» деп,
Ишендирген адамды,

«О дүйнөнү эсте» деп,
«Тетир басып жазуудан,
Тозок отун кечпе» деп.

«Бу дүнүйө жалган» деп,
«О дүйнөгө камдан» деп,
«Пейилинен сооп тапкан
Бейишке түз барган» деп,

«Ар бир жанга жазылган,
Буйругу бар» деп койгон.
«Ачкачылык, токчулук,
Жылаңачтык, жокчулук
Бардыгына чек койгон,
Жазуусу бар» деп койгон.

Албай колун кишенден,
Ага да адам ишенген,
Баш көтөрбөй баткакка,
Батса дагы кисерден.

Тизе бүгүп жыгылып,
Кур талаага сыйынып,
«Жазды Кудай» деп койгон,
Жатса да ачтан кырылып.

Төрөлдү адам, төрөлдү,
Түркүн ойго бөлөндү,
Дүйнө сырын билүүгө,
Түйшүк сырын өңөрдү.

Илим менен кеңешти,
Изилдешти, ченешти,





Кулак менен уккандан,
Көргөн чындык эмеспи.

Эмгек жерде калбады,
Элим айды жандады.
Төбөсүнө дал конуп,
Топурагын кармады.

Сузуп алып четинен,
Келди кайра тезинен,
Жарыялап чындыкты,
Жыйынтык таап кээсинен.
Адам улайт ар жагын,
Акыл кошуп мээсинен.

Азыр ачык билебиз,
Ай-ааламдын сырларын.
Кантип айдын айланып,
Кантип жердин жылганын,
Күндүз түнгө алмашкан,
Күндөн берки сырларын.

## ТООЛОРУМ – МЕНИН ЫРЫСЫМ

«Чу» десең чуу коюп жаңырып,
Чалкытат музыка чалынып,
Чулгаган селдедей мөңгүнүн
Чокусу асманга сайылып.
Аралап алардын арасын
Ааламдын кубатын аласың.

Сабаадай күпүлдөп бышылып,
Самын таш күмүштөй жышылып,

Аскага бой уруп мөңгү суу,
Ак көбүк денеси тытылып,
Көркүнө суктануум артылды,
Керемет сүрөттөр тартылды.

Сапырып көк аска кымызын,
Саа сунат суусундун чынысын.
Сезимди сергиткен Алатоом,
Сулуусуң, ыйыксың, улуусуң.
Жаңырып асканда обонум,
Жашоого ыраазы боломун.

## ТАҢКЫ СҮРӨТ

Коюу түн акырын түрүлүп,
Көп жылдыз чегедей күбүлүп,
Тымызын асманды тазалап,
Түн жөнөйт алдыртан бүлүнүп.

Кебездей четинен тутанып,
Көөрүктө көмүрдөй кызарып,
Чок болуп алоолойт булуттар,
Чар тарап тирликке узанып.

Колдогу сымаптай калтылдап,
Күн келет нур төгүп жалтылдап.
Ааламга тартуулап шаттыкты,
Ак карлуу тоо башын алтындап.

Жашоого добулбас кагылып,
Жалпы журт эмгекке камынып.
Күлмүңдөйт жер жүзү жасанып
Көрктөнүп күн нурун жамынып.





## КҮНДҮ СҮЙҮП

Таң нуруна чайынып,
Татына гүл сайынып,
Тосуп чыктым, Күн, сени,
Толкун болуп жайылып.

Көркөмүңө багынып,
Көргөнүмчө сагынып,
Ырдап келем, Күн, сага,
Ыргагында жаңырып.

Кубат берип көңүлгө,
Күн, дарысың өмүргө.
Кантип сени калтырып
Кетээр экем өлүмгө?

Бүт ааламга көрк берген,
Ал көрк үчүн өрттөнгөн,
Жан-жаныбар баарынын
Жашоосуна эрк берген,

Алоологон денеси
Жер шарынын энеси!
Аалам - деңиз учу жок.
А сен – жашоо кемеси.

## ӨТКҮН

Бат эле ачык асман кабак салып,
Тоолорду чүмкөп калды булут мамык.
Ойноктоп от чагылган кыйма-чийме
Кылычтын шилтеминдей жарк-журк жанып,

Чагылган дирижердин таягындай,
Тумандын түрмөктөрүн сая кылбай,
Ойнотту күркүрөтүп музыканы,
Ырчыдай жамгыр төктү аян кылбай.

Куюлуп, кымыз кыян агып жатты,
Кубанып, жер суусуну канып жатты.
Кулпунуп сахнадагы угуучудай,
Гүлдөргө бул көрүнүш жагып жатты.

Бат эле булуттарды сөгүп, тилип,
Баш багып карап калды күн да күлүп.
Чагылган жыйып алды аспаптарын
Бүткөн соң жердин бетин кириндирип.

## ЭЛЕСТҮҮ СҮРӨТ

Кайырмактын жибине,
Карап кечке үңүлө
Күлүп көңүл шаттыгы,
Тартып жаттым сүйүнө.

Көлдүн жүзү шарп этти,
Күмүш балык жарк этти.
Көркөмү ошол заматтын,
Көздү уялтып жалт этти.

Кызыгы жарты мүнөттү,
Көрөм деп бүтүн күн өттү.
Бирок да көңүл элестүү,
Сактады сонун сүрөттү.





## ЖАЗ

Жылт этип көрүнгөндө жаздын көзү,
Жыртылып башындагы шөкүлөсү
Кыш себи даакы сымал тарпы кетип,
Кызылдай жайдак калды жердин төшү.

Жер ага жашыл гүлдүү кымкап жапты,
Жарашып айланабыз назик тартты.
Издерин учук кылып тракторист,
Ийнесиз сайма сайып өтүп жатты.

Кулпунуп килем болуп жердин бети,
Көңүлдү алып учат жаздын кечи.
Ашыгын жыттагандай мооку канып,
Албырат жаз желине жигит бети.

Балбылдап кызгалдактар чоктой жанып,
Бардык жак жасанууда сулууланып.
Бүт сезим музыкага толуп барат
Булбул куш, акын торгой күүсүн чалып.

## АСЫЛ ТАҢ

Былдырап торгой чулдурап,
Бийиктен сайрайт ыр курап.
Агарган таңдын пардасын
Акырын мезгил жылдырат.

Боёкко боёк кошулуп,
Борчуктар кызыл жошулуп.
Менменсийт бүткүл айлана,
Биринен бири озунуп.

Көйнөгү көрктүү көпөлөк,
Көөдөнүн бийик көтөрөт.
Кадыр түн сунган бул таңды,
Карадык көпкө экөөлөп.

Жалтылдап алтын табактай,
Жалтантып көздү каратпай,
Жалбырттап күйүп Күн келет,
Жашоого бир күн баракатай.

Магдырап тоолор үргүлөп,
Мээримин төгүп күн күлөт.
Таң жели жүрсө түркүн гүл
Таажысын тарайт дилдиреп.

## МЕЗГИЛ ЖАНА ДАРАК

Жаз келээри билинип,
Дарак жатты бүлүнүп.
Түнү-күнү тынымсыз
Түрдөп көйнөк тигилип.

Жаз даракка гүл сунду,
Дарак карап турсунбу?
Чарт жарылып чанактар,
Шайы кийип кулпунду.

Бүрчүктөрүн бүр кылып,
Бүткөн боюн гүл кылып,
Жарашыктуу кийинди,
Жалбырактан түр кылып.

Жайнап дарак кулпунду,
Жаз ансайын умтулду.





Дилдиретип жел желпип,
Дил кубанаар ыр сунду.

Жаз мезгили ташынып,
Жайга айланды шашылып.
Мөмө дарак мойнуна,
Мончок тагып асылып.

Жай артынан күз келди,
Жалын сымал түс берди.
Жалбырттаган өңүнөн,
Жалбырактар өзгөрдү.

Дарак кызыл кийинип,
Мөмө бутак ийилип,
«Жегиле» дейт балдарга,
Жерге башы чийилип.

Анан келип салкын күз,
Кийгизди ага күрөң түс.
Көндү дарак ага да,
Көңүлдөнбөй араң суз.

Антип турса оболу,
Анткенине болобу?
Кымкар киймин көтөрүп,
Кыш даракты тороду.

Алмаз сөйкө илгизип,
Ак шөкүлө кийгизип,
Кристалл ак көйнөгү
Көргөн көздү сүйгүзүп,

Дарак кийми табылды,
Далай мончок тагылды.
... Жактырбастан баары бир,
Жашыл жазды сагынды.

## ЭТЮД

Маң кылып атыр абасы
Магдырайт бактын арасы,
Кыз-жигит айткан шыбырды,
Калгансып укпай чаласы.

Желпинтип чөптү жел келет.
Жалбырак жумшак термелет.
Жарыгын чачып ай чыгып,
Жаштарды карап телмирет.

Ашыктар жылдыз санашып,
Ай менен Күндөй жанашып,
Ысыган эки жаш жүрөк,
Ыракат менен жанашып,

Аңгыча чолпон чачырап,
Ашыктар үйгө шашылат.
«Сүйөм деп ачык айтсаң» деп,
Селкиге жигит асылат.

Сүрөтү карек талыткан
Сүйкүмдүү сонун жарык таң
Сүртүлүп миң-сан боекко
Сүрүлүп келет алыстан.





Кызарып булут арасы,
Күн нуру келет, карачы.
Тарта албайт таңкы сүрөттү,
Таланттын жетип дабаасы.

## АККАН СУУ

Таштан ташка боюн уруп таштаган,
Өмүрүндө өйдө карай акпаган,
Агыныңдан айланайын аккан суу,
Жан бар бекен сенин даамың татпаган?

Аска-зоонун мөңгүсүндө керилген,
Агып түшкөн булак болуп жеримден,
Абалтадан табышмагың ачылбайт,
Ар бир жанга белек болуп берилген.

Тармал булут тамчыларын тең бөлөт,
Тамган сайын жердин кутун эл көрөт.
Тийген жерин тим койбостон гүлдөткөн
Тирүүлүктүн сыры сенде өндөнөт.

## НӨШӨР КҮҮСҮ

Түндүктүн жылчыгы жок, түрүлүү эшик.
Тамчыга жол көргөзүп, жылдыз – тешик.
Жамгырдын дабышы жай дыбыр-дыбыр,
Кыбырайт эпчи жакта балтыр бешик.

Өпкүлөйт жерди тамчы чопулдатып,
Өмүрү быркыранып, күкүм чачып.
Ал кудум өтүп жаткан күндөргө окшоп,
Аны ойлоп бүт айлана турду жашып.

Тоо койнун туман ээлей жуурат уюп,
Теребел жамгыр күүсүн тыңшайт муюп.
Оордукту оттуу кылыч жара тилип,
Оркестр күү баштады, нөшөр куюп.

Күтүүсүз керинейин бапылдатып,
Күрсүндү «замбирегин» тоодон атып.
Эр Манас «Чоң Казатка» аралашты,
Кылычтан кыян жүрүп, үйөр ташып.

Жер бетин жоокерлердин сели каптап,
Дүбүртү, добул кагып, кулак таптап,
Үзүктү сабап жатты жамгыр колу,
Бүткөнчө чагылгандын ырын жаттап.

## ГҮЛ ТОКОЙ

Керемет кеңирсиген жашыл дүйнө,
Жаңгактуу дүйүм токой, жемиш мүлдө.
Кыдырып угуп жүрдүм куштар үнүн,
Кубаныч күүсү ойноп көңүлүмдө.

Тоо суусу толкуп акса, күүсү деңиз,
Таажысы желбиреген гүлдөр эгиз.
Азгырып сезимдерди гүлдүү бакча,
Арзууга, назик дилим аркак-эриш.

Жадырап алма жыгач гүлүн ачты,
Жыргатып жийде болсо жыпар чачты.
Алынын келишинче булбул безейт,
Аздектеп махабатка келген жазды.





Күн бүгүн кубанычтуу күлүп өттү,
Коштошуп, батаарында жүзүмдү өптү.
Ойноктоп мени кыйбай жал-жал карап
Оң көзүн кысып коюп анан кетти.

Ошол күн дилден өчпөс сүрөт болуп,
Ободо он бешинин айы толуп,
Тогоду Алтын казык жылдыз менен,
Толукшуп тоо-таш бүтүн кутман болуп.

Ар дайым андан бери сактык менен,
Ал кечти келечектен күтүп келем.
А бирок арзуулардын ай-чолпону
Өмүрдө бир гана ирет тогойт белем.

Гүл токой, кереметтүү жашыл дүйнө,
Көңүлдөн өчүрө албай койдум мүлдө.
Көөнөрбөс элесинди касиеттеп,
Көөдөндө сактай берем өмүрүмдө.

## КЫЗГАЛДАК

Алыстыктан көркөмүңө көздү алдап,
Албырасың, алоолонгон кызгалдак.
Аныңа мен чын пейилден суктанып,
Албай көзүм, шашып келдим ыкчамдап.

Коо здугуңа таазим кылып жүгүнө,
Карап турдум көпкө чейин үңүлө,
Тартып бери, искээримде жытыңдан,
Таажыларың жерге түштү күбүлө.

Бул кандайсың, туругу жок сулуудай?
Бир топ ойго чөмүлдүрдүң курулай.
Капалуу кез, сага окшогон алдоолор
Карегимден өтүп жатты шурудай.

## КҮН ЖАНА АШЫМ

Издесин деп Ашымды,
Күн далдага жашынды.
Тартып кара көшөгө,
Такыр изин жашырды.

Сезип Ашым анысын,
Издейт жердин баарысын.
Алтын күндү жашырып,
Ай тосконсуйт далысын.

Көп издетип Ашымды,
Күн чын эле жашынды.
Түшүндө да таба албай,
Ашым көзү ачылды.

Таноо демин буу кылып,
Таппай жүрсө чуу кылып,
Толкуп күлүп күн чыкты,
Тоо койнунан суурулуп.

Күн табылды, табылды,
Күмүш нуру агылды.
Көзөп тоонун кулагын,
Күбөк болуп тагылды.





## ЖАЗ ЖЕЛИ

Суу боюнда көгөрүп арча, кайың,
Суктандырып каратат, мени дайым.
Көргөн сайын көңүлдү тарта берген,
Көркөмү артык жаз айы кагылайын.

Чытырмандуу токойлор чырмалышкан,
Аба жүрсө акырын ыргалышкан,
Бугум чыгып арасын араласам,
Булбул, күкүк үндөрү ырдалышкан.

Өкүм сүрүп өзөн-суу күрпүлдөгөн,
Жаз айындай жадырап, жылдыз күлгөн,
Аяк жаккы агымы элге пайда,
Ар тамчысын адамга үзүрлөгөн.

Жанга жагым, жуп-жумшак жаздын жели,
Толкундатат көргөндүн чыгып чери.
Баарыдан да башкача таң атканда,
Бооруна имерет дайым сени.

## МЫЙМЫЙЫМ

Алгырлыкка машыккан
Ала моюн мыймыйым,
Айланкөчөк кубалайт
Аламын деп куйругун.

Апам туруп отурган
Жипти көрүп лып этип,
Аңдып келип чын эле
Жата калат тып этип.

Арстан кийик алгансып
Баса калат шып этип,
«Жипти үздүң» деп качырса
Житип кетет жып этип.

### ШАРКЫРАТМА

Шаркыратма, аскадан атырылган
Ыргагына түркүн күч батырылган,
Ээликтирген салкын жел жүрүп турса
Эпкинине кызыл гүл жапырылган,
Таңкы булбул доошуна бийге түшүп
Таажысына тамчы суу жашырылган.

## *Ашыктык абазы*

### ЭСИҢДЕБИ?

Салкын аба. Сен экөөбүз дем алып,
Сен арнадың суу боюнан гүл алып.
Эсиңдеби, спутникти көргөн кеч?
Экөөбүз тең, көк тиктедик кубанып.

«Ракета» деп асман жакты жаңдадым,
Ырас, аны дароо көрө калбадың.
«Алаксыттың, адаштырдың кебимден.
Атайы эле - дедиң - мени алдадың».

Көп узабай сен да көрдүң учканын,
Көп жылдыздын арасынан сызганын.
Көп ойлонтот көңүлүмдү түбөлүк,
«Көктө спутник күбө» деп кол кысканың.





Эсиңдеби? Менин болсо эсимде.
Эчен түшөт жылдыз көрсөм сезимге.
Дартка салдың сүйүүң менен жүрөктү.
Дайым карайм асман жакты кечинде.

### ЭСКЕРЕМ АЛ КЕЗИМДИ

Жыргаткан жан сезимди,
Жылыткан аң-сезимди,
Ууртуңдан күлкү чачкан
Укпагам бал сөзүңдү,
«Эмне анан тартылдым?» деп
Эскерем ал кезимди.

Көзүңдөн чачып жалын,
Көп деле карабадың.
Бирок да байкалбаган
Бир күчтү араладым.
Жибектей мүнөз менен
Жүрөктү жараладың.

Калтырап чыгып доошуң,
Кандайдыр ойлоносуң.
Толгогон сырыңды айтпай,
Токтоолук колдоносуң.
Такалып бир нерсеге,
Тамагың оңдоносуң.

«Үшүгөн жоксуңбу?» – деп
Колумду кармалайсың.
Дит багып карабастан,
Дилиңден аймалайсың.

Сездирбей ал сүйүүңдү,
Сезимге саймалайсың.

Тийген жер дүр-р дей түшүп,
Тутанып ысык жалын...
Магнит сыяктанып
Мээримдүү алаканың,
Дилинди тилсиз сезип,
Делөөрүп баратамын.

Жүрөктө күйгөн отту
Жүзүмдөн калпып алып,
Карылуу колуң менен
Имере тартып алып,
Жалдырап тиктеп туруп,
Жашыңды аарчып алып,
Сүйлөдүң анан гана,
Сүйүүңө жан сугарып.

## ЖИГИТТЕР

Эркектер, эң бир кызык мүнөзүңөр.
Эбин таап жашарганды билесиңер.
Он күнгө улуу болсок «эжеке» деп
Он беш жаш кичүү кызды сүйөсүңөр.

Сулууга көзүң артып кары-жашың,
Суктанып өпкө болуп чабыласың.
Күлкүсүн көрүп калсаң көңүл толуп,
Күрпүлдөп дайра болуп агыласың.

Сүйүүгө селкинчектей тебилесиң,
Сыр берип эмне мынча жеңилесиң?





Бириңден бириң өтүп, жагыш үчүн,
Бир сапар бермет болуп төгүлөсүң.

Жигиттер, дал ошондон жаңыласың,
Жиби жок тузактарга чалынасың.
Абайлап ар тарабын байкап сүйбөй,
«Аппак» деп, акылсызга кабыласың.

## ӨЗҮНӨ БУЮРСУН

Жалындуу сүйүүнүн аптабы,
«Жырга» деп багымды ачпады.
Жүйө таап буюрбай махабат,
Жүрөктү коколой таштады.

Жараткан мандайга жазбаса,
Жаш кезде сүйүүдөн айтпаса,
Бирикпейт, менимче, кечигип,
Бирөөнүн бактысын чаптаса.

Жарашпас калп эле каткыруу.
Жактырбайм насыя бактыны.
Бузулса пейили дилимдин,
Бөксөрмөк бирөөнүн шаттыгы.

Азгыруу - адамдын пастыгы.
Адашуу - акылдын аздыгы.
Түбөлүк бир болсун бөлүнбөй,
Төшөктүн түгөйлөш жаздыгы.

Айтсам мен оюмдун кыюсун,
Ар үйгө ынтымак уюсун.

Өксүбөй жубайлар бактысы,
Өз жары өзүнө буюрсун.

## ТЕЛЕФОН

Сүйүүбүздүн кабарчысы өңдөнүп,
Сүйүнтчү эле коңгуроосу дем берип.
Эмне мынча дымып калган телефон,
Эч нерседен капары жок көлбөөрүп?

Мен оюмдан тизгин тартып алгыча,
Мээримдүү үнүң «алло» деди аңгыча.
Көп нерсеге урунду эле кыялым,
Көңүлдү ачкан күлкүңдү угуп калгыча.

Үн болгондо жел жүргөнсүп айдарым,
Үнүң чыкты телефондон жайдарым.
Көптөн бери кусаланып бук болгон
Көңүлдөгү капалыкты айдадың.

## ТААНЫШУУ

Асмандап булут чачыла чачса
Ак кирпик болуп айлана бакча
Алдыртан аяз тамаша чегип
Ак селки бетин чымчылайт аста.

Тоготпой селки туфлисин кийип,
Тырсылдап басат, такасы бийик.
Эликтей түптүз буттарын көрүп
Эрксизден жигит жүрөгү ийип,





Кантерин билбей артынан басат,
«Карындаш, токтоп турсаң» деп шашат.
Калтырбай жигит көңүлүн сулуу
Каш кагып карап, кабагын жазат.

Бур эткен бир жыт жигитти эзип
Билгизбейт кыз да анысын сезип.
Көп сөздүн башын чаргытат улан
Көчөдөн өтүп көчөнү кесип.

Аңгыча туман сөгүлө тарап
Асмандан тиктейт күн жылуу карап
Ал экөө бири-бирине жагып
Ашыктык бойго ан сайын тарап,

Адамга-адам башынан ынак
Акыры экөө таанышып чыгат.
«Болуптур, эртең кезик» дейт жигит
Бубактуу кыздын саамайын сылап.

Ар кими өзүн бактылуу сезип
Ашыктык отко жүрөгүн эзип
Саатын карап иштерге шашат
«Саламат болгун, кезигем» дешип.

## БЕЛЕК

Белиңе шакек болуп сулуу колу,
Бакыттын таңы сүрүп чыккан жолу,
«Көргөндө эстегин», деп «ушул күндү»
Капыстан тиги бийкеч белек сунду.

Анда сен сулуу шагын сындырбадың,
Албастан артка кайра жылдырбадың,
«Дегеле алыс кетип жаткансып...» деп,
Дилиңде мыйыгынан шылдыңдадың.

Жаштыгың жайдак таштап, гүлдөрдү үзүп,
Өмүрдүн ырахатын бүтүп сүзүп,
Баягы белек-бечкек ойго келди
Баратып карылыктын каарына үшүп.

Эскирген түйүнчөктү ачып алып.
Элестеп, ырахатка батып алып,
Эңседиң ал сулууну көргүң келип,
Ээгинди эмшендетип жашып алып.

## ИЗДЕП КЕЛЕМ

Каранам айланамды сени жоктоп,
Жоготкон асем ташын сулууга окшоп.
Көрүнөм күзгүсүнөн махабаттын,
«Мезгилим калдыбы, - деп, - күздү коштоп?».

Кандайдыр бутактаган сөзүң шектүү,
Көңүлдүн назик жибин үзүп кетти.
Сезимдер ал жиптеги бермет сымак,
Сездирбей аста чууруп түшүп кетти.

Сен деген ишеничим жартыланып,
Сүйбөдүм баягыдай алчыланып.
Суу болгон ширеңкедей күйгүзө албай
Сезимдин сендик жагын калпып алып,





Бүркүлгөн жалындуу күч каныимдагы
Бөгөлүп, мурункудай агылбады.
Сезимим, бермет сымал ошол түшкөн,
Издесем эски изимден табылбады.

Кыш болуп жалын жүрөк, кычыраган,
Куш болуп, кош канаты бычыраган,
Салбырап, кайырчыдай издеп келем,
Сезимди, ал кырсыкка учураган.

## ЖАШЫРСАҢ ДА

Улутунуп илебиң,
Улам карап билегиң,
Жашырсаң да, жаш бозой,
Жаштык жайын билемин.

Араң согуп жүрөгүң,
Аткарылбай тилегиң,
Адаштырып кеткен го,
Ашык болгон чүрөгүң.

Карамактан билегиң,
Калып мында түнөгүн.
Андай неме жар болбойт,
Абдан байка жүрөгүн.

Кесе айтканым, себеби -
Көргөм далай немени.
Сүйгөн болсо бышык го,
Сенден мурун келээри.

## СЕН

Сен мүрөксүң, жуткан адам жашарган,
Сен обонсуң, тулкуң бүтүн казалдан,
Даңазалап чыксам болмок дүйнөгө,
Даабай келем, калем алып жазаардан.

Сен каухарсың, шакегиме буюрбас,
Сен шарапсың, чөйчөк сунсам куюлбас.
Жан-дилимде мукам күүсүң керемет
Жалгыз менден башка жанга туюлбас.

Сен жомоксуң, кыялыма табылган.
Сен бир күчсүң, каным менен агылган.
Жараткандын кылдаттыгын карасаң,
Жашоом кызык жалгыз сенин барыңдан.

## ЖАЗ ЛИРИКАСЫ

Сен өпкөн бетим от болуп,
Сүйүүгө сезим чок болуп,
Туу жонго чуркап бараттым,
Тура албай жүрөк токтолуп.

Киринип күндүн нуруна,
Күлгүн кез жазга жуурула,
Оронуп гүлдүү шиберди,
Обонум бийик суурула,

Бийиктен туруп ырдадым.
Сүйүүгө колум булгадым.
Козголуп жаштык делебем,
Жыргадым жазда, жыргадым.





Өмүрлөр дайым жаш болуп,
Сүйүүлөр дайым наз болуп,
Сүйлөшүп турса кыз, жигит,
Сүйкүмдүү дайым жаз болуп.

## СЕЗИМ

Оюмдун баш атына тема коюп,
Тулкусун чегээримде таштан оюп.
Сен черткен сезимдеги бир мукам күү
Серпилип агып келет өзөн болуп.

Термелип ошол күүнүн ыргагына,
Тез эле токуп кирем ырларыма.
Барамын бал чубуртуп калемимден
Бой балкып бул дүйнөнүн жыргалына.

## ТҮШҮНБӨДҮҢ

Көөнүмдө бир адамды жактырамын,
Көрсөм деп күндөн күнгө тартыламын.
Бирок да ал сырымды билбегенде
Оюмду ырга жазып тартууладым.

Жүргөнүң мага жагат, мүнөзүң жай,
Жайлоонун жай каалгыган булутундай.
Сүйүүнүн сыр жашырган жолу жаман,
Мага адат, сени көрсөм улутунмай.

Асманда жалгыз учкан каркырадай
Агылып тоо суусундай шаркырабай

Томсоруп өтүп барат кайран жаштык
Толукшуп күлгүн чагым жаркырабай.

Бурулуп мүнөзүң оор, карашың жай,
Ал карооң мага жүрөк жарасындай.
Көөнүмдө эч адамга теңебестен,
Көрөмүн оң көзүмдүн карасындай.

## ЖҮРӨГҮМДӨ АСЫЛ ТАК

Мезгил шашат, мезгил учат закымдап,
Мен чектеген ай-жылдар да жакындап,
Чынар болуп көлөкөсүн көбөйттү
Чырпыгында мен өстүргөн жашыл бак.

Мен терметкен бешиктеги бөбөгүм,
Менменсинип эр жеткенин көрөмүн.
Убакыттын өткөнүнө ишенип
Улуусунуп улгайганга көнөмүн.

Жашап мына орто өмүрдүн жарымын
Жаштык кезден кыйчалыштап карымын.
Бирок менде бир күчтүү элес жаш бойдон
Бийлеп турат сезимимдин жарымын.

Миң убакыт өткөн менен закымдап
Мени айланып жүрөгүмө жакындап,
Суусга жуусам, отко салсам өчпөдү
Жүрөгүмдө сүйүү салган асыл так.

Ал сүйүүнүн илебине жылынып,
Ал сүйүүгө баш уруна жыгылып,





Эстегенде кубат алып оңолуп
Элестетем, жаштыгыма бурулуп.

Ошол элес толкун берип денеме,
Ошол сүйүү жаралгансып эми эле
Түйшүктөнүп түн күзөтүп чыгамын
Түшүп алып поэзия кемеге.

Мезгил канча шашкан менен закымдап
Миң карылык келсе дагы жакындап,
Жүрөгүмдө жүрө бермек жаш бойдон
Бир кезекте сүйүү салган асыл так.

## БИЛИП КОЙДУМ

Ойлуу-ойлуу келатып күлүп койдуң,
Ой тууганым, аныңды билип койдум.
Сыр алдырбай антсе да күлүмсүрөп,
Сөз эшигин ичинен илип койдуң.

Гүл ширесин шимирген аарыга окшоп,
Кайра баштан ал ойго калдың токтоп.
Көңүлүңдө махабат балын татып,
Кызыктарга батасың кыял коштоп.

Ойлон, ойлон, элестет талыганча,
Оюң менен сүйө бил карыганча.
Киргили жок сүйүүгө кул бололу,
Ким билиптир, жашообуз дагы канча?

## ЖАРООКЕР ЖИГИТКЕ

Жүзүң ай, мындай мээримдүү,
Жүрөгүм дегдеп берилди.
Жүздөшө келсем уялып,
Жүдөтүп коем денимди.

Көрүнүп мага ай болуп,
Көңүлүм ысыйт жай болуп.
Өзгөрө түшөт абалым,
Өзүңдү көрсөм дал болуп.

Жароокер сендей жигитке,
Жалындап күйөм биликче,
Чарк урат сага кыялым,
Чимирик болуп ийикче.

Сөзүң ай, мындай мээримдүү,
Сүйлөсөң басам демимди.
Сүйүүгө жообум айталбай,
Сүрдөтүп салам кебимди.

## КАДЫРЫН БИЛГЕН БОЛСОҢ

Жазып кал, ыр сабыңа кошулайын,
Тартып кал, боек болуп жошулайын.
Иштеп кал, талантыңа көмөк болуп,
Эриткен ак күмүштөй созулайын.

Тиктеп кал, кызыл гүлдөй ачылайын.
Терип кал, бермет болуп чачылайын.
Көрүп кал, бул жашоонун сулуулугун,
Керемет кең дүйнөдөй чачырайын.





Тосуп кал, тагдырыңа урунайын,
Ичип кал, кымыз болуп куюлайын,
Алып кал, ашыктыктын үлүшүнөн,
Алдыңа ырыскыдай сунулайын.

Буруп кал, ак дилимден агылайын,
Билип кал, тагдырыңа кабылайын.
Таанып ал, таалайыңмын сүйүүдөгү
Махабат чепкениндей жабылайын.

Кааласаң толкун болуп серпилейин,
Колуңда комуз болуп чертилейин.
Жүйөөсүн ашыктыктын тапкан болсоң
Жүрөктү түбөлүккө энчилейин.

## СЕЗИМ КАЙРЫКТАРЫ

Сагындым сени, сагындым абдан,
Сагынчым болду толгондой жагдан.
Жүдөп да бүттүм өзүңсүз жүрүп,
Жетимдей болуп томолой калган.

Өзүң бир жүрсөң бөксөлүк толуп,
Өмүрүм гүлдөйт бактылуу болуп.
Көңүлгө кетпей капалык анда,
Кыялым эргип, көөдөнүм толуп.

Сүйүүнүн сүйкүм каймагын калпып,
Сезимди сезим жуурулуп тартып,
Махабат гүлү ачылып сенден,
Моокумдан кана жыттасам балкып.

Жаркылдап анда жашоону сүйөм,
Жалындап күйүп күн болуп тийем.
Бактылуу кылган талантка сүрөп,
Багбаным, сага башымды ийем,

Сагындым сени, сагындым абдан,
Сагынчым болду толгондой жагдан.
Жетсем деп көксөйм өзүңө эрте,
Жетимдей болбой томолой калган.

## ЫЙЫК СЕЗИМ

Сен менин өмүрүмдүн тамчысындай,
Сен менин өз жанымдын жартысындай.
Сен - мени алоолонткон ыйык сезим
Канаттуу кыялымдын камчысындай.

Бут тулкуң ырдан бүтүп калган сымак,
Бир баштан жаза берем аста чубап.
Ырыскым жалгыз сени буюргансып,
Ырларым бирде бүркөө, бирде куунак.

Бир кезде сагынычка чөптөй куурап,
Бир кезде сага жетип, майрам дуулап,
Бир ырым сенден алган шаттык болсо,
Бир ырым, сен жөнүндө жашка жуулат.

Кантсе да көз алдымдан такыр кетпей,
Көңүлдө ырдан бүткөн эстеликтей,
Ыр кылып сүрөтүңдү тарта берем
Ыраактап же жакындап ойлоп-эстей.





Сен менин өмүрүмдүн тамчысындай,
Сен менин өмүрүмдүн жартысындай.
Сен - мени алоолонткон ыйык сезим
Канаттуу кыялымдын камчысындай.

## БИЗ ТИЛЕКТЕШ

Телмирип көп терезеден караба,
Таң калаарлык эч нерсе жок адамга.
Кыз келиндер сайма сайып жатышат,
Бул кооз буюм чыгарчу жай, садага.

Кулундөйсүң табышмактуу сүйүнүп,
Көз отуңдан таттуу кыял билинип.
Сырыңды айтчы, түшүнөлү, садага,
Не карайсың терезеден үңүлүп?

Баары бирдей сөөмөйү уз кыз-келин.
Арасынан кими сенин сүйгөнүң?
Кандайдыр бир көз карашың башкача,
Кокус бирин ала качып жүрбөгүн?

Айтпасаң да анык сүйүүң билинип,
Көп карайсың кой көз кызга тигилип.
Көөнүң бардай көз карашың башкача,
Калгансың го сүйүү торго илинип.

Жаралса антип жаш сүйүүнүн жомогу
Жакшы оюңа биз тилектеш бололу.
Сенин сүйүүң түшкөн тордун ичине
Кыз сүйүүсү кошо түшсө болгону.

## СЕЗИМ ЫРГАГЫ

Аба тынч, чөптүн башы үлп этпеген,
Айлана көшүлүүдөн бүлк этпеген,
Сүйүүмдү жүрөгүмө канат кылып,
Сезимдин жайлоосунан гүлдөр терем.
Оюмду музыканын ыргагы ээлеп,
Оо, Аалам! Ушунчалык назик белең?

Көпөлөк сайма канат кызыл баркут,
Көркөмү куюлушкан боек аркыт.
Өзүндөй назик гүлгө өбүлүүдө,
Өмүргө ыракаттуу шире тартып.
Сөз жеткис, айкалышкан сулуулукту,
Саратан ырдап жатты сугун артып.

Көк асман, батыш жагы кызгылт тунук.
Күн барат, уясына үлпөт куруп.
Капыстан ал күн менен кучакташып
Кызарат тоо башында түрмөк булут.
Магдырайм ырахаттын кучагында,
Мээримдүү мындай кезди карап туруп.

Жел келет, жанга жагым үлпүлдөгөн,
Жалбырак шыбырашып бүлкүлдөгөн.
Элечек кийген тоолор албырышат,
Эч кандай эндик, боек сүртүнбөгөн.
Кайдандыр алыс жактан дөбөт үрөт,
Кайтарып өз короосун күрсүлдөгөн.

Шоокумдуу кулун үнү кишенеген,
Шыңгырап, музыканын изи менен,
Баратат, наркы тоонун кыясында,





Боз бээчен, сапар тарткан киши менен.
Сөөлөттүү көркөмүнө канат болуп,
Сулуулук, музыка экөө эгиз белем?

Аба тынч, чөптүн башы үлп этпеген,
Айланаң көшүлүүдөн бүлк этпеген.
Чоп этип, сен жүзүмдөн өпкөн кезде,
Чоочуйм да мен өзүмө анан келем.
Баятан бакыт берген бал сезимдин,
Баса дейм! Себепчиси өзүң белем!

## ӨТҮНҮЧ

Гүлүмдү күүгүм жерге көчүрбөчү,
Күнүмдүн шам чырагын өчүрбөчү.
Көңүлдө махабаттын жаркын жазы,
Көөнөрбөй эсте калсын көчүрмөсү.

Сырыңды сыйпалатып жашырбачы,
Сыйкырдуу сезимиңди качырбачы.
Сагынтып мынча мени зарыктырып,
Санаанын саздыгына батырбачы.

Учурдун улуулугун унутпачы,
Уурданбай ак дилиңди тунуктачы.
Умтулуп жалгыз сен деп турганымда,
Убайдын уусун чачып курутпачы.

Сүйбөсөң сүйөмүн деп алдабачы,
Сезимди арабөккө кармабачы.
Жүйөлүү ар бир ишке мен макулмун.
Жүрөктү жалган жерден арбабачы.

Санаамды төлгө таштай чачып-жыйып,
Сезимден өчүрө албай сени кыйып,
Ордумда таштай катып турганымда,
О жаным, сен көрүндүң жашым тыйып.

Өмүрдө эмне кымбат, эмне ыйык?
Өлчөсөм көргөнүмдү ыйып, жыйып,
Сөзүмдүн калыстыгын айта келсем,
Сүйүүсүз өмүр бөксө, өмүр сынык.

## СЕН ЭКӨӨБҮЗ

Ар бир адам деңгээлине жараша,
Ар кандайча жашай алат кааласа.
Урмат тапкан, убай тарткан баары бир,
Убай-чубай өтүп кетет жанаша.

Сен экөөбүз ырыскылаш жаралып,
Адамдыктын бийигинен каранып,
Сонун күндөр соолбос булак сыяктуу,
Сезимдерди сээп турмак таралып.

Жер калган жок сен экөөбүз көрбөгөн,
Сыр калган жок сен экөөбүз бөлбөгөн.
Сени менен өткөн күндү эстесем,
Сергип көңүл, күнгө жеткен өңдөнөм.

Көңүл кушу, канат байлап торолуп,
Кызгалдактын килемине оролуп,
Ташкындаган жашыл өзөн жээгинде,
Тосту сүйүү, ай-чолпондой тоголуп.





Эки күлүк айкалыша байлашып,
Ээрип жалдан алым сабак аймашып,
Тоо койнунан серпип парча түндөрдү,
Таңды тостук, таң булбулун сайратып.

Толкуп-ташып махабатта тогуз балл,
Түрмөктөлүп кыялыбыз күмүш жал,
Ырахаттын деңизинде ак кеме
Ырга айланып, сүзүп жүрдү сезим бал.

Жылдык сапар, жарты күнгө бүктөлүп,
Жылдыздардын арасынан түш көрүп,
Жүрүп кетсек, канат болуп замана
Жыргап жүрдүк, булут төшөп түштөнүп.

Айкалышып асман менен, жер менен,
Ашыктыктын балын соруп сен менен,
Бул дүйнөнүн ырахаты калган жок,
Сен экөөбүз даамын татып көрбөгөн.

## ЭСТЕСЕМ

Сагынсам элесиң маа сепил болуп,
Санаадан куткарасың кепил болуп.
Кокустан өзүңдү таап албаганда,
Калмакмын сүйүү жактан жетим болуп.

Эстесем кыялыма арка болуп,
Элесиң жүрөгүмө калка болуп.
Дарылап кусалыктын илдетинен,
Дилимди аластайсың арча болуп.

Толкуймун мээримиңе деңиз болуп,
Ташыймын көөдөнүмө батпай толуп.
Эңсөөлөр, сага болгон таза сүйүү,
Эзилип бышып турат жемиш болуп.

## КАЗАК ЖИГИТКЕ

Казак жигит! Кантейин дартыңды эми.
Көңүлдү өйүп, сүйүүнүн кысат деми.
Сени ойлосом сезимим алоолонуп,
Сырга тереӊ ырлардын агат кени.

Сага болгон дилимдин, жоктой чеги,
Сени эстесем көңүлдүн чыгат чери.
Куйкалаган махабат жалынына,
Касиети кызыл туу, кимсиң деги?

Мээримине бир көрүп кишендеген,
Мындай сүйүү болот деп ишенбегем.
Бакыт издеп, ал сүйүү элесинен,
Баш урунуп бүгүлөм тизем менен.

Карал болгон ал ойдон кетпейинчи,
Кайра баштан анда аны эстейинчи.
Жетпесем да жибиткен жылуу сезим,
Желге чачып, суу кылып серпейинчи.

Баса, сага жолугуу кандай эле?
Бактыма бир атылган таңдай эле.
Тоо суусунан токтолуп ичип жатсам,
Туруп калдың кашымда жандай эле.





Көзүң, көзгө урунду токтой болуп.
Көңүл дароо тутанды оттой болуп.
Амандаштың, сөзгө алып суроо менен,
Арабызда чоочундук жоктой болуп.

Жанга кубат мээримдүү көрүп сени,
Жамиласы Чынгыздын элестеди.
Кыргыз кызын ээрчиткен, казак жигит,
Көрүндү маа шам болуп, белестеги.

Даниярдай сен дагы сырың жабык,
Даай албадың айтууга оюңду анык.
Көз карашың көңүлдү алоолонтуп,
Көрөм дайым элести күндөй жарык.

Сүйүүм агып Нарындын дайрасындай,
Сезим эргип сен десем оюм тынбай,
Сүйүү менен тосуп ал ак дилимди,
Суу эңсеген казактын талаасындай.

Сени сүйдүм, сен жүргөн жерди сүйдүм,
Сен аркылуу, бүт казак элди сүйдүм.
Жетпегенге наалыбайм, тагдыр ошол,
Желек болуп сезимде эсен жүргүн.

## БАКТЫЛУУБУЗ

«Сүйөм» десем өзүңдү,
Сүзүп койдуң көзүңдү.
Үмүт жибин чарт кыйып,
Үзүп койдуң сөзүмдү.

Дале болбой аппагым,
Далбас ура баштадым.
Бирок «Сени сүйөм» деп,
Бир дагы кат жазбадым.

Калдалактап шашпадым,
Кароолго ала баштадым,
Жүзүм жарык жакшы иштеп,
Жүрүшүмдөн жазбадым.

Жакшылыкты беттедим,
Жаман иштен четтедим.
Күнүмдүккө кызыгып,
Колду шилтеп кетпедим.

Мансап, бакыт табылды.
Мактоо сөздөр жабылды.
Дөөлөтүмө баш уруп,
Душмандарым табынды.

Ойлоп өткөн чагыңды
От жүрөгүң жагылды.
«Сүйөм» деген сөзүмдү
Сүйүп жүрөк сагынды.

Сүртүп жашка жүз чайып,
«Сүйөм» дедиң кылчайып.
Сага окшоп бир кезде,
Сүзбөй көздү сумсайып,

Кучагымды кең жайып,
Күлүп тостум жылмайып.





Жүздөр жүзгө тийишти,
Жүрөктөргө гүл сайып.

Тынчтык күнгө кунт алып,
Той тамаша курчалып,
Жыргап өмүр өтүүдө,
Жалаң бакыт күү чалып.

Балдар ырдап үн салып,
Бактылуубуз мынчалык.
Алпечтеген заманга,
Арман болбос кылчалык.

## ЖҮРӨК СЫРЫ

Сезимим жылчыгы жок туюк болуп,
Сүйүүсүз думугаарда тулуп болуп,
Капыстан жан-дилиме аралашып,
Көңүлдү чечип кеттиң угут болуп.

Жүрөктөр алоолонуп сагынычка,
Жан жыргап, эркелеткен жалынычка.
Аппапак кристаллдай кусалыктар,
Ак дилге нары сонун, нары нуска.

Алоолоп оттой жанып ырахатым,
Ошондо миңге жашап отуз жашым,
Талкалап таруу кылдык сүйүү менен,
Турмушта тоскоолдуктун тоодой ташын.

Айың сөз айбын тартып чөгүп барат,
Ушак сөз уулануудан өлүп барат.

Сүйүүлөр намыс белин түпкүч кылып,
Сезимдин кулу болуп бөгүп барат.

Адамдын адамдыгы сүйүү менен,
Ал жокто жашоо алсыз, өмүр керең.
Ак дилден айкалышкан махабатка,
Ааламдан тең таба албайм айткан менен.

## МЕНИН СҮЙҮҮМ

Күнүм белең, бактым үчүн атылган?
Гүлүм белең, жүрөгүмдө ачылган?
Лира белең, кубат берип өзүмө,
Эстегенде элестүү ырлар жазылган?

Жалын белең, жүрөгүмдү жылыткан?
Мээрим белең, көңүлүмдү уюткан?
Акыл белең, адамдыкка сүрөгөн,
Адашканда алып чыгаар туюктан?

Тунук белең, аскадагы булактай?
Жарык белең, маңдайымда чырактай?
Махабаттын, мээри менен тирилттиң,
Соолор гүлгө, суу куйгансып кууратпай.

Менин дилим, менин бийик асманым!
Менин бактым, жазып бүткүс дастаным.
Менин сүйүүм, менин тоодой үмүтүм,
Медер кылып бул жашоодон тапканым.





## МАХАБАТСЫЗ ӨТКӨН ӨМҮР

Махабатсыз өткөн өмүр
Дымып калган казандай.
Махабатсыз өткөн өмүр,
Унутулган казалдай.

Махабатсыз өткөн өмүр
Канаты жок шумкардай.
Мүргүп калат максаты жок,
Мунжу болгон тулпардай.

Махабатка кезиге алсаң -
Малынганың бакытка.
Адамдык да, ак пейил да
Алдың толот жакутка.

Мүмкүндүгүң болгон кезде,
Махабатың өчүрбө.
Махабатсыз өткөн өмүр
Уланбаса өкүнбө.

## БИРОК ЧИРКИН...

Илеп келип тынымы жок ысыган,
Ичим жылып, мээримиңе ысыгам.
Сезимдеги серпилүүлөр от болуп,
Сенин, сүйүү шарабыңа кызыгам.

Алоологон ал дилиңе мас болуп,
Ал күчүңдөн кыш көңүлүм жаз болуп,
Ашыктыктын аптабынан дем алып,
Аппак гүлдөй бажырайгам наз болуп.

Бирок чиркин сүйүү өчөөр от беле,
Бир атылып өтүп кетер ок беле?
Түйшүк тартса түгөнүп да эскирме,
Түбөлүктүү эч бир нерсе жок беле?

Кийин-кийин басаңдатып жалынды,
Алыстоого сансыз себеп табылды.
Жалын боек күн нуруна оңгондой,
Жалын сүйүүм эскирүүгө багынды.

Күлгүн өмүр күүгүм тартып кеч кирип,
Күлкүлүү сөз даамы кетип эскирип,
Асемдеген сайма сымал махабат,
Азыр турат ар кай жерден тепчилип.

## ЖҮРӨКТҮ СЫНАП

Сагынып өзүң жокто жалгызсырап,
Сезимди алдамакка катуу сынап,
Каары күч санаалардан качыш үчүн,
Караңгы көңүлүмө жактым чырак.

Калганча денесинде жарты жаны
Бир жигит, жаш жүрөгүн камчылады.
Сүйлөдү «сүйөмүн» деп өзөлөнүп.
Сезимим бир да сөзүн камтыбады.

Көңүлүм ого бетер түндөй болуп,
Күлгүн өң коломтодо күлдөй болуп,
Өчүүдөн ал тараптан жана албадым,
Өзүң жок, тийип чыккан күндөй болуп.





Элесиң жүрөгүмө жакут болуп,
Эстесем тоодой болгон бакыт болуп,
Кубатты бир өзүңдөн алып келем,
Көңүлүм сенсиз жерде катып-тоңуп.

## СЕН ДЕГЕНДЕ

Мага сен жагып калдың кандай болуп?
Мен жашаймн сени оюмдан албай коюп.
Жүрөмүн сен дегенде алып-учуп
Жүрөктө канаты бар жандай болуп.

Ырдадым шарап ичкен жандай болуп,
Ысыдым тандырдагы нандай болуп.
Аарыдай айланса деп күтүп келем
Ачылган гүл ширесин балдай соруп.

Издедим, мага элесиң айдай болуп,
Ирмебей кирпигимди, ойлор жоруп,
Ийигип сага болгон сүйүүлөргө
Ийилдим жаш мажүрүм талдай болуп.

Көрүнчү атып чыккан таңдай болуп,
Көңүлдү көктөмдөтүп жайдай болуп,
Жүрбөйүн өмүр бою кусалыкта
Жүрөгү дартка чалган жандай болуп.

## СҮЙҮҮГӨ

Мага сен күндөй болуп жанып келдиң,
Көңүлгө керемет күү чалып келдиң.
Жүрөктү алоолонтуп жалын кылып,
Жүйөө таап гүл өмүргө агып келдиң.

Эрте күз, жазга айланды жашылданып.
Сезимим сени көксөп бүчүр жарып,
Көңүлдүн көкөлөгөн бийигине,
Келе албай кайгы-муңдун жолу тарып.

Күн болуп күндө мага тийе келдиң,
Көркүңө мен да башым ийе бердим.
Миң түркүн махабаттын элестерин,
Мончоктой моюнума иле бердим.

Ошентип мээримиңе бөлөп койдуң,
Оюмдун ооган жүгүн жөлөп койдуң.
Түңүлүп турган кезде сүйүү, сенден,
Турмушка кайра баштан төрөп койдуң.

**АЗ КЕЗИГЕМ**

Сени мен жакшы көрөм жаш кезимден,
Сезимим жаңы ойгонгон наз кезимден.
Өзүңдү кол жетпеген ыйык көрүп,
Өмүрдө көп ойлойм да, аз кезигем.

Сыйкырлуу сезим менен буруламын,
Сүйүктүү көздөрүңө урунамын.
Тартылып эмнегедир үмүт менен,
Татына махабатка жууруламын.

Бирок да мүнөзүңдүн төптүгүнөн,
Билсе да унчукпас деп көп түңүлөм.
Үмүтүм үзүлбөстөн жанды кыйнап,
Үлдүрөп алдан тайып үшкүрүнөм.





Антсе да жакшы көрөм жаш кезимден,
Ачылган кызыл гүлдөй кыз кезимден.
Өзүңдү кол жетпеген бийик ойлоп,
Өмүрдө көп самайм да, аз кезигем.

**СЕНСИЗДЕ**

Сенсизде ээси жок кайыктай,
Сенсизде суусу жок балыктай.
Сенсизде томсорткон бөксөлүк,
Сезилем бир байкуш карыптай.

Өзгөрткөн мүнөздө туюкту,
Өзүңсүң көңүлдүн угуту.
Ак сүйүүм - бийикте каркырам,
Ар дайым оюм сен урунттуу.

Думуксам тушумдан көзөлүп,
Дилиме дирилдеп төшөлүп,
Ысысам, саябан көлөкөм,
Ыр болуп, гүл ачып сөз өнүп.

Түнөрсөм жандырып жалынды,
Түшүнүп ар кандай жагымды,
Сергитип сезимге гүл ачып,
Сен гана билесиң табымды.

Өзүмдү сен гана билесиң,
Өйдөгө өбөгүм, тирөөчүм.
Ак дилиң ар дайым мага дем,
Алыскы марага сүрөөчүм.

## АРЗЫП КАЛСАҢ

Арзып калсаң ак гүлдөй ачылайын,
Ак сүйүүңө боорсоктой чачылайын.
Ак пейилден айтылган чындык сырым,
Анын несин өзүңдөн жашырайын.

Сен жанымда турганда учкум келет,
Сени өбөөрдө шарапты жуткум келет.
Өмүрдөгү ырахат, жыргал күндү
Өзүң менин бир жүрүп уткум келет.

Сүйүү берген бакытка баткым келет,
Сүрөтүмдү көзүңө каткым келет.
Суктандырып өзүңдү келбетиме,
Сулуулукту жылдыздай чачкым келет.

Өзөлөнүп негедир өпкүм келет,
Өөнүң чыкса чырактай өчкүм келет.
Ар качандан бир качан сыр чечишип,
Ажырабай дүйнөдөн өткүм келет.

## АРБАП АЛДЫҢ

Элесиң калбастан көөнөрүп,
Эрк бербей дилиме төөнөлүп,
Көзүмө кынтыксыз көрүнөт,
Калыпка салгандай өөнөлүп.

Күн өтсө көңүлдөр оорубай,
Гүл ачат сүйүүлөр соолубай.
Көрбөсөк көксөөлөр, артылып,
Кыялдар чырмашат боолудай.





Ошентип элесиң эскирбей,
Олтурсам таң атса, кеч кирбей,
Амалды түгөтүп сагыныч,
Арада алыстык жеткирбей.

Ойнотуп күлкүңдү бийикке,
От коюп, жүрөктө биликке,
Капыстан таң болуп атылдың,
Капалуу олтурсам сүйүнтө.

Эритип тоңдоосун мүнөзүм,
Эргитип, күн болуп тийесиң.
Акылың зергердей эбин таап,
Адамды күмүштөй ийесиң.

Кантсе да бир жолун табасың,
Каяктан сыйкырлап аласың?
Сыртыңдан жөнөкөй бир киши,
Сүйүүдө от болуп жанасың.

## СҮЙҮҮ ОТУ

Келатсам бир күн бейкапар,
Көпчүлүк менен тең катар,
Өзгөчө карап калыпсың,
Өңүмө буруп чоң назар.

Көңүлгө салып жалынды,
Көзүмө көзүң чагылды.
Сүйлөшпөй жатып ошентип,
Сүйүүнүн оту жагылды.

Ойлоно түштүм дал болуп,
Ортодо сүйүү бал болуп.
Уяндык мени жүдөттү,
Унчукпас дудук жан болуп.

Жалт этип да бир карадым,
Жалынга күйүп барамын,
Эки көз дагы урунуп,
Электр болуп жанамын.

Жөнөтпөй күчүң узакка,
Жиби жок түштүм тузакка.
Сендикмин, жаным, түбөлүк,
Сүйө алсаң барктап узакка.

## ЖООКЕРДИН ЖУБАЙЫНЫН МОНОЛОГУ

Өмүр бердиң, сүйүү бердиң, Жараткан,
Өзүнчө эле топтоп бардык тараптан.
Кыял эргип бөлөнөөрдө мээримге,
Каргашалуу согуш чыкты каяктан?

Тамызылып унутулган чылымдай,
Түтөйт жүрөк сүйүү отуна жылынбай.
Башка жашоо керексиздей мен үчүн,
Бары-жогу эсеп эмес тыйындай.

Жылдар жылып, айлар өтүп, күн өтүп,
Жаз жаркырап, күздө кайра гүл өчүп,
Саамайымды ак чалса да, жүрөктө
Самайм сүйүү элестерин түнөтүп.





Ашыктыкты медер тутуп көңүлгө,
Ар күн сайын кубат кылып өмүргө,
Жүрөгүмдүн нагыз сүйгөн адамы,
Жүрөт дайым жөлөк болуп сезимге.

Көз алдымда ал махабат элеси,
Кетпей турган кыялымдын чегеси.
Чын пейилден «сүйөм» деген сөзүнүн,
Чыкпай ойдо орноп калган жебеси.

Өмүрлөр бар өкүнүчтүү, кайгылуу,
Капысынан бири-биринен айрылуу.
Жеңилген соң ал ишине өлүмдүн
Жетпесине көзү жетип кайгыруу.

Уккандан соң түндөй кара кабарды,
Удай болуп кан дүйнөмө таралды.
Жараткан ай убайлантып, өксүтпөй
Жаратпай да койсоң болмок адамды.

Өчтү үмүтүм коюу түндө чырактай,
Өчтү сүйүүм кылы үзүлгөн кыяктай.
Өчтү менин медер кылган сезимим
Түпкүрүнөн соолуп калган булактай.

Мен дүйнөгө бир ал үчүн жаралып,
Мен сүйүүгө бир ал үчүн агарып,
Мен ал үчүн бардыгына түтчүмүн,
Кыйналсам да кыргый болуп таранып.

Издейм дале ал сүйүүмдү таба албай,
Издерин кууп кум чайыган карандай.

Куру кайтам кыялымда элестеп,
Кучагымды жайган бойдон арандай.

### СЕН ДЕЙМИН

Жыланча арбап адамды,
Жылдырбай артык кадамды,
Сөзүңдөн какшык чубуруп,
Кетирдиң өңдө жамалды.

Ай десем айгай саласың,
Тымызын уулуу чагасың.
«Бооруңа кимди кыстың?» деп,
Болбогон жалаа жабасың.

Унутчу, жаным, ушуну.
Узартсын эмгек учуңу.
Мурунку ысык жүрөгүм,
Муз болуп барат утуру.

Жарайбы ошол мүнөзүң?
Жай алып качан күлөсүң?
Бапырап турчу, эркекче,
Бак-таалай үйгө түнөсүн.

Иренжи болбой көңүлгө,
Ишенич болсун өмүргө.
Буюрбай калсын, сен деймин,
Болгончо дуушар өлүмгө.





### ҮМҮТ

Жашыл жайлоо. Күз келиши күтүлбөйт.
Жалама зоо. Шаркыратма күпүлдөйт.
Эки күлүк айкалыша жал кашып
Эмнегедир сенден үмүт үзүлбөйт.

Өмүр өттү. Калды жарты-жарымы.
Өң өзгөрүп, гүлүн күбүп карыды.
Өзүң гана тутандырган бир кезде
Өчөөр эмес жүрөгүмдүн жалыны.

Ал - махабат кыйгач басып өтпөгөн,
Алоолонтуп сезимимди өрттөгөн.
Кызыл жалын – Күнгө өптүргөн кызыл гүл,
Кыялымдан өмүр бою өчпөгөн.

## *Өлбөс өнөр*

### ЖҮЗ ААРЧЫ

Кылымдын кыйрын көп ашкан,
Кыдырып кыйла жол баскан,
Кыяда төөгө артылып
Кыргызым менен муңдашкан,
Камалып бурчта отурган
Кыз-келин менен сырдашкан,
Жылдыздуу түндө шыңгырап
Жылкычы менен ырдашкан
Жүз аарчы сайган кызыл жип
Жүрөктөр менен чырмашкан.

## ВРАЧ

Жыла басса тырбайган арык киши
Сүйрөлүңкү, так эмес баскан изи.
Өмүрлөшүм халатчан маа көргөзөт:
«Менин оорум - тиги өңү азган киши».

Шылдың кылдым оозунда кебин жулуп
Сөз кыйыгын тийгизе аны кырып.
«Бирөө оорусa сен ээлеп алган эмнең,
Быякта эле күлгүндөй таза туруп?»

«Чынында эле ал менин ооруларым.
Меники деп эсептейм анын баарын.
Айыктым деп сүйүнөм бир дартымдан,
Ага жакса көрсөткөн дарыларым.

Ал айыкса - сүйгөнүң айыкканы,
Ажал отун өчүрүп тынып жаны.
Ийне менен кудукту казган сындуу
Изденемин талыкпай дагы-дагы».

Ойлоп көрсөм чынында ак ниет врач
Ооздуктайм деп илдетти уруп кулач
Жакшы айыгып кетсе деп ойлой берип
Жаш кезинен буурулдайт турбайбы чач.

## ДАБАСЫ АНЫН - АК ЭМГЕК

Кырсык бар көпкө арылгыс,
Кыйналсаң жолу табылгыс,
Онтотуп анын сепили,
Ок менен атсаң жарылгыс.





Муштасаң музга айланып,
Мүргүтөт чидер байланып.
Тилдесең, тикен бөлөнүп,
Тилинди бууйт кайра алып.

Жулунсаң торго чалынып,
Жүрөгүң отко жагылып,
«Жоругуң бузук экен» дейт,
Жолуңдун баары жабылып.

Кырсыктын түрү көп болот,
Кыйноосу кыйла кеп болот.
Алардын баарын тосконго
Ак эмгек гана чеп болот.

## БИЙЧИГЕ

Канатың дир-дир этип көпөлөктөй
Каяктан, чыга келдиң эбелектей?
Артыңдан айланчыктайт сулуу жигит
Ашыктык отко күйүп, жетип-жетпей.

Бир туруп гүлгө айланып, чимирилип,
Бийлейсиң көңүлдөргө сиңирилип.
Мемиреп, тиктей бердик назиктигин
Музыка толкунуна шимирилип.

Ирмелбейт канча көздөр сени карап,
Күрмөлүп шилекейге канча тамак.
Ак куудай мойнуң созуп учаарында
Музыка толкундары сабап канат,

Бийлединң дилиң менен толкуп ийип,
Буттарың уйкаш менен жерге тийип,
Сапырып бүт тулкуңду музыкага,
Сахнада эл көзүнөн көйнөк кийип.

Көңүлдөр жалгыз сага ширелгенсип,
Көк асман ошол күчкө тирелгенсип,
Сезимдер кыйрачудай сенсиз калса,
Середен түркүктү алып жибергенсип,

Кызыгып кыймылыңа талыптырмын,
Кыялды сага кошуп салыптырмын.
«Дүр» этип, кол чабылса бийиң бүтүп,
Түшүмдөн чочугансып калыптырмын.

## БОЁКТОР

Боектор кыялды толгогон,
Боектор музыка ойногон.
Эң кымбат керемет кубулуш,
Элестеп уйкумдан ойгоном.

Боектор суктантып караткан,
Боектор ырахат жараткан
Боектор суудa да, абада,
Бир-бирин кубаттап жарашкан.

Андыктан ышкымды артамын,
Ар кандай коолдукту тартамын.
Айкалып боектор кубулса,
Анда мен түк келбейт чарчагым.





Боектор кубулуп көзүмдө,
Боектор кубулуп сөзүмдө,
Жүрөгүм толукшуп кыпкызыл,
Жүрүшөт күч берип өзүмдө.

## ЖЫЛКЫЧЫГА

Күлүктөн тандап күлүктү минип,
Күнчүлүк чаптың көкүлүн түйүп.
Жеткирбей кээде канаттуу кушка,
Жебедей учтуң абаны тилип.

Кырлардан кырды кыялап көчүп,
Кыйкырык менен жылкы айдап өтүп,
Укурук сүйрөп үйрөттүң тулпар,
Азоолор менен алышып өсүп.

Жоргодон тандап жоргону минип,
Жоодур көз сонун селкини сүйүп,
Обонго салдың оюңду тоодо,
Жылдыздуу түндө жылкы айдап жүрүп.

Жаштыкка жарың айкалып турсун,
Жалыны көздөн байкалып турсун.
Жоодурай карап кымызын сунуп
Жоогазын сымал жайкалып турсун.

Ырахат күтүп, алышып моюн,
Ыр менен өтсүн жайлоодо тоюң.
Күлүктөн тандап мингин да экөөң,
Калкыңа көрсөт кыз куумай оюн.

## САЙМАЧЫ

Жайылган ишке жумшап көздүн курчун,
Жай кылат саймачы кыз жүктүн бурчун.
Эскирбес өнөрүнөн элестетем
Эзелки замандагы кыргыз журтун.

Тилеги ак матага саймаланып,
Телмирип, сансыз көчөт майдаланып,
Бир кезде айтып келген кыздар оюн,
Бир гана сайма аркылуу пайдаланып.

Ак ийне, кызыл учук сапырылып,
Ак дилден ак сүйүүсү батырылып,
Ашыктык музыкасы ичтен ойноп,
Алп талант, тоодой максат жашырылып,

Жүзаарчы саймаланган белек болуп,
Жүрөктө кызыл кандай желек болуп,
Жигиттин чөнтөгүндө сакталуучу,
Жүдөткөн капалыкка керек болуп.

Көргөндө ал белекти ачып алып,
Көңүлүн сагынычка чачып алып,
Күүгүмдө койчу жигит келээр эле,
Күйгөндөн көздүн жашын аарчып алып.

Кээде антип ыйга салса солкулдатып,
Кээде аны алоолонтчу толкундатып.
Ак дилден ак матага айткан сүйүү,
Алп күчкө сүрөөр эле дабанды ашып.

Ал күчтөн тоону бузуп, жоону жеңип,
Ааламга колун сермеп, айды челип,





Ал күчтөн мукам күүлөр жаралуучу,
Ашыктык жүрөктөрдүн кылын терип.

Сезгенге сыры терең, байкалбаган,
Сүйүүлөр сүрдөнүүдөн айталбаган,
Саймада сансыз ойлор, сансыз үмүт,
Сагыныч курчтук мизин кайтарбаган.

Көңүлү сүйүүсүнө чимирилип,
Көз жашы жибек жипке сиңирилип,
Өчпөгөн бир эстелик сайма деген,
Калса да саймачынын сөөгү чирип.

## ЛИРА ТОЛКУНУ

Лира термейт кыялымды,
Билинип да, билинбей.
Каркырадай кароолума,
Илинип да, илинбей.

Ыр бермети ыргактанып,
Кээде кетсе тизилип,
Убарамын кай бир кезде,
Уйкашынан үзүлүп.

Мергенчинин оттугундай,
Чагылып да, чагылбай,
Кумга сиңген алтынга окшоп
Табылып да, табылбай.

Сүрөт болчу асыл таштай,
Чегилип да, чегилбей,

Алпурушам лира менен,
Жеңилип да, жеңилбей.

## БАКЫТ ЖОЛУ

Адам деген асыл наамын актаса,
Алсыздыкка алтын башын катпаса.
«Алла таалам бак бербеди» дейт бирөө,
Алдуу-күчтүү, алты саны таптаза.

Бакыт деген - чыдамдуунун бактысы,
Байлык оңой, эмгек анын ачкычы.
«Бар, кечикпей эмгектенгин» дээр элем,
Бирөө келсе бакытты издеп тапкысы.

Эгер бирөө бир максатты чектесе,
Эмгектенип алга карай тездесе,
Мага келсин, аракети текке өлүп,
Максатына эгер ошол жетпесе.

## ТОКУУЧУГА

Чачындан ичке жибекти,
Чачыштырбай иреттүү,
Өнөрүң кылдат токуучум,
Өзүңө тартып жүрөктү.

Токулса жибек билинбей,
Толкундуу карап күлүңдөй,
Өнөрүң тартат кыялды,
Өзүңдүн аркак жибиңдей.





Андыктан куштар мен болуп,
Айлакер чебер сен болуп,
Ырда деп жүрөк зырпылдайт,
Станок менен тең болуп.

## АЙЛАНАЙЫН АК ХАЛАТ

Корком жаман, корком жаман өлүмдөн.
Кетким келбейт күлгүн жаштык өмүрдөн.
Эл эскерер эмгек таштап кеткенге,
Эч болбосо ашып алсам элүүдөн.

Алмадай өң керсарыга айланып,
Алсыратып кетпейт оору байыр алып.
Айланайын жан коргошор ак халат,
Аны менден ыргытсаңчы кайра алып!

Кантсин врач, имерилип кайталап,
Кам көргөнү карегинен байкалат.
Дары менен найзалашып ажалды,
Дабаа болуп өмүрүмдү кайтарат.

Арам илдет келген сайын жармашып,
Ар бир күнү ажал менен кармашып,
Иштеп жүрөт ак халатчан адамдар
Ишенчимди үмүт болуп жандашып.

## ТАГДЫРЫМА ЫРААЗЫ

Кубулжуган боектор,
Куюлушкан ыр болуп,
Жан дүйнөмдөн чертилет
Жүрөгүмө кыл болуп.

Дал ушул күндү келсе деп,
Далайдан эңсеп күткөмүн.
Жигиттин бир ооз сөзүнөн,
Жеңилдей түштү жүктөрүм.

## ЫРЧЫ ИНИМЕ

Ойготкон сезимди коңур үн,
Оо иним! Узарсын өмүрүң.
Таңшыган булбулга тең кылып,
Талантты бериптир Теңирим.

Тоолоруң театр, сахнаң эл,
Толукшуп угушат таркап чер.
Мээримдүү үнүңдөн дем байлап,
Марага жетүүдө тоолук эл.

Ойлосом Алатоо жаңырып,
Обонуң кубулжуп агылып,
Адамды эриткен үнүңдөн
Айлана бүт сага багынып,

Сени укса тып токтоп бурганак,
Сеңселип, түркүн гүл ыргалат.
Булбулдар бул үндү эшитсе,
«Бизге окшош экен» деп жыргамак.

Ырларың шылдырап булакта,
Ышкыга чөмүлтүп кулакта,
Талантың гүл ачып көрктөнүп,
Таңшый бер кырчындай куракта.





## КЫЗЫЛ ШЫРДАК

Изилдеп боек түрүн, чөптүн гүлүн,
Изденип байкоо кылып ар бир бүрүн,
Ыр кошуп ышкын түптүн тамырынан,
Түс кошуп арча, четин кабыгынан,

Үлгүлөп карчыганын канатынан
Үртүктөп улуулардын талантынан,
Көчүрүп, кулжа, бугу мүйүзүнөн,
Көрк кошуп, кыз-жигиттин сүйүүсүнөн,

Өмүрүн саптап алып учугуна,
Өрнөгүн калтырууга тукумуна,
Жасады кыргыз эне кызыл шырдак.
Жаккыдай улуу тарых купулуна.

Ыргагын оюлардын уйкаштырып,
Ырыскы-ынтымакка купташтырып.
Айлакер уздук менен көк-кызылды,
Айрылгыс эгиздердей учкаштырып,

Көргөндөр көз талытып моокум канбай,
Көркүнөн поэмалар окулгандай,
Жасады кыргыз эне кызыл шырдак,
Жалпы журт суктанарлык көзүн албай.

Ал шырдак түшүнгөнгө улуу дастан,
Абалкы кыргыздардын сырын жазган.
Ал шырдак байкаганга укмуш сүрөт,
Оюусу ой, кылымдардын кыйрын баскан.

Кызыл өң – «Чон Казаттын» аккан каны.
Көк түсү – жеңиштерди жаратканы.
Сары боек – сайсөөгүнөн жалын чыгып,
Самсыган жокчулукка талатканы.

Кара түс – ууну жуткан капалыгы,
Ханынын калкка кылган катаалдыгы.
Жашылы – жашоо үмүтү гүлүн ачып,
Жалпы журт жеңиш менен күч алганы.

Оюуга үмүт отун милте кылып,
Ойлорун ободого айткан шырып,
Кыргыздын кызыл шырдак тарых жолу,
Кылымдан кылымдарга келген жыйып.

## АКЫНДАР ЫРДАЙТ СҮЙГӨНҮН

Мен жаздым ырды сулууга,
Мээримдүү, өңү жылууга.
Жөнөкөй жылуу сөзүнө,
Жүрөгүм эрип жылына.

Анда айтат бирөө акылды,
Айлантып менин башымды:
- Чабанды ырда а керек,
Чыгарам десең атыңды.

Да бирөө айтат өз оюн
Ырыма болуп кожоюн:
- Саанчыны мактап жазсаң – дейт,
- Создукпай чыгат ошонуң.





А жүрөк кайдан муюсун,
Алмашып сүйгөн сулуусун.
Жел жүргөн жакка желпинген,
Жетелентмеси курусун.

Айтканга жүрөк багынбас,
Сүйбөскө сөздөр табылбас.
Ыгын таап сырын билгенче,
Ырда деп чабан таарынбас.

## СҮРӨТ СҮЙЛӨЙТ

Сүйүү болсо сүрөтчүнүн дилинде,
Сүйлөйт сүрөт бардык элдин тилинде.
Бири жаштык кереметин ырдаса,
Бир кездеги тарыхты айтат биринде.

Бирин көрсөң, кубангандан каткырып,
Бирин көрсөң, жүрөк болк деп аптыгып,
Кай бир сүрөт умтулдуруп жашоого,
Кереметүү кең дүйнөнү наз кылып,

Жамандыкта добул уруп, чагылган.
Жакшылыкта күндүн нуру жагылган,
Жакшы сүрөт дүйнө элине окулуп,
Жагымдуу ыр сезимдерде жаңырган.

Дайым ага суктануулар артылып,
Делебеңди делөөрүтүп тартылып
Кылымдардын кыйырына барасың,
Күлүк кыял тулпарына камчы уруп.

Бир топ булак бир өзөнгө куйгандай,
Бирге жүрүп, бир энеден туулгандай.
Сүйлөшөбүз котормочу-сөздүксүз,
Сүйүү, достук, гүлдестесин сунгандай.

Талант болсо сүрөткердин дилинде,
Таңшыйт сүрөт бардык элдин тилинде.
Андай болсо кереметтүү устатым,
Аалам үчүн айтаар сөзүң ширинде.

## АМАНТУР АГАЙГА

Сиз Нарындан, мен Көлдөн.
Кайдыгер дейт бир көргөн.
Бирок жакын санаабыз,
Бир буудайды тең бөлгөн.
Урмат кылып сыйлашып,
Уялаштар өңдөнгөн.

Жакшы ырларды жат билип,
Тарыхтарды так билип,
Ойлуу сүйлөп, аз күлүп,
Орду менен түз жүрүп,
Түшүнүшүп сыр билип,
Тууган болдук түпкүлүк.

Уламыштан улайсыз,
Уздун жолун сурайсыз,
Кийинкиге жетсин деп,
Кичинеден кынайсыз.
Сезгендерге кыйла оор
Сиз улаган төтө жол.





Тайгак кыя, бел ашып,
Тарыхка кең жол ачып,
Кербен баштап келесиз,
Ал өмүргө гүл азык,
Арткы муунга - чоң азык.

## ТАЛАНТТАРГА УРМАТ

Сүрөт бар боёктору куйүп турган,
Сулуулук кош тизесин бүгүп турган.
Батырып кереметтүү ыракатка,
Бапырап сени тартып күлүп турган.

Обон бар оболотуп кубулжуган,
Ордун таап эргүүлөрдүн гүлүн сунган.
Ойнотуп кыялыңды бийге тартып,
Оюңда кайгы-муңду сүрүп турган.

Ырлар бар сөздүн гүлүн терип алган,
Ыгын таап асыл таштай чегип алган,
Окусаң моокум канып чер жазылып,
Оюңда душманыңды жеңип алган.

Урмат! Сый! Уюткулуу таланттарга,
Ушундай укмуштарды жаратканга,
Аябай сыймыктанам өзүм дагы,
Алардын жолун издеп баратканга.

## АЛА КИЙИЗДЕГИ ОБОН

Ала кийиз, дубалда тагылган,
Ал - обон тереңден жаңырган.

Жайма-жай окусаң көрүнөт,
Жайлоолор, өзөн суу агылган.

Алатоо, чалкайып көрүнгөн,
Аркарлар, оттогон төрүнөн.
Байыркы кыргызды көрөсүң,
Боектун миң кыял өңүнөн.

Кылычтар, баатырлар чабышкан,
Кызыл кан, эрдиктен агызган.
Өөрчүгөн жалындай кызыл түс,
Өмүрлөр, өрт каптап калышкан.

Эрдиктер, эл коргоп келишкен,
Эл үчүн өз жанын беришкен,
Текөөрү темирге айланып,
Душманын тең жара тебишкен.

Өмүрлөр, кайрадан уланган,
Өнөрлөр, акылдан куралган,
Таланттар, таңшыган булбулдай,
Тамшантып сезимди сугарган.

Баары тең боекто ырдалып,
Бал татыйт сезимге чулганып,
Ал обон ала кийиз бетинде,
Ачылган гүл болуп ыргалып.





## БОЗ ТОРГОЙ

*(Абай атындагы Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты Заурбекова Батмага)*

Сен боз торгой казактын талаасында,
Күү кураган асман-жер арасында.
Көңүлдөрдү өзүңө тартып алган,
Комузчунун колу бар канатыңда.

Жериң мактап миң түркүн безеп ырдап,
Жалындаган түстөргө назик ыргак
Куюлушуп боектор тилге келсе,
Кубулжуган музага жаның жыргап,

Күү төгүлтүп казактын домбуроосу,
Кербен келет, ырдаган коңгуроосу.
Сары талааны сеңселтип гүлгө айлантып,
Сезимдерди ойготкон назик доошу.

Безей бергин, боз торгой, үнүң таптап,
Бийик өскөн казак деп элиң даңктап,
Кубулжуган үнүңө моокум каныи,
Курсант болсун бүт элиң сени жактап.

## КҮЛҮК КЕЛЕТ

*(Ч.Айтматовго)*

Күлүк келет алыстан, күлүк келет.
Күн-түнүнө карабай жүрүп келет.
Көкүлүнөн Чыгыштын шамы күйүп,
Көңүлдөргө таң болуп сүрүп келет.

Ат салышып бир кезде жарышканы
Аздап-аздап бириндеп алыс калды.
Ал ансайын туягын желге ойнотуп,
Аалам сугун арткыдай арыштады.

Чөлдү кезип, бел ашып, деңиз кечип,
Келе жатат тоскоолду – тоону тешип.
Дүңгүрөтүп дүйнө элин тамшандырып,
Дилин бийлейт лиранын балын эзип.

Чарк айланып жер-жүзүн күлүк келет.
Чаалыкпастан Гүлсарат жүрүп келет.
Алатоолук кыргыздын бар экенин
Ал аркылуу бүт дүйнө билип келет.

## ШАКИРТИМЕ АК ЖОЛ

Поэзияң кристаллдай жаркырап,
Кирсиз болсун окулса да канча убак.
Карыбасын мезгил менен жарышып,
Канча өтсө да кылымдаган жыл чубап.

Андай болсо жүрөгүңдү берип жаз.
Арты-кийнин акыл менен көрүп жаз.
Талантыңдын ташкын кезин өткөзбөй,
Тизе бүгүп, кулдук уруп чөгүп жаз.

Сезим толсун, сөздүн гүлүн терип жаз,
Сүрөттөрүн каухар таштан чегип жаз.
Эки миң жыл өтсө дагы арадан,
Эрип, балкып, ыйлап турсун кара таш.





## ТАЛАНТ КҮЧҮ – АСЫЛ ТАШ

«Чыгармаңды чыңа» деп,
«Чын жарыштар мына» деп,
Чакыртыптыр Москва,
«Чама-чаркың сына» деп.
Чогуу бардык баарыбыз,
«Чоң көргөзмө тура!» деп.

Жеткен менен, эринип
Жата бердик керилип.
Андан калган убакты
Эндик-упа себинип.

Тырмагыбыз учталып,
Түйүп чачты узданып,
Кеп кылабыз кээ бирин
Ушак сөзгө кыстарып.
Кебетеси Лиданын
Кетти кепке туздалып.

«Кейпин көрсөң, курган ай».
«Кийим кийет ылгабай».
«Эмне бүтөп жатты экен,
Эзел тери кургабай?»

«Тамак ичип жатса да
Тамталаңдап бурдамай».
«Кашык менен албайбы
Кантты колу булгабай».

Ушагыбыз уланып,
Учат мезгил чубалып.

Көргөзмө ачтык акыры
Көркөм өнөр сыналып.

Кирип барсаң айланаң -
Картиналар жайнаган.
Кереметы кээсинин
Көздүн отун байлаган.

Көрө бердик четинен,
Кыйкым издеп кээсинен.
Дагы эле ушак баягы,
Шыбырашып экиден.

Жалпысынан караса
Үч-төрт сүрөт жанаша,
Көргүң келет шашылып,
Көздөр көздөн талаша.

Кандай талант керемет!
Карайм колду серелеп.
Көрчү, мындай чеберге
Кандай адам теңелет?

Сүрөттү айтсаң ушуну айт!
Сүрөт тарткан кишини айт!
Карап туруп өнөрүн
Кантип ичиң ысыбайт?

Талант мөөрү басылган,
Таңдай болуп атылган,
Көрүп туруп адамдын
Көңүл чери жазылган.





«Баракелде, бали!» деп
Курдашыма сөз салдым.
«Кимдин иши болду экен?»
Авторуна көз салдым.

Оюнубу, чыныбы?
Көзүм көрбөй жатабы?
Же болбосо автордун
Жазылышы катабы?

Жок, Лида экен чын эле.
Ишене албай таң калып,
Элге жолду бошоттум
Карап турган жарданып.

Кол чабылып дүрүлдөп,
Келди Лида күлүндөп.
Киши карап тургудай
Кийингени бүгүн төп.

Көргөн элдер караштры,
Көрүшсөм деп самашты,
Багы ачылган талантка
Баары бүгүн жарашты.

... Уйгу-туйгу оюмду
Ушак айткан биз үчүн
Уят кыйнап баратты.

## ЧОҢ МАРА

Тагдыр берди талантынын эгизин.
Түйшүк, бирок бул чоң бакыт мен үчүн.

Келем жолдо. Эки колум бош эмес.
Көтөргөнүм эгиз уулдай кош элес.

Бирин алсам, экинчиси чыркырап,
Эңем жерден, эне жүрөк зыркырап.

Теңселемин тер куюлуп кайышып,
Түшүп кетип кыйрайбы деп майышып.

Ат салышып чыккандардын далайы,
Алда качан менден озгон карааны.

Мен ал жүктөн эки колум карышып,
Мойноп дале үмүт үзбөйм жарышып.

Жылкы баккан мага окшоп күйүкпөй,
«Жүдөгөн» деп өзүн санайт күлүктөй.

Ошончолук түмөн-түйшүк кесиптин,
Оорчулугун алар кайдан сезишсин.

Эч нерсе эмес! Булар эптеп эр жетсе,
Эмнеси бар чоң байгени жеңбеске?

Эгиздерим, эки учкул канатым,
Экөөң бирдей эр жеткенсип барасың.

Мээрим төгүп элге сиңсе эмгегим,
Менин ошол чоң мараны жеңгеним.





МАЗМУНУ

КЫРГЫЗ КЫЗЫ (*Ч. Өмүралы уулу*) ........ 5

*Мекен мээрими*

ТУУЛГАН ЖЕРГЕ КАЙРЫЛЫП ........ 42
ЖАЛГЫЗ ТЕРЕК ........ 43
ГҮЛДӨР ДҮЙНӨСҮ ........ 43
БИРГЕМИН ДАЙЫМ ЭЛ МЕНЕН ........ 44
КАМЧЫ ........ 44
АТАЖУРТКА ........ 45
УЛУУ ТОО ........ 46
КЫЯЛДАНУУ ........ 47
УЛУУЛАРДЫН АКЫЛЫ ........ 48
ЖОЛУКТУМ ........ 48
КӨЛ КӨРКҮ ........ 50
САБАА ........ 50
АЙДЫҢ КӨЛ ........ 51
НАРЫН ТАҢЫ ........ 52
ФРУНЗЕ ЭЛЕСТЕРИ ........ 53
АЛАЙЛЫК КЫРГЫЗДАР ........ 54
БАРСКООН ........ 55
УЧКАНДА ........ 57
ТҮНКҮ ЖАЙЛОО ........ 57
НАРЫН ........ 59
СЫЙМЫКТАНАМ ........ 60
АШУУ ЖОЛ ........ 60
ГЕОЛОГДУН ЫРЫ ........ 62
КЕЛ, КУРБУМ, ГҮЛДӨН ШУРУ ТАГЫНАЛЫ ........ 62
БЕШ-ТАШ ........ 63
КЫРГЫЗ ПЕЙЛИ ........ 64

*Адам сыры*

АПАМДЫ ТАМАШАЛАП ........ 71
НААЛЫБА ЭМИ, ТУУГАНЫМ ........ 72
ЖИГИТТИК ........ 73

ЧОҢ ЭНЕ ЭЛЕСИ ........ 75
УЛАЙ БЕР УШУЛ ЖОЛУҢДУ ........ 76
ДОСТОРУМА ........ 78
ЖАКШЫНЫН АТЫ ЖӨНӨКӨЙ ........ 79
ЖАКЫНЫМ ........ 79
ТРОЛЛЕЙБУС ........ 80
ТҮРКҮН МҮНӨЗ ........ 81
АК ХАЛАТТАН АЙЛАНСЫН ........ 82
ЭРМЕГИМ ........ 83
ОРДЕНДҮҮ ЭНЕ ........ 83
ЫНСАПСЫЗГА ........ 85
ИЧИ ТАРГА ........ 86
ЖАРАБАЙТ ӨТӨ ЭЛЕ ЧАБАЛДЫК ........ 86
АЛМА ........ 87
БӨБӨКТӨРГӨ ТИЛЕК ........ 88
СТУДЕНТ УУЛУМА КАТ ........ 88
ЖАКШЫ ЖАНА ЖАМАН ........ 91
АПАКЕБАЙ, ДАГЫ КҮТ ........ 91
ЭНЕЛЕРДИ СЫЙЛАЙЛЫ ........ 92
ЫСЫП КЕТТИМ ........ 93
КӨЙРӨҢ КЫЗДЫН КӨҢҮЛҮ ........ 94
КОЛДОН КЕЛСЕ ........ 94
КАЙРАН АРАК ........ 95
АЙЛАНАЙЫН, АЛ АРЫ ........ 96
АРАКЕЧ МОЛДОГО ........ 97
ЧЫНДЫК УРААНЫ ........ 98
ЧОБУР ........ 99
БИРӨӨНҮ СҮРӨТТӨП ........ 101
УУЛУМА ........ 101
АДАТ КАЛБАЙТ ........ 102
АРАМ ПЕЙИЛГЕ ........ 104
БАЛАГА ........ 105
СОГУШ ТАГЫ ........ 105
КАЛЫС КӨЗДӨР ........ 107
ЖАМАН ПЕЙИЛ ЖАКЫНЫМА ........ 108
КАЙРАТ ........ 109

*Жалгыз терек*

ÆÎË ÆÎÌÎÀÓ ........ 110
ЖАКШЫНЫН БААРЫ ЖАКЫНЫМ ........ 110





АР НЕРСЕНИН ЧЕГИ БАР ........ 111
ТУРМУШТУ МЕН ДА ТҮШҮНӨМ ........ 112
МҮНӨЗҮМ ........ 114
ТАГДЫРДАН ЧЫККАН ТАМАША ........ 115
ҮМҮТ ........ 115
ӨМҮР ЖОЛУ ........ 116
ТИРҮҮЛҮКТӨ ........ 117
МЕН ........ 118
ЖАЛГЫЗДЫК ........ 118
МЕНИН ОЮМ ........ 119
ДЕН СООЛУККА ........ 120
ЖЕТТИМ КАЙРА ........ 121
КАТТАР КЕЛЕТ ........ 121
АПА БОЛУУ ........ 122
УРПАКТАРГА ........ 123
ДҮЙНӨ ........ 124
КӨЙРӨНДҮК ЭКЕН АНДАГЫМ ........ 125
40 ЖАШЫМА ........ 126
КУБАТ БЕРСИН ӨМҮРГӨ ........ 126
БИЙИКТИК ........ 127
ЧЫЛЫМ ЖӨНҮНДӨ ........ 128
50 ЖАШ ........ 130
БҮТПӨС КҮРӨШ ........ 131
ТИРҮҮЛҮК ........ 131
МЕЗГИЛ ........ 132
ТУЮК ОЙЛОР ........ 133
АРМАН ........ 133
ӨМҮР ........ 134

*Табият табышмагы*

ЖАРАТЫЛЫШ ЖӨНҮНДӨ ........ 135
ТООЛОРУМ – МЕНИН ЫРЫСЫМ ........ 139
ТАҢКЫ СҮРӨТ ........ 140
КҮНДҮ СҮЙҮП ........ 141
ӨТКҮН ........ 141
ЭЛЕСТҮҮ СҮРӨТ ........ 142
ЖАЗ ........ 143
АСЫЛ ТАҢ ........ 143
МЕЗГИЛ ЖАНА ДАРАК ........ 144

ЭТЮД ........ 146
АККАН СУУ ........ 147
НӨШӨР КҮҮСҮ ........ 147
ГҮЛ ТОКОЙ ........ 148
КЫЗГАЛДАК ........ 149
КҮН ЖАНА АШЫМ ........ 150
ЖАЗ ЖЕЛИ ........ 151
МЫЙМЫЙЫМ ........ 151
ШАРКЫРАТМА ........ 152

*Ашыктык абазы*

ЭСИҢДЕБИ? ........ 152
ЭСКЕРЕМ АЛ КЕЗИМДИ ........ 153
ЖИГИТТЕР ........ 154
ӨЗҮНӨ БУЮРСУН ........ 155
ТЕЛЕФОН ........ 156
ТААНЫШУУ ........ 156
БЕЛЕК ........ 157
ИЗДЕП КЕЛЕМ ........ 158
ЖАШЫРСАҢ ДА ........ 159
СЕН ........ 160
ЖАЗ ЛИРИКАСЫ ........ 160
СЕЗИМ ........ 161
ТҮШҮНБӨДҮҢ ........ 161
ЖҮРӨГҮМДӨ АСЫЛ ТАК ........ 162
БИЛИП КОЙДУМ ........ 163
ЖАРООКЕР ЖИГИТКЕ ........ 164
КАДЫРЫН БИЛГЕН БОЛСОҢ ........ 164
СЕЗИМ КАЙРЫКТАРЫ ........ 165
ЫЙЫК СЕЗИМ ........ 166
БИЗ ТИЛЕКТЕШ ........ 167
СЕЗИМ ЫРГАГЫ ........ 168
ӨТҮНҮЧ ........ 169
СЕН ЭКӨӨБҮЗ ........ 170
ЭСТЕСЕМ ........ 171
КАЗАК ЖИГИТКЕ ........ 172
БАКТЫЛУУБУЗ ........ 173
ЖҮРӨК СЫРЫ ........ 175
МЕНИН СҮЙҮҮМ ........ 176





МАХАБАТСЫЗ ӨТКӨН ӨМҮР ........
БИРОК ЧИРКИН... ........ 177
ЖҮРӨКТҮ СЫНАП ........ 177
СЕН ДЕГЕНДЕ ........ 178
СҮЙҮҮГӨ ........ 179
АЗ КЕЗИГЕМ ........ 179
СЕНСИЗДЕ ........ 180
АРЗЫП КАЛСАҢ ........ 181
АРБАП АЛДЫҢ ........ 182
СҮЙҮҮ ОТУ ........ 182
ЖООКЕРДИН ЖУБАЙЫНЫН МОНОЛОГУ ........ 183
СЕН ДЕЙМИН ........ 184
ҮМҮТ ........ 186
........ 187

*Өлбөс өнөр*

ЖҮЗ ААРЧЫ ........
ВРАЧ ........ 187
ДАБАСЫ АНЫН - АК ЭМГЕК ........ 188
БИЙЧИГЕ ........ 188
БОЁКТОР ........ 189
ЖЫЛКЫЧЫГА ........ 190
САЙМАЧЫ ........ 191
ЛИРА ТОЛКУНУ ........ 192
БАКЫТ ЖОЛУ ........ 193
ТОКУУЧУГА ........ 194
АЙЛАНАЙЫН АК ХАЛАТ ........ 194
ТАГДЫРЫМА ЫРААЗЫ ........ 195
ЭГИЗ КЕСИП ........ 195
ВАЛЕНТИНА УЧКАНДА ........ 196
ЫРЧЫ ИНИМЕ ........ 197
КЫЗЫЛ ШЫРДАК ........ 198
АКЫНДАР ЫРДАЙТ СҮЙГӨНҮН ........ 199
СҮРӨТ СҮЙЛӨЙТ ........ 200
АМАНТУР АГАЙГА ........ 201
ТАЛАНТТАРГА УРМАТ ........ 202
АЛА КИЙИЗДЕГИ ОБОН ........ 203
БОЗ ТОРГОЙ ........ 203
КҮЛҮК КЕЛЕТ ........ 205
ШАКИРТИМЕ АК ЖОЛ ........ 205
ТАЛАНТ КҮЧҮ – АСЫЛ ТАШ ........ 206
ЧОҢ МАРА ........ 207
........ 209

*Көркөм-адабий басылма*

**Мамбетаипова Шакен**

**КӨЛ БОЮНА ЖҮЗ КЕЛЕМ**

*Тандалмалар*

Түзүүчүсү жана редактору *Жыргалбек Касаболотов*
Корректору *Акылай Юсупова*
Тех. редактору *Жумагүл Сооронкулова*
Сүрөтчүсү *Абдиласиз Азыкбаев*
Компьютердик калыптоочу *Табылды Жаныэаков*

Форматы 84х108 1/16. Көлөмү 13,5 б.т.
Заказ № 71. Нускасы 1000 даана.

Бишкек шаары,
«Бийиктик» басмасы,
Киев көчөсү, 77,
Тел.: 66-75-58, 66-76-52.